КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ



# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИН ӨНҮКТҮРҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫ ЖАНА СТРАТЕГИЯЛЫК ПРОГРАММАЛАРЫ

**ИННОВАЦИЯ,**
**ИНВЕСТИЦИЯ,**
**ИНТЕГРАЦИЯ,**
**МОДЕРНИЗАЦИЯ,**
**ИНТЕРНАЛИЗАЦИЯ,**
**КОРРУПЦИЯНЫ ДЕМОНТАЖДОО**

Ош – 2018

## Кыргыз Республикасынын Гимни

**Сөзү:** **Ж. Садыков жана Ш. Кулуевдики**
**Музыкасы:** **Н. Давлесов жана К. Молдобасановдуку**

Ак мөңгүлүү аска, зоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

***Кайырма:***

*Алгалай бер, кыргыз эл,*
*Азаттыктын жолунда.*
*Өркүндөй бер, өсө бер,*
*Өз тагдырың колуңда.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын
Ыйык сактап урпактарга берели.

***Кайырма:***

*Алгалай бер, кыргыз эл,*
*Азаттыктын жолунда.*
*Өркүндөй бер, өсө бер,*
*Өз тагдырың колуңда.*

# МАЗМУНУ

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИТВЕРСИТЕТИНИН МИССИЯСЫ** 6
**МИССИЯ ОШСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УНИВЕРСИТЕТА:** 6
**THE MISSION OF OSH STATE UNIVERSITY:** 6
**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИН 2013-2018-ЖЫЛГА ЧЕЙИН ӨНҮКТҮРҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫ** 7
**КИРИШҮҮ** **7**
1. УНИВЕРСИТЕТТИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НЕГИЗГИ МАКСАТТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ЖАНА ТАКТИКАЛЫК БАГЫТТАРЫ **10**
1.1. Ош МУну өнүктүрүүнүн максаттары жана милдеттери 10
1.2. Ош МУну өнүктүрүүнүн тактикалык жааттагы негизги багыттары 11
**2. УНИВЕРСИТЕТТИ БАШКАРУУ** **12**
2.1. Университетте башкарууну өнүктүрүүнүн негизги багыттары жана оптималдаштыруу чаралары 12
2.2. Университеттин ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн приоритеттик багыттары 13
**3. ОКУУ ИШТЕРИ** **14**
3.1. Окуу иштерин өркүндөтүүнүн стратегиялык максаттары 14
3.2. Окутуунун сапатын өркүндөтүү маселелери 16
3.3. Окуу процессинин мазмунун өзгөртүүгө карата жүргүзүлүүчү иш-чаралар 19
**4. ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ.** **20**
4.1. Илим изилдөө иштерин өнүктүрүүнүн стратегиялык максаттары жана милдеттери 20
4.2. Жогорку квалификациялуу илимий кадрларды даярдоонун багыттары 21
4.3. Илим изилдөөнүн жыйынтыктарын өндүрүшкө киийрүү аркылуу Ош шаарын, Ош областын жана Кыргызстанды өнүктүрүүгө салым кошуу 22
**5. СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ, ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР ЖАНА ДЕН-СООЛУКТУ ЧЫҢДОО** **23**
5.1. Социалдык өнүктүрүү, тарбиялык иштер жана ден-соолукту чыңдоонун максаттары, милдеттери жана багыттары. 23
5.2. Университтин студенттеринин жана кызматкерлеринин ден-соолугун чыңдоого карата иш-чаралар 24
5.3. Университетте профсоюздук жана профилактикалык иштерди жакшыртуу иш-чаралары 25
**6. КАДРЛАРДЫ ДАЯРДОО ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ӨНҮКТҮРҮҮ** **25**
6.1. Сапаттын менеджмент системасын кийирүүнүн максаттары жана милдеттери 25
6.2. Окутуунун сапатын жогорулатуунун негизги жолдору 27
6.3. Эл аралык аккредитациядан өтүүгө карата иш-чаралар 28
**7. ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ** **29**
7.1. Эл аралык байланыштын стратегиялык максаттары жана милдеттери 29
7.2. Чет элдик окуу жайлар, эл аралык уюмдар ж.б. менен болгон ишмердүүлүктү күчөтүү багыттары 29
**8. ӨНДҮРҮШТҮК-ЧАРБАЛЫК ИШТЕР** **30**
8.1. Университеттеги өндүрүштүк-чарбалык иштерди өнүктүрүүнүн негизги максаттары, милдеттери жана багыттары 30

8.2. Ош МУда өндүрүштүк-технологиялык паркты уюштуруу жана өнүктүрүү ............ 30
**9. ФИНАНСЫ–ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК ............................................ 31**
9.1.Финансы–экономикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн негизги маселелери жана багыттары ........................................................................................................ 31
9.2. Финансы–экономикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн башкы концептуалдык жоболору........................................................................................................ 31
9.3. Финансы–экономикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн негизги иш-чаралары ...... 32
**10. Ош МУда МААЛЫМАТТАШТЫРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ ........................................ 33**
10.1. Маалымдаштыруунун стратегиялык максаттары, багыттары жана негизги маселелери ........................................................................................................ 33
10.2.Университеттеги информациялык-аналитикалык камсыздоо иш-чараларын чыңдоо маселелери жана тармактары........................................................................ 35
**11. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮ. ДҮЙНӨЛҮК (ЭЛ АРАЛЫК) ТИЛДЕРДИ ҮЙРӨТҮҮ ........................................................................................ 35**
11.1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн максаттары жана милдеттери ..................... 35
11.2. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн негизги чаралары ........................................ 36
11.3. Эл аралык (дүйнөлүк) тилдерди окутууну өнүктүрүүнүн иш-чаралары............... 37
**12. ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙГА ЧЕЙИНКИ ЖАНА ОКУУ ЖАЙДАН КИЙИНКИ ДАЯРДОО, КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ ......................................................... 38**
12.1. Жогорку окуу жайга чейинки жана окуу жайдан кийинки даярдоонун (окутуунун) максаттары, милдеттери жана багыттары ................................................. 38
12.2. Университетте кошумча билим берүүнүн максаттары, негизги багыттары жана милдеттери.................................................................................................. 39
12.3.Университетте корпоративдик маданиятты калыптандыруу жана өнүктүрүү ......... 39
**13. ОШ МУНУ 2013-2018-ЖЫЛДАРЫ СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ: ИННОВАЦИЯ, ИНВЕСТИЦИЯ ЖАНА ИНТЕГРАЦИЯ** ............... **41**
13.1.Инновация багытындагы иштер: ...................................................... 41
13.2.Инвестиция багытындагы иштер:..................................................... 42
13.3.Интеграция багытындагы иштер: ..................................................... 42
13.4.Инновация багытындагы стратегиялык программа:.................................... 42
13.5.Инновациялык багыттагы стратегиялык программаны ишке ашыруу боюнча аткарылуучу иш-чаралардын матрицасы:..................................................... 43
13.6.Инвестиция багытындагы стратегиялык программа: .................................. 45
13.7.Инвестиция багытындагы стратегиялык программаны ишке ашыруу боюнча аткарылуучу иш-чаралардын матрицасы:..................................................... 46
13.8.Интеграция багытындагы стратегиялык программа:.................................... 48
13.9.Интеграция багытындагы стратегиялык программаны ишке ашыруу боюнча аткарылуучу иш-чаралардын матрицасы:..................................................... 48
**14. ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН 2014-2018-ЖЫЛДАРЫ МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО ПРОГРАММАСЫ** ........................................... 51
14.1. Окутуу процессин уюштуруу, аны нормативдик-укуктук жана методикалык документтер менен камсыздоо, материалдык-техникалык базаны чыңдоо ....................... 51
14.2. Бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу, иш берүүчүлөр менен байланышты күчөтүү ... 55
14.3. Модернизациялоо менен илимий-изилдөө иштеринин эффективдүүлүгүн жогорулатуу ........................................................................................ 55
14.4. Интеграция, билим берүү жана илимий-изилдөө иштери боюнча байланыштарды күчөтүү ............................................................................................ 57
14.5. ОшМУнун билим берүү багыттарын жана программаларын эл аралык

аккредитациядан өткөрүү ........ 57
14.6. Тарбиялык, коомдук-массалык жана маданий-эсалуу иштери ........ 58
14.7. Профориентациялык иштер ........ 59
14.8. ОшМУну информациялык-техникалык каражаттар менен камсыздоо ........ 59
14.9. Коомго кызмат кылуу ........ 61
**15.ОШМУНУ ЖАКЫНКЫ 5 ЖЫЛ АРАЛЫГЫНДА ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА РЕКТОРДУН РЕАЛДУУ ПРОГРАММАСЫ, 2015-ЖЫЛ** ........ 62
15.1.ОшМУ-ийгиликтүүлүктүн жолунда ........ 62
15.2.Өнүгүүгө өбөлгө жаратуучу негиздер: ........ 62
15.3.Ынтымактуу жамааттын ырыскысы түгөнбөйт ........ 63
15.4.Университеттин ишмердүүлүгүнө киргизилүүчү принциптер: ........ 63
15.5."Билим оошот, акыл жугушат", же өнүгүүнүн 10+10+10+10=САПАТ модели ........ 64
15.6.Ички академиялык мобилдүүлүктү чыңдаган "Ош декларациясын" реалдуу ишке ашыруу ........ 65
15.7.Университет үчүн эмгектенип жаткандарга дем-күч берүү. Мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу. ........ 66
15.8."Кампустук карта" коопсуздукту бекемдейт ........ 67
15.9.Стратегиялык багыттар: ........ 68
15.10.Аккредитация ........ 69
15.12.Илимий иштер багытында ........ 69
15.13.ОшМУда билим берүүнүн сапатын көтөрүү багытында ........ 69
15.14. Технологиялык өнүгүү багытында ........ 70
15.15.Спортту өнүктүрүү багытында ........ 71
**16.ОШМУНУН БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ИНТЕРНАЦИОНАЛДАШТЫРУУ ЖАНА АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮКТҮ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА 2022-ЖЫЛГА ЧЕЙИНКИ СТРАТЕГИЯСЫ** ........ 73
16.1.КИРИШҮҮ ........ 74
16.2.Ош мамлекеттик университеттинин интернационалдыштыруу жана академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары, максаттары жана милдеттери ........ 74
16.3. Интернационалдыштыруу жана Академиялык мобилдүүлүк Стратегиясынын максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу боюнча иш чаралар ........ 76
16.4.2022-жылга күтүлүүчү натыйжалар ........ 76
**17. ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНДЕ КОРРУПЦИЯНЫН АЛДЫН АЛУУ ЖАНА СИСТЕМДҮҮ КОРРУПЦИЯНЫ ДЕМОНТАЖДОО БОЮНЧА 2016-2017-ЖЫЛДАРЫ ЖАСАЛА ТУРГАН ЖУМУШТАРДЫН ДЕТАЛДУУ ПЛАНЫ** ........ 77
17.1. ОшМУнун факультет, коллеждеринде "Ректор жана студенттик акыйкатчы үчүн" кат байланыш кутучаларын уюштуруу ........ 79
17.2."Ректорго кат" ректор менен студенттердин, жамааттын электрондук байланышын түзүү үчүн атайын ректордун электрондук дарегин ачуу жана аны жамаатка жайылтуу ........ 79
17.3.Сессия мезгилдеринде "Ишеним телефондорун" уюштуруу жана аны студенттерге кабарлоо ........ 79
17.4.Сессия мезгилдеринде "Таза сессия үчүн!" аттуу коррупцияга каршы күрөшүү коомдук комиссиясын жана штаб түзүү ........ 79
17.5.Укук коргоо органдарынын студенттер жана профессордук-окутуучулук курам менен профилактикалык жолугушууларын өткөрүү ........ 80

**Ош мамлекеттик унитверситетинин Миссиясы**

- Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо; билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграцияланы; жаштарда адептик, маданий жана илимий баалуулуктарды калыптандыруу;
- Мамлекеттин экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын илимде, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүгүндө жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо;
- Борбордук Азиядагы эң мыкты 5 университеттин катарына кирүү.

**Миссия Ошского государственного университета:**

- Обеспечение гарантии качества в современном образовательном процессе, основанном на компетентностном подходе; интеграция в мировое образовательное, научное и культурное пространство; формирование у молодежи нравственных, культурных и научных ценностей общества;
- Подготовка высокопрофессиональных кадров, способных реализовать свой интеллектуальный потенциал в науке, производстве и профессиональной деятельности для обеспечения экономического, социального и политического развития страны;
- Вхождение в число пяти лучших университетов Центральной Азии.

**The Mission of Osh State University:**

- To provide the quality assurance based on competence approach in modern educational process: integration into the world-howling space of education, science and culture:  formation of moral, cultural and scientific values of young people.
- Training of highly qualified specialists, able to demonstrate their intellectual potential in science, business and professional active-ties to ensure economic, social and political development of the country.
- Be one of top five best universities in Central Asia.

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИН 2018-ЖЫЛГА ЧЕЙИН ӨНҮКТҮРҮҮ КОНЦЕПЦИЯСЫ

## *КИРИШҮҮ*

Дүйнөдө билим берүү тармагындагы жетишкендиктердин, өзгөрүүлөрдүн, маалыматтардын, алга жылуулардын темпинин тездиги жана масштабдуулугу, ошондой эле жогорку билим берүү системасынын коомдогу ролунун уламдан улам чоңойуусу жана анын андан ары тез темпте өсүп өнүгүп жатышы Кыргыз Республикасында билим берүү тармагын реформалоого, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялануусуна түрткү болууда. Азыркы өткөөл мезгилде Кыргызстандын социалдык-экономикалык өнүгүүсү бир гана материалдык-техникалык ресурстарды, өндүрүштү андан ары өнүктүрүүнү талап кылбастан, интеллектуалдык ресурстарды өнүктүрүүнү, адамдык капиталга инвестициялоону талап кылууда. Мындан, экономиканын бардык тармактарын өнүктүрүүнүн негизги шарттарынын бири болуп билим берүү тармагына инвестициялоо, адам капиталынын сапатын көтөрүү, өлкөнүн инновациялык экономикалык өнүгүү жолуна түшүүсү (мисалы, Кыргызстанда жогорку технологиялар паркын түзүү ж.б.) саналат.

Мындай көз караш менен караганда билим берүү системасынын, айрыкча жогорку билим берүү системасын өлкөнүн экономикасына тийгизген таасири боюнча төмөнкүдөй негизги милдеттерди аткаруусу зарыл:

1. Улуттун маданиятын, тарыхын жана билим берүү деңгээлинин потенциалын сактап калуу жана андан ары өркүндөтүү;
2. Республиканын алкагында жашаган жарандардын, айрыкча жаштардын жалпы билим деңгээлин жана маданиятын көтөрүү;
3. Өлкөнүн илимий-техникалык жана технологиялык өнүгүүсүнүн инновациялык негиздерин шарттоо.

Демек, билим берүү системасында, биринчиден, билим жана тажрыйбанын жыйындоосун кайрадан өркүндөтүү жана ишке ашыруу талап кылынса, экинчиден, ар бир жарандын, деги эле коомдун келечектеги облигин, өлкөнүн эртеңки өнүгүү мүмкүнчүлүк коридорун аныктоо маселеси турат. Бул процесс жогорку деңгээлдеги квалификациялуу кадрларды ЖОЖдордо даярдоо жана аларды жумуш менен адистиги боюнча камсыздоо, жаңы илимий технологияларды жаратуу, аларды өндүрүшкө кийирүү, инновациялык экономиканы шарттоо аркылуу ишке ашырылат.

«Ош мамлекеттик университетин 2018-жылга чейин өнүктүрүү концепциясы» Кыргыз Республикасынын Конституциясынын принциптерине жана идеяларына, «Билим берүү» мыйзамына, «Кыргыз Республикасында Билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү концепциясына», «Кыргыз Республикасында 2012-2020-жылдарда Билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялары» жана Ош мамлекеттик университетинин Уставына негизделип иштелип чыкты.

Ош мамлекеттик университетин 2014-2018-жылдары өнүктүрүү төмөнкү стратегиялык (приоритеттик) багыттар боюнча жүргүзүлөт:

- ЖОЖдордун илим, билим, маданият жана жаштардын руханий өнүгүүсүнүн алдыңкы борбору катары калыптануусуна жана тез темпте өнүгүүсүнө шарттарды түзүү;
- Окуу жайдын инфраструктуралык өзгөрүүлөрүн, б.а. университетте башкаруу, финансы, маркетинг жана кадр маселелерин реформалоо боюнча системаларды иштеп чыгуу жана тез арада жүзөгө ашыруу;
- Билимдин сапатын көтөрүүнүн кардиналдык чараларын (мисалы, сапаттын менеджмент системасын) иштеп чыгуу, бул максатта көп баскычтуу окутуу системасын кийирүү, окутуунун интерактивдүү технологияларын кеңири колдонуу;
- Мезгилдин талабына жооп берген окуу-лабораториялык базаны (классикалык, интерактивдүү, виртуалдык, вебинардык ж.б.) түзүү, китеп, мезгилдик басылмалар (электрондук) менен камсыздоону жакшыртуу, ж.б.;
- Окуу жайдагы структураларды информациялык, коммуникациялык камсыздоо жаатынын деңгээлин көтөрүү жана андан ары кеңейтүү. Информациялык жана электрондук ресурстарга өтүү жана аларды андан ары өнүктүрүү. Окуу-консалтинг борборун түзүү;
- ЖОЖдордун дүйнөлүк жана регионалдык алдыңкы окуу жайларга ар тараптуу кошулуусун камсыздоо үчүн андагы илим, жаңы билимдин технологияларын фундаменталдуулук, гуманитардуулук, эл аралык стандартташтыруулук жана практикалуулук багыттары менен бекемдөөсүн камсыздоо;
- Илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүү, илимий сунуштарды жана технологияларды өндүрүшкө кийирүү жана эл аралык илимий чөйрөлөр менен байланышты күчөтүү;
- ЖОЖдун составына кирген мектеп, орто окуу жайлары жана колледждеринин ортосунда макулдашылган жана окууну үзгүлтүксүз улантууну шарттаган түрдүү баскычтагы окуу пландарын жана программаларын кредиттик технологиянын алкагында түзүү;
- ЖОЖдордун өзүн-өзү жана сырткы баалоосун, ошондой эле коомдук-профессионалдык институциалдык аккредитациялык процедурадан өтүүсүн калыптандыруу;
- Кадр саясатын активдештирүү, айкындаштыруу жана алардын билим деңгээлин, квалификациясын магистратура, аспирантура, докторантура жана окуу жайдын астында атайын кеңештерди түзүү жана анда диссертациялык иштерди корготуу аркылуу жогорулатуу;
- ЖОЖдун финансы тармагында реорганизация кылуу жана экономикалык саясатын учурдун талабына жооп бере тургандай деңгээлде жүргүзүү, аны жалпы массага жеткиликтүү (фандрайзинг) кылуу, ачык айкын болууну шарттаган механизмдерди иштеп чыгуу (мисалы, бюджеттик угуу, ж.б.);
- ЖОЖдун жалпы жамааты окуу жайды башкарууга катыша алууга мүмкүнчүлүк берүүчү менеджменттин башкы принциптерин ишке кийирүү;

- Студенттерди, кызматкерлерди, окутуучуларды социалдык жактан коргоо системасын иштеп чыгуу жана университетин клиникасын түзүү жолу менен сапаттуу медициналык камсыздоого жетишүү, спорт, ден-соолукту чыңдоо борборлорун түзүү, б.а. бардык социалдык багыттагы маселелер боюнча адрестүүлүк принцибин ишке ашыруу;
- Жогорку билимдүү адистерди даярдоонун тактaлган социалдык буйрутмасын калыптандыруу, б.а. үй-шарты начар, финансалык мүмкүнчүлүгү жетишээрлик болбогон студенттерге жогорку билим алуусу үчүн ЖОЖдун деңгээлинде алардын окуусун кредиттөө (адрестүү грант) системасынын жоболорун иштеп чыгуу: стипендияларды ыйгаруунун системасын иштөө, окууга кредиттерди (грант) алуунун жолдорун түзүү ж.б.;
- Эмгек рыногунун талабына жана Республиканын стратегиялык өнүгүүсүн эске алуу менен кадрларды даярдоодо керектүү адистердин салыштырмалуу салмагын көбөйтүү, жаңы учур талап кылган адистерди ачуу;
- Мамлекеттик тилди өнүктүрүү;
- Кыргыз Республикасынын, Ош шаарынын, Ош областынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө түздөн–түз салым кошуу;
- Дүйнөлүк билим берүү системасына толук кандуу интеграциялануу аркылуу окуу жайды башкаруунун жаңы структурасын диверсификациялоо жолу менен түзүү;
- Адамдык капиталга (билим берүүгө, илимге, маданиятка ж.б.) инвестиция жасоонун ыңгайлуулук жана кызыкдардык принцибин иштеп чыгуу;
- Таланттуу студентерди, окутуучу жана кызматкерлерди колдоочу фонддорду түзүү, үй–жайга муктаж болгон кызматкерлер менен окутуучуларды “Ипотека” жана башка жолдору менен үйлөрдү куруп камсыздоо багытындагы иштерди күчөтүү, үй-курулуш жаатындагы университеттик фондду түзүү.

Бул программаларды аткаруу менен Ош МУда окуу-усулдук, илимий-изилдөө жана коомдук-массалык иштерди пландоо, уюштуруу жана текшерүү маселелери системалык негизге өтөт жана жогорку сапаттуу кадрларды даярдоо, изилдөө иштеринин натыйжаларын өндүрүштө жүзөгө ашыруу менен Ош МУнун ишмердүүлүгүндө жогорку жетишкендиктерге жетишүүгө өбөлгө түзүлөт.

**Ош МУнун бул 5 жылдыктагы эң негизги принциби болуп:**

1. “Окууга төлөй алгандарды эмес, окууну каалагандарды жана окуй ала турган жаштарды окутуу”;
2. “Иштөөнү каалагандарды эмес иштей ала турган, адамдык жана мугалимдик сапаты бийик, жогорку квалификациялуу адистерди ишке алуу” болуп саналат.

**Ал үчүн университет:**

- окуудагы жана илимдеги жогорку жетишкендиктерге ээ болгон студенттерге, аспиранттарга, профессордук-окутуучулук курамга адрестик жардамдын эффективдүү системасын (фандрайзинг - бир финансылык булактан болгон көз карандылыкты азайтуу, негизги фондду чоңойтуу, капиталга

инвестициялоо ж.б.) иштеп чыгат;

- алдыңкы студенттерге, аспиранттарга, келечектүү жаш окутуучуларга чет мамлекеттик стажировкага (чет элдик окуу жайлар менен байланышты күчөтүү, келишимдерди түзүү, алмашуу программаларына кирүү ж.б. жолдору менен) барууга, окууга керек болгон чыгымдарды (бюджеттик эмес финансалык булактарды табуу жолу менен) жабууга ар түрдүү варианттарды (кредиттерди) же гранттарды сунуштайт;
- окуу жайда окуусунан жетишкен алдыңкы студент, аспиранттар үчүн окуу менен жумушту айкалыштырууга (клиникаларды, парктарды, инновациялык борборлорду ж.б. уюштуруу аркылуу) шарт түзөт;
- Билим берүүнү, турак жай менен камсыздоону кредиттөөнүн (студенттик банк, парктар жана борборлорду түзүү ж.б.) системасын кийирет, ж.б.

## *1. УНИВЕРСИТЕТТИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НЕГИЗГИ МАКСАТ-ТАРЫ, МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ЖАНА ТАКТИКАЛЫК БАГЫТТАРЫ*

### 1.1. Ош МУну өнүктүрүүнүн максаттары жана милдеттери

Ош МУну өнүктүрүүнүн **негизги максаты** болуп ушул күнгө чейинки окуу жайдын имиджин, жаштарга билим берүүдөгү өзгөчөлүгүн, сапатын, таалим–тарбия берүүнүн чордонун сактап калуу, өнүктүрүү жана азыркы учурдагы дүйнөдөгү эң алдыңкы университеттердин ассоциацияларынын толук кандуу мүчөлүгүнө жетишүү, Борбордук Азия чөлкөмүндө билимдин, илимдин жана маданияттын жалпы таанылган борборуна айлануу, дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүү, коомго кызмат кылуу саналат.

Бул башкы максатка жетүүдөгү негизги милдеттер болуп:

1. Факультеттерди, колледждерди жана кафедраларды эл аралык стандарттардын деңгээлиндеги, конкуренцияга туруштук берүүчү, рынок экономикасынын принциптерин терең өздөштүргөн, жогорку квалификациядагы адистерди даярдоого ылайык келген, заманбап шарттарга жооп берген даражаларга жеткирүү;
2. Эл аралык стандарт аныктагандай, рыноктун адистерге болгон суроо-талабына ылайык, илимий-техникалык прогресстин талаптарынын негизинде окуу, илимий жана тарбиялык ишмердүүлүктү уюштурууну камсыз кылуу;
3. Укуктук мамлекеттин жана рыноктук мамилелердин түзүлүү шартында болуп жаткан өзгөрүүлөр боюнча студенттердин, окууга болгон кызыгуусун, маалыматтарды иликтөө жана анализдөө жөндөмдүүлүктөрүн ойготуу, өз алдынча иштөөгө аларды үйрөтүү;
4. Университеттин кафедраларынын профессордук-окутуучулук курамынын жана студенттердин жеке өз милдеттерин аткаруудагы жоопкерчиликтерин жогорулатуу;

5. Окуу процессинде азыркы күндөгү алдыңкы ыкмадагы окутуунун заманбап технологияларын колдонуу жана аларды жайылтууга шарттарды түзүү;

6. Окуу процессинде керектелүүчү материалдык-техникалык базаны күчөтүп жана аны мезгилдин талабынаа жооп берүү деңгээлине жеткирүү;

7. Студенттерге окуудагы чыгармачылык активдүүлүк жана үзгүлтүксүз өз алдынча билимге болгон керектөөсүн жаратуу сапаттарына умтултуу ж.б. саналат.

## 1.2. Ош МУну өнүктүрүүнүн тактикалык жааттагы негизги багыттары

Ош МУну өнүктүрүүнүн стратегиялык (приоритеттик) багыттар киришүү бөлүмүндө келтирилди. Ошондуктан бул бөлүмдө өнүгүүнүн тактикалык багыттары катары төмөнкүлөр белгиленет:

1. Өнүгүү концепциясынын бардык багыттарында «Кафедра - Факультет - Окуу информациялык департаменти – Ректорат» тиешелештигинин ордун баса белгилеп туруууга жетишүү;

2. «Абитуриент – Студент - Адис» үч бурчтугун «негиз» деп түзүлгөн пландуу өнүгүүгө умтулуу, б.а. орто мектептер менен Ош МУнун бүтүрүүчүлөрүнүн ортосудагы байланышты күчөтүү;

3. «Професордук-окутуучулук курам – Илим изилдөө – Изилдөөнүн эл чарбасында пайдаланылышы» триада багытында иш-чараларды уюштуруу жана аны турмушка ашыруу;

4. Окуу планына ылайык дисциплиналар аралык көзөмөлдөө жүргүзүү менен жогорку квалификациялуу адистердин талапка жооп бере турган билим берүү деңгээлин сактоо жана сапаттуу билим берүүгө жетишүү;

5. Адистерди даярдоонун бардык формаларын координациялоо (аудиториялык, өз алдынча иштер, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикалар);

6. Кафедраларга бекилген окуу дисциплиналары боюнча окутуунун жаны технологияларын пайдалануу менен окуу усулдук иштерди уюштуруу жана өткөрүү;

7. Кафедралар багыты боюнча илимий иштерди аткаруу, алардын жыйынтыктарын жарыкка чыгаруу (монография, макала, методикалык колдонмо) жана өндүрүшкө кийирүү;

8. Аспирантура, докторантура аркылуу жогорку квалификациядагы илимий кадрларды даярдоо, университетте сапаттуу профессордук-окутуучулук курамды түзүү, кайра даярдоо курстарын уюштуруу менен алардын квалификациясын жогорулатуу, окутуучулардын окутуу сапатын көзөмөлдөө системасын иштеп чыгуу;

9. Кафедраларга жогорку билими тууралуу адистиги туура келген адистерди кафедранын деңгээлинде жана факультеттин окуу усулдук комиссиясынын катышуусу менен аттестация жүргүзүү аркылуу гана аштапкы мезгилде контрактык негизде жумушка алуу;

10. Окутуунун дистанттык системасын кийирүү, окутуунун вебинардык методун кийирүү жана дистанттык тестирлөөнү ишке ашыруу;

11. Таланттуу, жөндөмдүү, шыктуу студенттерди, профессордук-окутуучу жана кызматкерлерди колдоочу ар түрдүү багыттагы фонддорду түзүү;

12. Бүтүрүүчүлөр менен байланыштарды бекемдөө, алардын ассоциациясын түзүү ж.б.

## *2. УНИВЕРСИТЕТТИ БАШКАРУУ*

Ош мамлекеттик университетинде башкаруу системасы менеджменттин демократиялуулук, оптималдуулук, эффективдүүлүк жана ачыктык принциптерине негизделиши керек. Бул принциптерге жетишүү үчүн университеттин Байкоочу Кеңеши, Окумуштуулар Кеңеши, Окуу–методикалык кеңеши, Илимий-техникалык кеңеши ж.б. дын аткаруучу функциялары такталып, алардын иш-пландары бирин-бири толуктай турган таризде түзүлүүсү зарыл. Ал эми университеттин эң жогорку органы болгон Окумуштуулар Кеңешинде кабыл алынган чечимдердин аткарылышы ректорат тарабынан жүргүзүлүп, Байкоочу кеңеш тарабынан көзөмөлдөнөт. Алардын жыйынтыгы зарыл учурда университеттин Окумуштуулар Кеңешинде кайрадан каралат, талкууланат жана чечим кабыл алынат.

Окумуштуулар Кеңешине жардамчы органдар болуп окуу-усулдук, илимий-техникалык кеңештер жана финансы–экономикалык, факультеттердин методикалык комиссиялары, кадрлар боюнча, студенттер боюнча комиссиялар ж.б. саналат. Алар өз багыттары боюнча зарыл болгон жоболорду, көрсөтмөлөрдү, инструктивдик документтерди ж.б. керектүү материалдарды, ошондой эле окуу жайдагы структураларды текшерип, таанышып чыккандан кийин справкаларды даярдап, Окумуштуулар Кеңешине алып чыгып, керектүү чечимдерди кабыл алып, аны аткаруу үчүн ректоратка, структуранын жетекчилерине, институттун директорлоруна, декандарга жана кафедра башчыларына жиберип турат жана анын аткарылышын көзөмөлдөйт.

Ош МУнун базасында келечекте юридикалык статуска ээ болгон өзүнүн финансылык балансы жана оперативдүү башкаруу укугуна ээ болгон институттардын түзүлүшү туура болот.

Мындай структуралардын түзүлүшү алардын түздөн-түз башка окуу жайлар, өндүрүштүк уюмдар жана компаниялар, эл аралык фонддор, банктар ж.б. менен иш алып барууга мүмкүнчүлүк берет. Мындан, алардын өнүгүүсүнө жана кошумча каражаттарды табуусуна кеңири жол ачылат. Ошондой эле кадрларды туура пайдалануу жолу менен окутуунун сапатын көтөрүүгө, материалдык-техникалык базаны эффективдүү пайдаланууга, чоң-чоң илимий программаларда чогуу иштөөгө мүмкүнчүлүк ачылат.

### 2.1. Университетте башкарууну өнүктүрүүнүн негизги багыттары жана оптималдаштыруу чаралары

Ош МУда башкаруунун негизги максаты болуп анын ишмердүүлүгүн оптималдаштыруу жана эффективдүүлүгүн көтөрүү саналат. Бул максатта университеттеги башкаруу системасын жакшыртуу үчүн:

1. Университеттин проректорлорунун, департаментеринин жана бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин кызматтык укуктары кеңейтилет жана өзү тейлеген участокко болгон жоопкерчиликтери күчөтүлөт;

2. **С**труктуралык бөлүмдөрдүн, факультеттердин окуу-тарбиялык иштердеги жана финансылык маселелерде укуктары кеңейтилет жана кадрларды тандоодо ачык айкындуулукка жетүүгө, ар бир структуранын өзүндө чечилүүгө басым жасалат;

3.Башкаруучу адистердин жогорку маданияттуулугуна, жогорку окуу жайдын этикалык нормаларына жооп берген деңгээлге жетишүү багытында иш жүргүзүлөт;

4. Кадрлар бөлүмүнүн, бухгалтериянын, университеттин жана башка бөлүмдөрүнүн иштөө методдорун жана стилин кайрадан каралып, алардагы орун алган бюрократтыкты, ашыкча кагаз иштерини, бирин бири кайталоочулукту минимумга түшүрүү (электрондоштуруу аркылуу) жаатында иш жүргүзүлөт;

5. Окуу жайда структуралар тарабынан берилүүчү эң негизги отчеттордун формалары, университетке зарыл болгон маалыматтардын тизмеси тактaлып аларды берүү мөөнөттөрү белгиленет жана аларды алуу автоматташтырылат («AVN» системасын толук ишке кийирүү аркылуу);

6. Университетте башкаруунун коомдук Байкоочу кеңеши түзүлөт жана финансылык планынын аткарылышын көзөмөлдөөнү коомдук Байкоочу кенеш колго алуусунун негиздери түзүлөт;

7. «Төмөндөн жогору карай» принцибинин негизинде иш алып баруу үчүн ар бир бөлүмдүн жетекчилеринин түздөн-түз, электрондук (CommFort программасы) ж.б. жолдор менен ректоратка болгон байланышы күчөтүлөт жана ректораттын жалпы жамаат менен болгон байланышы (обратная связь) да жолго коюлат.

## 2.2. Университеттин ишмердүүлүгүн өркүндөтүүнүн приоритеттик багыттары

- Университеттин башкаруу аппаратына, факультеттердин декандык кызмат ордуна, кафедралардын жетекчилигине ишке жөндөмдүү, интеллектуалдык потенциалы жогору, окуу жай үчүн күйүп жанган, патриот адистин келишин камсыз кылуу жаатында такай иш ачык-айкындык принцибинин негизинде алып барылат;
- Бизнес–структуралар тарабынан университетке инвестиция жасоосу үчүн финансылык башкаруунун ачык жана эффективдүү системасы орнотулат жана жыл сайын профессор-окутуучулук жалпы жамаатка, окуу жайдын Байкоочу кеңешине эсеп-кысап берилет;
- Биргелешкен атайын фонддорду (түз инвестиция, венчурдук ж.б.) түзүү жаатында, кошумча каражаттарды табуу булактары багытында иш алып барылат;
- Ош МУда башкаруу органдары, Байкоочу кеңеш, Илимий-техникалык кеңеш, эксперттик структуралар, ж.б. түзүлөт. Байкоочу кеңеш Ош МУнун стратегиялык өнүгүү багытын аныктайт жана анын аткарылуусун көзөмөлдөйт;

- Университетте башкаруунун автоматтык (электрондук) системасы кийирилет, башкаруунун матрицалык (өнүгүү кластерлери) жана проектик (пландуулук) моделдери ишке ашырылат.
- Студенттерди, магистранттарды жана аспиранттарды бизнес сферасына жакындатуу үчүн Ош МУнун астында бизнес, инновациялык борборлору уюштурулат;
- Ош МУда эң алдыңкы илимий–технологиялык, медициналык ж.б. багыттардагы парктар түзүлөт;
- Университеттин окуу-материалдык базасы мезгилдин талабына ылайык модернизацияланат, жабдылат жана өнүктүрүлөт;
- Билим берүүнүн инновациялык ыкмаларын окуу процессине кийирүүгө жана пайдаланууга толук колдоо көрсөтүлөт;
- Билимди баалоонун жаңы ыкмаларын кийирүү жана пайдаланууга шарт түзүлөт;
- Ош МУнун Окумуштуулар Кеңешин факультеттерде өткөрүү практикаланат;
- Окуу–информациялык департаментиндеги инспекторлордун функционалдык милдеттери өзгөртүлүп, алардын функциялары деканаттарга берилет. Ар бир структура өз милдетин аткаруусу керек ж.б.

## *3. ОКУУ ИШТЕРИ*

### 3.1. Окуу иштерин өркүндөтүүнүн стратегиялык максаттары

Окуу иштери уюштуруу жана өркүндөтүү университеттин миссиясынын эң башкы жумушу болуп эсептелет. Ошондуктан Ош МУ окутуу процессин жогорку деңгээлге көтөрүү үчүн төмөнкү стратегиялык максаттарды чечүүнү алдына коёт:

- Жогорку кесиптик билим берүүнүн мазмунун, окутуунун деңгээлин жана сапатын билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын, жогорку жана орто билим берүүнүн укуктук-нормативдик актыларынын жана КРнын билим берүү мыйзамдарынын негизинде уюштуруу;
- Жогорку кесиптик билим берүүнүн көп баскычтуу “Бакалавр – Магистр – PhD” системасына өтүүнү камсыз кылуу;
- Студенттердин ийкемдүү жана вариативдик индивидуалдуу билим алуу траекториясын курууну камсыз кылуу, компетенттүүлүк ыкманын негизинде бүтүрүүчүлөрдү кесипке даярдоо;
- Европалык кредиттик окутуу системасын киргизүү жолу менен студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүү жана Ош МУнун бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдорунун чет өлкөлөрдө таанылышын камсыз кылуу;
- Бүтүрүүчүлөргө теориялык билимдерди практикада колдоно алышы үчүн, өндүрүштүк жана коомдук талаптарга ылайык жогорку деңгээлде билим-тарбия берүүнү ишке ашыруу үчүн “Окутабыз – Көрсөтөбүз – Жасайбыз” ыкмасын жүзөгө ашырууну;

- Үзгүлтүксүз билим алуу шартында студенттердин өз алдынча билим алуу жөндөмдүүлүктөрүн, ой-жүгүртүүлөрүн, өзүн-өзү өркүндөтүүгө болгон муктаждыктарын калыптандырууга жетишүүнү;
- Жаратылыш, коом, техника, маданият ж.б. лар жөнүндө тийиштүү деңгээлде системалуу билим алууну камсыздоону;
- Студенттердин кызыкчылыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн, ой-жүгүртүүлөрүн, көңүл коюуларын, элестетүүлөрүн, эске сактоолорун, сезим-туюуларын, таанып-билүүчүлүк жана практикалык билгичтиктерин калыптандырууну жана өнүктүрүүнү;
- Илимий, саясий, экономикалык жана укуктук баалуулуктарды туура маанайда берүүнү жана калыптандырууну;
- Студенттерди демократиялык процесстердин баалуулуктарын туура түшүнүүгө жана ага активдүү катышууга тарбиялоону ж.б.

**Бул стратегиялык максаттарга жетишүү үчүн:**

1. Жогорку кесиптик билим берүүнүн адистиктеринин окуу пландарын 3-муундагы мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде кайрадан иштеп чыгуу, жумушчу окуу пландарды түзүү, типтүү жана жумушчу программаларды жаңылоо зарыл.

2. Билим берүүнүн инновациялык ыкмаларын жана салттуу ыкмаларын айкалыштырууга эвристикалык мамиле жасоого жана пайдаланууга жетишүү.

2. Билим берүүдө жаңы усулдарды колдонуп, сапаттуу сабак өткөн окутуучуларга материалдык жана моралдык стимулдарды жана алардын эмгегин университетибиз үчүн кошкон салымына жараша баалоого шарт түзүү.

3. Студенттердин билим алууга болгон кызыгууларын мекенге, окуу жайга ж.б. болгон патриоттук сезимин ойготуу жолу менен ашыруу жана жыйынтыгында алардын окууга болгон салкын мамилесин жоюу.

4. Кафедралардын окуу иштерин өнүктүрүүдө окутулуучу дисциплиналардын практикалык маанилүүлүгүн көзөмөлдөөнү күчөтүү.

5. Дисциплиналар боюнча мамлекеттик тилдеги окуу-усулдук колдонмолорду, окуу китептерин даярдоонун сапатын жана санын профессордук-окутуучулук курамга материалдык кызыктыруу шарттарын түзүү аркылуу жогорулатуу.

6. Адистиктердин негизги предметтерин окутууну, алардын окуу-лабораториялык базасын, окуу-методикалык камсыздалышын эл аралык деңгээлдеги талаптарга жооп бере тургандай даражага багытталган финансылык ресурстарды бөлүү жолу менен жеткирүү.

7. Окуу–жайдын жалпы материалдык–техникалык базасын ар түрдүү финансылык булактарды пайдалануу аркылуу (бюджеттик, бюджеттик эмес, бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы, ж.б.) күчөтүү жана окуу процессин сапаттуу кадрлар менен (профессордук-окутуучулук курамды ишке кабыл алуунун, аларды аттестациялоонун системасын иштеп чыгуу жолу менен) камсыздоого жетишүү. Республиканын аймагындагы, чет мамлекеттеги адистиктер боюнча чыгаан профессорлоду (келишим аркылуу) мезгил-мезгили менен окуу процессине тартууга жетишүү.

8. Өндүрүш менен байланышты окуу (келишимдерди түзүү, чогуу илимий-практикалык иштерди жүргүзүү, ж.б. жолдор менен), илимий–технологиялык (илимий борборлорду түзүү, жаңы жабдыктар менен жабдуу аркылуу) жана социалдык багытта күчөтүү.

9. Максаттуу кабыл алуунун алкагында тапшырган студенттер менен үч тараптуу келишим (Студент – ЖОЖ – Абитуриентти окууга жөнөткөн мекеме түзүүгө жетишүү) жана бүтүрүүчүнү тиешелүү районго барып ишке жайгашышын көзөмөлдөө.

### 3.2. Окутуунун сапатын өркүндөтүү маселелери

Билим, илим тармагындагы дүйнөлүк өзгөрүүлөр, ага болгон талаптар окутуунун сапатын көтөрүүнү, бирдиктүү системага түшүрүүнү жана аны башкарууну шарттап жатат. Ага жетишүү үчүн төмөнкү багыттагы жумуштарды аткаруу зарыл:

- окуу процессине дүйнөлүк билим берүү системасындагы (Болон) талаптарга ылайыкташтырылган мамлекеттик стандарттардын, типтүү программалардын жаңы үлгүлөрүн иштеп чыгуу жана анын талабына жооп берүүчү окутуучулук кадрларды кыска мөөнөттүү стажировкалар, магистратура, аспирантура жана докторантурага жиберүү аркылуу даярдоо. Бул үчүн мамлекеттик стандарттарды кайрадан анализдеп жергиликтүү шарттарга жана өлкөнүн 10-20-жылга карата өнүгүү стратегиясына ылайыкташтыруу;
- материалдык–техникалык, окуу-лабораториялык базаларды учурдун талабына ылайык модернизациялоо (виртуалдык лабораторияларды, вебинардык семинарларды ж.б.), билим берүүнүн жаңы инновациялык технологияларын кийирүү, дистанттык окутуу системасын күчөтүү, телекоммуникациялык жана информациялык системаларды калыптандыруу;
- окутуунун сапатын жогорулатууга көмөктөшүүчү дүйнөлүк практикадан, апробациядан өткөн кредит технологиясын окуу процессине кийирүү;
- жогорку квалификациялуу кадрларды окуу процессине тартуу, иштеп жатышкан окутуучулук курамды кайра даярдоо максатында жакынкы жана алыскы мамлекеттерден күчтүү адистерди кыска мөөнөткө келишимдин негизинде чакырууну турмушка ашыруу;
- окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамын 5 жылда бир жакынкы жана алыскы мамлекеттердеги квалификациясын жогорулатуу институттарынан, факультеттеринен же илим-изилдөө институттарынан (борборлордон) өткөрүү, ал эми 10 жыл бою үзгүлтүксүз иштеген чыгармачыл окутуучуларга иштеген кафедраларынын, факультеттеринин сунушунун негизинде 6 айдан бир жылга чейинки чыгармачылык эргүүгө чыгууга мүмкүнчүлүк түзүү;
- окуу жайдын окутуучуларынын жана студенттеринин компотенттүүлүгүн стажировкаларга, практикаларга ж.б. жиберүү аркылуу арттыруу;

- эртеңки мезгил талап кылуучу кесиптик багыттар боюнча окуу илимий-өндүрүштүк комплекстерди, борборлорду, технологиялык, инновациялык жана медициналык парктарды, бизнес структураларды, структуралык өнүгүүнүн кластерлерин түзүү;
- окуу процессине жаңы методдорду жана инновациялык технологияларды, айрыкча информациялык-коммуникациялык жана дистанттык технологияларды ага талп кылынган шарттарды түзүү аркылуу кийирүү;
- Ош МУга алдыңкы абитуриенттерди тандап алуу үчүн жыл бою маркетинг борборун иштөөнү камсыздоо (мектептер менен үзгүлтүксүз иштешүү, окуучулар арасында предметтик олимпиадаларды, техникалык, информатикалык, дизайндык ж.б багыттагы конкурстарды такай уюштуруу, мугалимдер арасында окуу-методикалык конференцияларды өткөрүү, ж.б.). Университетке кабыл алуу иш чараларын айкындаштыруу жана билимдүү, өзү тандаган кесипке кызыккан, тарбиялык сапатары жогору абитуриенттерди тандап алууга жетишүү;
- Студенттердин билим деңгээлин көзөмөлдөөнүн жаңы жана ишенимдүү системасы болгон «AVN» информациялык системасын толук ишке киргизүүгө жетишүү;
- Борбордук китепканадагы негизги окуу китептерин, монографияларды, диссертацияларды, авторефераттарды, кээ бир илимий, илимий-популярдык макалаларды электрондук формага өткөрүү жана толугу менен электрондук байланышка негизделген автоматташтырылган китепкана түзүү, б.а. окутуунун электрондук автоматташтырылган информациялык жана телекоммуникациялык каражаттарын колдонууну кеңейтүү.
- Кафедраларда окутуунун сапатын жогорулатуу максатында профессордук-окутуучулар курамын мезгил-мезгили менен аттестациядан өткөрүү, квалификациясын жогорулатууга шарт түзүү. Окуу процесси башталгандан бир жарым айдан кийин ар бир окутуучу боюнча лекциялык, практикалык сабактардын дээгээли тууралуу ачык-айкын сурамжылоо жүргүзүү, анын негизинде тиешелүү чечимдерди кабыл алуу;
- Илимий даражасы бар тажрыйбалуу окутуучулардын ачык сабактарына жаш окутуучулардын катышуусуна шарт түзүү жана окуу жайда “Устат - Шакирт” ыкмасын жайылтуу;
- Окутуу процессин уюштуруунун жана билимди баалоонун алдыңкы технологияларынын бири болгон «Рейтингдик интенсивдүү модулдук окутуу технологиясын» колдонууну жаңы деңгээлге көтөрүү.
- «Мыкты лектор», «Мыкты окутуучу» ж.б. конкурстарда бир окутуучуну гана даярдап жыйынтыгын чыгарбастан, конкурска катышкан башка лекторлордун да лекциясынын сапатын, студенттердин жалпы жыйынында жүргүзүлгөн анкетанын негизинде чыгаруу зарыл. Мындай иш-чара сөзсүз түрдө ар бир окутуучунун өзүнүн лекциясынын сапатына көңүл буруусуна түрткү болот.

- Окутуучулар учун жогорку айлык маянаны финансылык булактардын түрдүү булактарынан тартуу аркылуу жетишүү, ошондой эле аларга ыңгайлуу жумуш орунду жана жагымдуу шарттарды түзүүнү ишке ашыруу.

Окуу процессинин сапатын жогорулатууга жогоруда аталгандардан тышкары эң негизгиси материалдык-техникалык базаны чыңдоо эсептелет. Окутуучулардын сабак окутуусу жана студенттердин билим алуусу эриш-аркак маселе. Бул эки процесс бири-бирисиз жашабайт. Экөөнү тең ишке жакшы деңгээлде ишке ашырууга эң негизинен керектүү окуу куралдары, ар түрдүү окуу-методикалык жабдуулар, окуу процессине зарыл болгон ыңгайлуу шарттар талап кылынат.

Аларды өнүктүрүүнүн төмөнкүдөй приоритеттүү багыттары сунушталат:

1. Окуу аудиториялары, лекциялык залдар, лабораториялар, кабинеттер, окуу залдары түп тамырынан бери ар бир дисциплинаны жеткиликтүү үйрөтүүгө заманбап окуу эмеректери менен жабдылышы зарыл;

2.Лабораториялык-практикалык сабактар көрсөтмө куралдар, дидактикалык каражаттар ж.б. менен жабдылышы керек;

3. Ар бир кафедраданын карамагында мультимедиалык класстар болуп, жаңы жабдуулар, окуу каражаттары (дисктер, кинофильмдер) менен толукталып туруусу максатка ылайыктуу;

4.Окуу процесси практика менен тыгыз байланышта жүргүзүлүүгө тийиш. Ал үчүн өндүрүштүк, педагогикалык, талаа практикаларын университеттик деңгээлде колдоо менен өткөрүү керек. Бул практикалар окуу процессинин ажырагыс бөлүгү. Практикалар региондогу, Кыргызстандагы жакынкы коңшу мамлекеттердеги өндүрүштөрдө, мекеме-уюмдарда, банктарда ж.б. өткөрүлүүгө тийиш. Мында уюштуруу иштери мекеме аралык келишимдерге жетишүү аркылуу жана окуу-талаа практикасын өткөрүү үчүн туруктуу база түзүү аркылуу ишке ашырылат. Университет бул жумушта аларга түздөн-түз көмөк көрсөтүүсү зарыл;

5. Студенттердин илимий маалыматтарды жана предметтер боюнча кошумча билим алуусу үчүн толук шарттуу электрондук китепканалар, Интернет менен туташкан окуу залдары жеткиликтүү өлчөмдө түзүлүүгө тийиш;

6. Окуу процессинин мазмунун өзгөртүүдө модулдарды, экзамен, зачетторду компьютердин жардамында алуу максатка ылайыктуу. Сырттан окуган студенттер үчүн дистанттык окуу формасын жандандыруу зарыл. Ошол эле учурда гуманитардык адистиктерде билимди баалоонун салттуу формасын (оозеки суроо-жооп) да колдонсо болот;

7. Лекциялык, семинардык жана практикалык сабактарды өтүү үчүн учурдун талабына жооп бере турган микрофон, телевизор, компьютер, видеопроектор, ж.б.у.с. аппаратураларды колдонуу максатында факультеттерди видеозал менен камсыз кылуу зарыл.

8. Дисциплиналар боюнча факультеттик, университеттик деңгээлде аттестацияларды өткөрүү. Өз дисциплиналарын жакшы өздөштүрбөгөн окутуучуларга дисциплинардык чараларды колдонуу зарыл.

### 3.3. Окуу процессинин мазмунун өзгөртүүгө карата жүргүзүлүүчү иш-чаралар

Окуу процессинин мазмунун түп тамырынан өзгөртүү талап кылынууда.

**Бул үчүн төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:**

1. Билим берүүнүн сапатын дүйнөлүк стандартка жакындатуу, сапатты камсыз кылуу механизми катары лицензиялоого жана аккредитациялоого (аттетациялоого) даярдыктарды күчөтүү;

2. Билим берүү системасын жаңылоо, өркүндөтүү жана жергиликтүү шарттарга ылайыкташтыруу;

3. «AVN» Информациялык системасынын негизинде электрондук зачеткалар жана студенттик билеттер системасына өтүү, электрондук модулдук-зачеттук-экзамендик барактарга өтүү, билим берүүнү башкаруунун бирдиктүү электрондук системасына өтүү;

4. Окуу процессин өндүрүш, практика менен тыгыз байланышта жүргүзүү;

5. Окуу-методикалык колдонмолорду даярдоо, аларды университеттин көмөгү аркылуу чыгаруу;

6. Жакшы окууган студенттерди билим деңгээлин андан ары жогорулатуу үчүн стимулдарды берүү (материалдык колдоо, чет элдик окуу жайларга жөнөтүү ж.б.);

7. Кафедралардагы окуу процессинин мазмунун өзгөртүү максатында эл аралык деңгээлдеги университеттердин окуу пландары менен таанышуу жана аларды пайдалануу;

8. Башка окуу жайдагы  профессордук–окутуучулар менен терең кызматташта болуу;

9. Окуу процессинин мазмунуна байланыштуу пикир алмашууларды, семинарларды уюштуруу жана ушул эле процесске таандык командировкаларды камсыздоо;

10.Конкурстук негизде тандоо сабактарын уюштуруунун кайрадан жайылтуу;

11. Окуу-усулдук багытта жүргүзгөн иштеринин жыйынтыгына жараша айлык акы төлөө системасына өтүү;

12.Факультеттердеги окуу процессинин деңгээлин жогорулатуу максатында материалдык-техникалык базаны камсыз кылуу (компьютер, принтер, сканер, видеопроектр, предметтерге тиешелүү компьютердик программалар ж.б.);

13.Кафедралардын дисциплиналары боюнча окутууну автоматташтыруу максатында тиешелүү компьютердик класстарды ачуу;

14. Окуу пландарын коом талабына жана өндүрүшкө ылайыкташтырып кайрадан иштеп чыгуу, ашыкча дисциплиналардан арылтуу, кесипке түздөн-түз байланышкан адисттике зарыл болгон дисциплиналарды окутуу;

15. Үзгүлтүксүз билим берүүнүн системасын иштеп чыгуу б.а., медициналык, финансы-юридикалык колледждин бүтүрүүчүлөрү медициналык,

финансы-юридикалык багытта андан ары билимин өркүндөтүп кетүү үчүн зарыл шарттарды түзүү;

16. Мектеп бүтүрүүчүлөрүнө салыштырмалуу артыкчылыктарды берүү, колледж менен ЖОЖдун окуу пландарын биргелешип түзүү;

17. Колледждерди мыкты адистер менен камсыздоо, жаңы кадрларды ишке кабыл алууда бир жылдык сыноо мөөнөтү менен (келишимдик негизде) алуу, окутуучулар менен келишимди 2 - 5 жылдык мөөнөткө гана түзүү;

18. «Окутуучу студенттин көзү менен» деген анкетаны жүргүзүү, анын жыйынтыгынын негизинде окутуучунун рейтингин түзүү, материалдык стимул берүүдө жана келишимди узартууда аны эске алуу;

19. Кафедралардагы ачык сабактарды акыркы жаңылыктарды, илимий жетишкендиктерди, алдыңкы технологияларды пайдалануу менен өтүлүшүнө жетишүү;

20. Ар бир дисциплинаны окуу китеби, окуу-методикалык колдонмолор, заманбап технологиялар менен камсыздоо;

21. Кафедранын профессордук-окутуучулар курамынын күчү менен окуу китебин, окуу куралдарын, методикалык колдонмолорду жана окуу-методикалык комплекстерди мамлекеттик тилде түзүү;

22. Университет окуу китебин, методикалык колдонмолорду түзүү үчүн гранттык каржылоону тендер жарыялоо жолу менен уюштурат,

23. Университеттин алдында медициналык, инновациялык, технологиялык парктарды түзүү жана аларды заманбап технологиялык жабдыктар менен жабдуу;

24. Өзгөчө кырдаалдар жана кырсыкка учураган мезгилде тез жардам көрсөтүүнү үйрөтүү үчүн атайын жабдылган машина сатып алуу, ж.б.

## *4. ИЛИМ ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИ.*

### 4.1. Илим изилдөө иштерин өнүктүрүүнүн стратегиялык максаттары жана милдеттери

Окуу жайда эмгектенген илимпоздордун илим-изилдөө иштеринин стратегиялык максаттары болуп, биринчиден, Кыргыз Республикасында приоритетүү деп белгиленген илимий багыттары менен дал келүүсү; экинчиден, окутуучулардын, аспиранттардын, илимий кызматкерлердин, магистранттардын жана студенттердин илимий изилдөө иштеринин жыйынтыктары Республиканын экономикалык өнүгүүсүнө салым кошуусу эсептелет.

Бул максаттарга жетишүү үчүн төмөнкү милдеттерди аткаруу керек:

- Азыркы учурга чейин ЖОЖдордун илимий бөлүмдөрү теориялык жыйынтыктарды жана жалпылоолорду текст тибинде жаратып келсе, мындан кийинки учурларда технологиялык, инновациялык, медициналык парктарды, бизнес, борборлорду юридикалык жана социалдык клиникаларды ж.б. түзүү аркылуу окуу жайдын илимпоздору материалдарды, продуктыларды, изделияларды, сунуштарды ж.б. чыгарууну уюштуруусу жана өркүндөтүүсү;

- Технологиялык, инновациялык ж.б. парктардын, борборлордун ар биринин ишмердикке лицензиясынын болуусуна жетишүү жана студенттер, магистранттар бул борборлордо курстук жана дипломдук жумуштардын (проекттердин), магистрдик диссертациялардын рамкасында конкреттүү түзүлүш, деталь, материал, жыйынтыктоочу сунуш ж.б. тибинде көрүшү;
- Өлкө, регион үчүн приоритеттүү деп эсептелген илимий изилдөөлөрдү өнүктүрүү жана илимий инновациялык иштерди күчөтүү менен ЖОЖдун илимдеги сегментин аныктоо;
- Окуу жайлар, академиялык институттар жана тармактык илимий изилдөө институттарынын интеграциясын камсыздоо (биргелешкен илимий лабораторияларды, профилдик биргелешкен илимий институттарды, проекттерди жана илимий, технологиялык, өндүрүштүк фирмаларын түзүү жана академиялык кызматкерлердин педагогикалык процесске тартылуусун камсыздоо;
- Илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын, сунуштарын, жаңы иштелген технологияларды коммерциализациялоо;
- Окуу жайдын студенттерин, жаш окутуучуларын окуу жайдагы мамлекеттик грант боюнча аткарылган илим изилдөө темаларына активдүү тартуу жана өндүрүш тармактары жана келишимдик изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Мамлекетибиздин тили, адабияты, тарыхы жана гуманитардык багыттагы тарбиялык мааниси бар изилдөөлөрдү күчөтүү;
- Илимий кадрларды даярдоодо коомдун өнүгүү багыты менен дал келүүсүн шарттоо;
- Кандидаттык жана доктордук диссертацияларды коргоо боюнча Атайын Кеңештерди окуу жайлардын астында ачууну шарттоо ж.б.

### 4.2. Жогорку квалификациялуу илимий кадрларды даярдоонун багыттары

1. Илим изилдөө багытында жаш мугалимдер макала, монография, методикалык колдонмолорду жазуу үчүн багыт көрсөтүүчү курстарды уюштуруу;
2. Аспиранттар жана изденүүчүлөр үчүн жергиликтүү ишкана жана мекемелер менен маалымат алмашуу максатында келишимдерди түзүү;
3. Университетте басылып чыккан жыйнакты (журнал) УАКтын талаптарына жооп бере турган денгээлге көтөрүп басып чыгаруу жана окутуучулардын басмадан жарык көргөн окуу-методикалык эмгектерин университеттин китепканаларына кабыл алуусун системалаштыруу;
4. Жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоо үчүн чет өлкөлөр менен байланышты өнүктүрүү;
5. Университетте Жаш Окумуштуулардын Кеңешинин ишин өркүндөтүү;
6. Кандидаттык диссертациялык жумуштарды коргоо үчүн Атайын Кеңештерди ачуу жана кээ бир адистиктер боюнча бир жолку өтүлүүчү Атайын Кеңештердин жыйынын өткөрүүгө жетишүү;
7.Окутуучулардын аспирантура, докторантурада окуусуна, илимий стажировкаларда болуусуна керектүү шарттарды жаратуу;

8.Республикадагы, чет мамлекеттеги белгилүү окумуштууларды келишим менен университетке кыска мөөнөттөргө чакыруу;

9.Илимий мектептерди түптөө жана аларга ар тараптан колдоо көрсөтүү;

10.Республикалык, Эл аралык илимий практикалык конференцияларга университеттин окумуштууларынын катышуусуна мүмкүнчүлүк түзүү;

11. Ар бир адистик боюнча заманбап жабдылган, бардык шарты бар, илимий темалар үчүн керектүү курал-жарак, приборлор, реактивдер, адабият менен камсыз болгон илимий-лабораторияларды түзүү;

12. Илим менен алектенген окутуучу, аспирант, студенттер үчүн жумушун аткарууга моралдык, материалдык, финансалык жактан толук колдоолордун берилишин шарттоо;

13.Илимий командировка, стажировка, экспедиция, талаа практикаларына көңүл бурулуп ар тарптуу колдоолордун көрүлүүсү;

14. Таланттуу студентерди илимий иштерге тартуу, аларга колдоо көрсөтүп, стимулдарды берүү.

15. «Ош МУ - КР нын УИА Түштүк Бөлүмү - Башка ЖОЖ, Илим изилдөө тармактары» курамындагы изилдөөлөрдү, алардын Эл чарбасындагы колдонулуштарын күчөтүү;

16. Кафедралардагы ар бир окутуучунун (ошондой эле, ар бир илимий жетекчинин) өз алдынча илимий темасынын изилдөөсүнүн жыйынтыгын мезгил-мезгили менен талап кылууну жогорулатуу ж.б жумуштарын аткаруу.

### 4.3. Илим изилдөөнүн жыйынтыктарын өндүрүшкө кийирүү аркылуу Ош шаарын, Ош областын жана Кыргызстанды өнүктүрүүгө салым кошуу

1. Ош шаарына, Ош областына, Түштүк регионуна жакынкы 10-20 жылдарга зарыл болгон илимий-техникалык, гуманитардык ж.б. багыттардагы проблемаларды аныктоо жана бул багыттар боюнча илимий кадрларды даярдоо, илимий–техникалык, социалдык проектерди даярдоо жана анын үстүнөн иштөө;

2. Ош шаардык, Ош областтык мамлекеттик администрацияларынын алдындагы илимий-техникалык комиссияларды (кеңештерди) түзүүгө жетишүү жана анын ишмердигин конкреттүү маселеллерди чеүүгө багыттоо;

3. Ош шаарында инновациялык жана технологиялык парктарды өндүрүш ишканалары менен бирлеликте түзүү;

4. Юриспруденция адистиги боюнча шаар, областтын, региондун тургундарына факультеттин базасында акысыз укуктук консультация берүү клиникасын, социологиялык изилдөө лабораториясын ачуу;

5. Ош МУнун Социалдык иштер кафедрасынын базасында социалдык коргоо багытында “Консультативдик борбор” уюштурууну;

6. Эл аралык илимий программалар менен иштөө үчүн маалыматтарды өз убагында алуу, атайын кааналарды түзүү жана окутуучуларга кошумча тил үйрөнүү үчүн шарттарды түзүү.

Ал эми илимий иштердин жыйынтыктарын өндүрүшкө киргизүү, продукцияларды чыгарууну университет тарабынан өндүрүштүк-

технологиялык парктар аркылуу ишке ашыруу, төмөндөгүдөй ийгиликтерге алып келет:

- илимий иштердин алга жылышына шарт түзүлөт;
- университеттин өндүрүштүк-технологиялык паркынан чыккан продукциялар университетти рекламалайт;
- университеттин финансы-экономикалык ишмердигин чыңдайт ж.б.

## *5. СОЦИАЛДЫК ӨНҮКТҮРҮҮ, ТАРБИЯЛЫК ИШТЕР ЖАНА ДЕН-СООЛУКТУ ЧЫҢДОО*

### 5.1. Социалдык өнүктүрүү, тарбиялык иштер жана ден-соолукту чыңдоонун максаттары, милдеттери жана багыттары.

Кыргыз Республикасынын азыркы учурдагы социалдык жана экономикалык абалы, дүйнөнүн глобалдашуу процесси окуу жайда социалдык өнүктүрүү, тарбиялык жана ден-соолукту чыңдоо иштеринин усулдарын, формаларын ишке ашыруу технологияларын жаңылоону жана андан ары өркүндөтүүнү талап кылат. Ошондой эле студенттерди, профессордук-окутуучулук курамды, кызматкерлерди социалдык жактан коргоо, аларга окуганга жана иштегенге шарттарды түзүү университеттин негизги максаттарынын бири. Бул максатка жетүү багытында Ош МУ төмөнкү милдеттерди аткаруусу зарыл:

- Азыркы учурдагы Республикадагы коомдук идеологиянын абалы, элдин жашоо турмушунун деңгээли, жумушсуздук, аракечтик, бекерпоздук, наркоманияга берилүүчүлүк психологиясын эске алуу менен университеттин жамааты жаштарды мезгилдин талабына жараша рухий жаңылануууга чакырат, үндөйт жана алар менен такай иштейт;
- Ош МУ “Сергек жашоо, жаңылыктарга умтулуу, эмгектенүү, ден-соолукту чыңдоо, жашоонун деңгээлин көтөрүүнүн негизи” - деген принципти туу тутат;
- Наркомания, токсикомания жана алкоголизмге каршы профилактикалык иштерди жана түшүндүрүү иштерин күчөтөт;
- Жаштарды эмгекке үйрөтүү, толеранттуулукка тарбиялоо, илим-билимге умтулуу, пайдалуу жумушка тартуу университеттин жамаатынын милдеттеринин негизгиси деп эсептейт;
- Маданий борборлордун иштерин жакшыртуу, кураторлук иштерди жандандыруу, жаштар кыймылын күчөтүү азыркы учурдагы окуу жайдын милдети деп тааныйт;
- Университетте профсоюздук, профилактикалык иштерди - үй-жайсыздык, жакырчылык, жумушсуздук, чектен чыккан жүрүм-турумга ээ студенттер жана кызматчылар менен иштөө, майыптарга жана кары-картаңдарга жардам берүү, энеликти жана балалыкты коргоо, социалдык жардам көрсөтүүнү жакшыртуу иш-чараларын күчөтөт;
- Массалык спорттун түрлөрүн студенттер арасында жайылтуу жана андан ары өркүндөтүү учурдун маселеси. Студенттердин өз алдынчалыгын

арттыруу (мисалы, окуу жайда студенттик өкмөт ж.б. түзүү) жана өзүн-өзү камсыздоо психологиясына тарбиялоо азыркы жана келечектеги чоң маселе.

**Бул милдеттерди аткаруу үчүн Ош МУ төмөнкү багыттагы иштерди жүргүзөт:**

1. Түрдүү спорттук секцияларды ачуу, алардын жетекчилерине материалдык-моралдык жактан стимул көрсөтүү;
2. Студенттер арасында маданий-массалык, педагогикалык жана психологиялык, укуктук жана медициналык иш чараларды уюштуруп өткөрүү үчүн материалдык, моралдык шарттарды түзүү, аларды активдештирүүгө карата багытталган ишмердүүлүктү жүргүзүү;
3. Студенттер арасында түрдүү тарбиялык маанидеги иш чараларды (КВН, тегерек стол, дебат) тынымсыз уюштуруп, керек болсо атайын залдарды жабдып даярдап берүү;
4. Мыкты окуган студенттерге кызыктыруучу жолдомолор берилип, чет элдик окуу жайларга окуганга, практикадан өткөнгө, тилдик кыска мөөнөттүү курстардан өткөнгө, стажировкаларга жөнөтүү;
5. Факультеттердин базасында кичи спорттук аянтчаларды уюштуруу, студенттер, кызматкерлер үчүн жыл сайын спорттук мелдештерди өткөрүү.
6. Окуу жылынын башталышында университеттин каражатынын эсебинен окутуучулардын жана студенттердин ден-соолугун аныктоо, профилактикалык иштерди жүргүзүү жаатындагы жумуштарды уюштуруу;
7. Профессордук-окутуучулар курамынын ден-соолугуна, дем алуусуна, жакшы жашоосуна профсоюз тарабынан мүмкүн болушунча оптималдуу шарттарды түзүп берүү;
8. Университеттин эс алуу жайларын үзгүлтүксүз иштөөчү, жаңы аппараттар менен жабдылган ден-соолукту чыңдоочу санаторияларга айландыруу;
9. Университеттин окутуучулары, кызматкерлери, студенттери үчүн медициналык факультеттин жана медициналык колледждин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен клиникалык борбор ачуу;
10. «Мен окуган окуу жай», «Менин университетим–ОшМУ», «Мен ОшМУда окуганмын» деген темаларда иш-чаралардын системасын иштеп чыгуу ж.б.

### 5.2. Университтин студенттеринин жана кызматкерлеринин ден-соолугун чыңдоого карата иш-чаралар

1. Ош МУда студенттердин, профессордук-окутуучулар курамынын жана кызматкерлердин ден-соолугуна, эс алуусуна, жакшы жашоосуна мүмкүн болушунча оптималдуу шарттарды түзүп берүү (спорттук аянттарды жана залдарды, фитнес жана бильярддык клубдарды, эс алуу зоналарын, санаториялар менен профилактроияларды ж.б. уюштуруу);
2. Университеттин эс алуу жайларын, профилакторияны үзгүлтүксүз иштөөчү, жаңы аппараттар менен жабдылган ден-соолукту чыңдоочу жайга айландыруу;

3. Университеттин профессордук-окутуучулар курамы, кызматкерлери жана студенттери үчүн медициналык факультеттин, медициналык колледждин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен клиникалык борбор ачуу;

4. Ар бир окуу жылынын башталышында университеттин каражатынын эсебинен окутуучулардын, кызматкерлердин жана студенттердин ден-соолугун аныктоо жана профилактикалык иштерди жүргүзүү иштерин уюштуруу;

5. Студенттер жана кызматкерлер үчүн жыл сайын спорттук мелдештерди өткөрүү. Профессордук-окутуучулук курамдын спорттун ар түрдүү түрлөрү менен менен шүгүрлөнүшүнө өзгөчө көңүл бөлүү.

### 5.3. Университетте профсоюздук жана профилактикалык иштерди жакшыртуу иш-чаралары

1. Ош МУнун Профсоюз Комитетинин иш-аракеттеринин маңызын түп-тамырынан бери өзгөртүүгө жана мезгилдин талабына жооп берген (кызматкерлердин, студенттердин укуктук жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо; жеке кызматкерлерге, үй-бүлөлөргө, социалдык топторго жардам көрсөтүү; университеттин кызматкерлери менен студенттеринин толук кандуу жашоосуна кедерги болуучу саламатчылыгынын, психикалык жана интеллектуалдык дареметинин кемчиликтерин толуктоочу гуманистик маңыздагы ишмердүүлүк ж.б.) багытка буруууга жетишүү;

2. Ош МУнун профсоюздук уюмунун Уставын учурдун талабына ылайык толуктоо, өзгөртүү жана анын негизинде иштөөсүн көзөмөлдөө;

3. Ош МУнун администрациясынан көз карандысыз университетте окуган жана профсоюзга мүчө болгон студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, докторанттардын, иштеген профессордук-окутуучулук курамдын, кызматкерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо иштерин ишке ашыруу;

4. Университетте окугандарга жана иштегендерге материалдык жардамдарды, санаториялык-курорттук дарылануууга жолддомолорду берүүнү жолго салуу, оорулууларга жана жалгыздыкта жашагандарга тейлөө аркылуу жардам көрсөтүү такай уюштуруу;

5. Профсоюздук каражаттарды иштетүүнүн ачыктыгын жана коомчулукка жеткиликтүүлүгүн камсыздоо;

6. Университеттин профсоюздук комитетинин жетекчилигинин профсоюздук уюмдун мүчөлөрүнүн астында мезгил – мезгили менен отчетторун берүүсүн ишке ашыруу;

## *6. КАДРЛАРДЫ ДАЯРДОО ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН ӨНҮКТҮРҮҮ*

### 6.1. Сапаттын менеджмент системасын кийирүүнүн максаттары жана милдеттери

Сапаттын менеджмент системасын кийирүүнүн негизги максаты болуп Ош МУнун өнүгүүсүнүн стратегиялык планына негизделген бирдиктүү кадр саясатын, персоналды өнүктүрүү программасын (концепциясын) иштеп чыгуу,

аны системалуу жүзөгө ашыруу жолу менен студенттерге мезгилдин талабына жооп бере алган сапаттуу билим системасына жетишүү. Бул чоң максатка жетишүү үчүн төмөнкүлөрдү милдеттүү түрдө аткаруу зарыл:

1.Университеттин ишмердигинин маалыматтык моделин түзүү;

2. Университеттин эффективдүү иштебеген структураларын, элементтерин аныктоо (бирин бири кайталаган структуралар, эффектидүү эмес (пайдасыз) документ айлануу системасы, университетти башкаруудагы байланышы начар структуралар ж.б.);

3. Түзүлгөн маалыматтык моделдин, эффективдүү эмес иштеген структураларды аныктоо аркылуу университетти эффективдүү иштөөчү моделге алып чыгуу.

4. Магистратура, аспирантура, докторантура аркылуу профессордук-окутуучулук курамды даярдоо саясатын жүргүзүү, жаш окутуучуларды милдеттүү педагогикалык даярдыктан өткөрүүнү жүзөгө ашыруу;

5. Профессордук–окутуучулук курам жана окуу көмөкчү кызматкерлер үчүн квалификациялык талаптарды (жумушка алууда) аныктоо жана анын системасын түзүү;

6. Окуу процессине инновациялык жана информациялык (компьютердик) технологияларды кийрүү боюнча алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү, жайылтуу, семинарларды өткөрүү;

7. Университеттин китеп фондунун көлөмүнүн жана мазмунунун кесиптик билим берүү программаларына туура келүүсүн аныктоо жана шайкештикке келтирүү боюнча күнүмдүк жана перспективдүү план иштеп чыгуу;

8. Бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүк моделин негиз катары кароо менен окуу пландарын, окуу программаларын бүтүрүүчү кафедраларды ж.б. катыштыруу аркылуу түзүү жана аларды ички экспертизадан өткөрүү;

9. Студенттердин контингентин калыптандыруу, реклама жана аны жайылтуу боюнча бирдиктүү саясат иштеп чыгуу (маалыматтык стендер, сайттар, TV рекламалар ж.у.с.);

10. Студенттердин чыгармачыл ой жүгүртүүсүн активдештирүүнүн принциптерине негиздеп, окуу процессинин эффективдүүлүгүн көтөрүү максатында аны модернизациялоо (жаңылоо), кредит технологиясын кийирүү. Студенттердин өз алдынча иштерин интенсивдештирүү жана активдештирүү, окутууну индивидуалдаштыруу үчүн жаңычыл технологияларды ырааттуу пайдалануу, бул иштерге көзөмөл жүргүзүү;

11. Профориентация жана абитуриенттерди ЖОЖго чейинки даярдоонун өнүккөн системасын калыптандыруу;

12. Курстук, дипломдук иштердин тематикаларынын аткарылышынын сапаты, алардын үстүндө студенттердин ишинин алдын ала коргоолордун уюштурулушу, рецензиялардын сапаты боюнча иштерди анализдөө;

13. Окутуучулардын жеке пландарын аткаруу сапатын экспертизадан өткөрүү жана кафедрага, факультетеке, Ош МУга керектүү окуу-усулдук иштерди пландаштырууга басым жасоо;

14. Окуу пландарын, кейстерди иштеп чыгууга иш берүүчүлөрдү, партнерлорду, бүтүрүүчүлөрдү катыштыруу;

15. Окутуунун жана билимдерди текшерүүнүн технологияларын башкаруу системасын түзүү жана аны ишке кийирүү;

16. Адистиктер, дисциплиналар боюнча студенттердин билимин, компетенттүүлүк деңгээлин баалоо үчүн тест ж.б. тапшырмалардын маалымат банкын түзүү;

17. Сапаттын менеджменти боюнча университеттин кызматчыларынан өздүк адистерди даярдоо;

18. Билим берүүнүн сапаты боюнча структуралык бөлүмдөрдүн отчетторун факультетердин окумуштуулар кеңешинде талкулоо жана ага баа берүү, тиешелүү чечимдерди кабыл алуу;

19. Мектептер, өндүрүш мекемелери ж. б. менен байланышты өнүктүрүү;

20. Окуу процессинин сапатын баалоонун бирдиктүү системасын иштеп чыгуу, талкуулоо жана аларды кабыл алуу;

21. Ош МУда билим берүүнүн сапатына ички баа берүү үчүн студенттер, бүтүрүүчүлөр, окутуучулар жана жумуш берүүчүлөр үчүн анкеталарды иштеп чыгуу жана талкуулоо.

### 6.2. Окутуунун сапатын жогорулатуунун негизги жолдору

1. Ош МУнун Эл аралык аккредитациядан өтүүсүнө керектүү документтерди өздүк аттестациядан структураларды өткөрүү аркылуу даярдоо;

2. Университеттин кызматкерлерининин сапаттуу билим берүү системасына өтүүсүнүн зарылдыгынын негиздерин жана анын принциптерин иштеп чыгуу;

3. Университеттеги иштеген бардык кызматкерлерге кызматтык милдеттерин так аткаруусу сапаттык билим берүүнүн эң негизги талап экендигин жеткирүү;

4. Кызматтык милдеттерди аткаруудагы кемчиликтерди, тартип бузууларды материалдык стимулдаштырууда эсепке алуу;

5. Компьютердик жана медиа каражаттардын сапаттуу иштешине, сабактардын медиа каражаттар менен коштолушуна жетишүү, аларды сапаттуу сактоого жоопкерчиликти күчөтүү;

6. Ар бир адистик боюнча окуу-лабораториялык жабдуулардын абалын аныктоо жана аларды камсыздоо боюнча реалдуу иш чараларды аткаруу;

7. Китеп фондун толуктоо максатында тажрыйбалуу окутуучу-адистер менен окуулуктарды жазуу боюнча келишимдер түзүү;

8. Педагогикалык эмес адистиктердин кафедра башчыларына сабакка педагогикалык анализ берүүнү үйрөтүү семинарын өткөрүү;

9. Автордук сабактардын, туруктуу ачык сабактардын өткөрүлүшүнө жетишүү;

10. Окутуучунун жок дегенде бир сабагынын конспектисин кафедранын отурумунда талкуулоо менен анын сабагына катышып, анализдөөгө жетишүү;

11. Университеттин автоматташтырылган «AVN» системасында кафедралар боюнча профессордук-окутуучулук курамдын рейтингин аныктоого тиешелүү маалыматтык базаны камсыздоо жана аныктоого жетишүү;

12. Өздүк тренерлер, Республиканын чыгаан профессорлорун университетке чакыруу аркылуу профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын өркүндөтүү боюнча кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруу;

13. Профессордук-окутуучулук курамды аттестациялоонун жобосун кайра иштеп чыгуу;

14. Студенттердин билимин баалоонун жаңы технологияларын кийирүү, текшерүүнүн түрдүү формаларына ылайыкталган материалдардын банкын түзүү аркылуу обьективдүүлүгүн камсыздоо;

15. Сабактарга өз ара катышууну активдештирүү, анын маалымдуулугун камсыздоо;

16. Заманбап технологияларды жайылтуу боюнча иш чараларды (семинарлар ж.б.) жүргүзүү ж.б.

### 6.3. Эл аралык аккредитациядан өтүүгө карата иш-чаралар

Сапаттын менеджмент системасын Ош МУга кийирүү жана Эл аралык аккредитациядан университетти өткөрүү Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын арасында Ош МУнун рейтингин, имиджин көтөрөт жана дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине активдүү кирип кетүүсүнө шарт түзөт. Бирок бул багытта ийгиликке жетишүү үчүн Ош МУнун жалпы жамаатынын мындай жумуштун зарылдыгын сезүүсү, талыкпаган чыгармачыл эмгек, убакыт жана инвестиция талап кылынат. Ошондой эле бул системага кирүүсүз Ош МУ эч качан Кыргызстандын, айрыкча Орто Азиянын билим берүү мейкиндигинде алдыңкы позицияга ээ боло албастыгын жалпы жамаат түшүнүүсү керек.

Эл аралык аккредитациядан өтүү үчүн төмөнкү эң негизги иш-чараларды аткаруу зарыл:

- Университеттеги сапаттын менеджмент системасынын чыныгы абалын анализдөө;
- Университетте сапаттын менеджмент системасын ишке ашыруунун планын иштеп чыгуу;
- Бул системаны ишке ашырууга жооптууларды аныктоо жана аларды даярдоо;
- Ички сапатты аныктоочуларды даярдоо;
- Бул системага өтүүгө керектүү болгон документтерин даярдоо;
- Сапаттын менеджмент системасын кийирүү;
- Факультеттерде ички аудит жүргүзүү жана иш планга түзөөлөрдү кийирүү;
- Сертификациялык аудит жүргүзүү.

Бул иш чараларды сапаттуу аткаруу төмөнкүлөргө негизделет:

1. Сапаттын менеджмент системасынын элементтерин иштеп чыгуу жана кийирүү;
2. Менеджмент системасындагы тобокелдиктин (риск)элементтерин иштеп чыгуу жана кийирүү;
3. Илим изилдөөлөрдүн сапат менеджментинин компьютердик системасын иштеп чыгуу жана кийирүү.

## *7. ЭЛ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ*

### 7.1. Эл аралык байланыштын стратегиялык максаттары жана милдеттери

Ош МУдагы Эл аралык байланыштын стратегиялык максаты болу университетти дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине алып чыгуу, жогорку билим берүү системасынын дүйнөлүк стандартына умтулуу жана ага жеткирүү, окуу жайдын билим, илим, финансы-экономикалык ишмердүүлүгүнө зарыл болгон нормативдик негиздерди кеңейтүү жана ага шарт түзүү болуп саналат.

Бул максатка жетишүү үчүн Ош МУда окуу процессинин деңгээлин жогорулатуу, башка чет мамлекеттик жогорку окуу жайлар менен тыгыз байланышта болуу жана окуу процессине, адистиктин деңгээлин жогорулатуучу негизги иштерге келишимдерди түзүү зарыл.

Азыркы учурда Эл аралык байланышты күчөтүү үчүн эң негизги төмөнкү эки маселени чечүү зарыл:

- университеттеги билим берүүнү экспорттого жана импорттоого зарыл болгон чыныгы негиздерди жаратуу жана өнүктүрүү;
- эл аралык билим жана илим мейкиндигиндеги жүрүп жаткан процесстерге маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү.

### 7.2. Чет элдик окуу жайлар, эл аралык уюмдар ж.б. менен болгон ишмердүүлүктү күчөтүү багыттары

1. Окуу процессинин негизги проблемаларын чечүү максатында жана университеттин, факультеттин, кафедралардын негизги ишмердүүлүктөрүн күчөтүү үчүн чет элдик окуу жайлар менен байланышуу жана университеттин профессордук-окутуучулук курамына окуу-илимий стажировкаларды уюштуруу;
2. Чет элдик окуу жайларга университеттин профессордук-окутуучулук курамын жана студенттерди кыска жана узак мөөнөттүү курстарга жиберүү үчүн шарт түзүү;
3. Эл аралык уюмдар менен университеттин ортосундагы байланышты университеттин астында түзүлгөн борборлордун ишмердүүлүгүн күчөтүү аркылуу ишке ашырууга жетишүү;
4. Чет элдик окуу жайлар, эл аралык уюмдар ж.б. менен ишмердүүлүктү күчөтүү багытында эки тараптуу келишимдерди түзүү, ассоциацияларга кирүүнү шарттоо;
5. Чет элдик мамлекеттин элчиликтери аркылуу окуу-илимий, тилдерди жана алардын маданиятын үйрөтүүчү технологиялык борборлорду (М. Конфуций институтун, Кыргыз-Индиялык маалымат-технологиялык борборун, ж.б) ачууга жетишүү.

## *8. ӨНДҮРҮШТҮК-ЧАРБАЛЫК ИШТЕР*

### 8.1. Университеттеги өндүрүштүк-чарбалык иштерди өнүктүрүүнүн негизги максаттары, милдеттери жана багыттары

Ош МУда өндүрүштүк-чарбалык иштерди өнүктүрүүнүн негизги максаты болуп университетте бирдиктүү өндүрүштүк-чарбалык структураны, өндүрүштүк бирикмелерди, устаканаларды, цехтерди, кошумча чарбаны, ботаникалык бакты, тажрыйба аянттарын ж.б. түзүү жана алардын ишмердүүлүгүк толук кандуу жүргүзүү болуп саналат. Азыркы учурда бул максатты ишке ашыруу үчүн:

- Ботаникалык бакты (Агробиостанцияны) эффективдүү пайдалануу. Ал жерди окуу, тарбия жаатында эле эмес, финансылык булак катары да пайдалануу (көчөт жана балык өстүрүү, элдерди өсүмдүк өстүрүүчүлүккө окутуу ж.б.);
- Өндүрүштүк-технологиялык парктарды уюштуруу жана алардын базасында Ош МУнун жаңы табылгаларын рекламалоо жана өндүрүшкө киргизүү;
- Өндүрүштүк-чарбалык иштерди жогорку деңгээлге көтөрүү жана өндүрүштүк-техникалык бирикмелерди, цехтерди ж.б. уюштуруу, өнүктүрүү. Бул багыт боюнча, ар-бир тармакта жумушчу-топторду түзүү жана алардын өткөзүүчү иш-чараларынын пландуу түрдө алып баруусун көзөмөлдөө;
- Университеттин өндүрүштүк чарбасын уюштуруу. Университетке тиешелүү болгон жерлерди иштетүү менен жашылча, жемиштерди өндүрүп чыгаруу жана окутуучулар үчүн арзан баада сатып өткөрүү.

### 8.2. Ош МУда өндүрүштүк-технологиялык паркты уюштуруу жана өнүктүрүү

1. Университтетин өндүрүштүк-технологиялык паркын уюштуруу жана аны өндүрүштүк кубаттуулугу жогору болгон жаңы техникалык каражаттар менен камсыздоо;
2. Медициналык факультеттин базасында окуу-өндүрүштүк клиниканы уюштуруу;
3. Университеттин студенттери үчүн стоматологиялык поликлинаны ачуу жана аны заманбап жабдыктар менен жабдуу;
4. Технологиялык, медициналык жана инновациялык парктарды уюштуруу;
5. Студенттик банк жана кредиттик союз уюштуруу;
6. Юридикалык, медициналык жана социалдык багыттагы факультеттерде окутуучулардын инновациялык клиникаларын ачуу.

## *9. ФИНАНСЫ–ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮК*

### 9.1.Финансы–экономикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн негизги маселелери жана багыттары

Университетте финансы-экономикалык ишмердүүлүк ачыктык, айкындуулук жана пландуулук принциптеринин негизинде түзүлүшү керек.

Бул негизги маселени чечүү үчүн университеттин бюджеттик системасын түзүү жана аткаруу төмөнкү негизги принциптерден түптөлүүсү зарыл:

- Окуу жайдын көп булактуу финансылык бюджетин түзүүгө жетишүү жана бюджеттик угууларды өткөрүү;
- Ош МУнун ички финансылык системасынын бирдиктүүлүгүн камсыздоо;
- Университеттин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн толуктуулугуна жетишүү;
- Бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышынын айкындуулук принцибин аткаруу;
- Бюджеттин чыгаша бөлүгүн кээ бир статьялар боюнча бөлүштүрүүдө окуу жайдын ар бир структурасынын өнүгүүсүнө, мүмкүнчүлүгүнө, келечегине жана жамааттын кызыкдардыгына карата жүргүзүлүүсүнө жетишүү;
- Окуу жайда бюджетти башкаруу финансы комитети аркылуу жүргүзүлүшү жана анын аткарылышын көзөмөлдөө Окумуштуулар Кеңеши аркылуу ишке ашарылышын шарттоо;
- Айрым учурларда факультеттердин, институттардын финансылык жоопкерчилигин көтөрүү жана экономикалык эркиндикти камсыздоо максатында Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин негизинде аларга финансылык өз алдынчалык берүү жактарын кароо;
- Ош МУнун келечектеги өнүгүүсүн шарттоо үчүн “Өнүгүү фондун” түзүү, ж.б. белгиленет.

### 9.2. Финансы–экономикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн башкы концептуалдык жоболору

1. Ош МУда акырындык менен бардык структуралар толугу менен өзүн–өзү каржылоо принцибине өтүүсүн камсыздоо;

2. Билим берүү багытында төлөмдүү кызмат көрсөтүүнү кеңейтүү жана оптималдаштыруу (экинчи жогорку билим, экинчи диплом берүү, кошумча курстарды уюштуруу, ж.б );

3. Чет мамлететтерден студенттерди университетке окууга тартуу ишмердүүлүгүн активдештирүү. Бул жумуш университеттин окуу материалдык базасын чыңдоо, билим берүүнүн жаңы технологияларын окуу процессине кийирүү, студенттердин (айрыкча чет элдик) жашоосуна зарыл болгон шарттарды түзүү, профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын көтөрүү, ж.б. жолдор аркылуу ишке ашырылат;

4. Ош МУнун алдындагы магистратурада, аспирантурада жана докторантурада контракттык негизде окуган жарандардын контингентин

көбөйтүү. Бул жобону иш жүзүнө ашыруу үчүн окуу жайда илимий-методикалык жана окутуунун интеракдивдүү-инновациялык технологиялары менен жабдылган борборлорду уюштуруу зарыл;

5. Университеттин жогорку интеллектуалдык потенциалын пайдаланып консалтингдик, котормочулук, информациялык-технологиялык, патенттик ж.б. борборлорду уюштуруу менен төлөмдүк кызмат кылууну күчөтүү;

6. Чет мамлекетке чыгуучу жарандарга, студенттерге, бизнесмендерге жана мамлекеттик жетекчилерге тилдик даярдыгын сертификациялоочу структураны түзүү;

7. Ош шаарына, Ош областына, Республикага, жеке жана мамлекеттик ишканаларга керек болуучу илимий багыттар боюнча илимий-изилдөө иштерин кеңейтүү, иштелип чыкка жаңы технологияларды өндүрүшкө кийирүү, гранттык конкурстарга катышуу үчүн проекттерди даярдоо максатында атайын топ түзүү;

8. Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын, студенттик, аспиранттык жамаатынын интеллектуалдык менчигин коргоо механизмин иштеп чыгуу жана патенттерди, лицензияларды сатууну уюштуруу;

9. Ош МУда технологиялык парк уюштуруу жана ал аркылуу окуу жайда инновациялык ишмердүүлүктү күчөтүү;

10. Чет мамлекеттик жана Кыргызстандык ишкерлер менен бирдикте биргелешкен өндүрүштү уюштуруу;

11. Бош (эркин) финансылык ресурстарды банктарга жайгаштыруу аркылуу коммерциализациялоо;

12. Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы аркылуу спонсордук каражаттарды табууну уюштуруу, корпоративдик фонддорду түзүү жана аларды иштетүүнүн жоболорун иштеп чыгуу;

13. Финансылык каражаттарды үнөмдөө максатында инженердик коммуникацияларды тартипте сактоо жана энергоресурстарды эсепке алуучу приборлорду орнотуу;

14. Ош МУнун ар бир структурасынын жетекчилери бюджеттик эмес кражаттарды окуу жайга тартууга, талап кылынган нормативдик жоболорду так сактоого материалдык жактан кызыкдар болуучу системаны иштеп чыгуу ж.б.

### 9.3. Финансы–экономикалык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн негизги иш-чаралары

1. Чет элдик инвестицияны университетке тартуу үчүн ар түрдүү багыттагы проекттердин үстүнөн иштөөнү күчөтүү;

2. Чет мамлекеттерден Ош МУга келип окуган студенттерди университеттеги окуу-тарбиялык жана илимий-изилдөө иштерине активдүү катыштыруу;

3. Өндүрүштүк-технологиялык жана инновациялык ишмердүүлүктү күчөтүү;

4. Илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыгын өндүрүшкө кийирүү, иштелип чыккан технологиянын негизинде инновациялык продукция чыгаруучу өндүрүштүк структура түзүү;

5. Акча каражаттарын тартуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана финансылык ресурстардын булактарын диверсификациялоо;

6. Университеттин кызматкерлеринин эмгек акыларын чегерүү жана материалдык кызыктыруу системаларын өнүктүрүү;

7. Ош МУда финансылык пландоону, бухгалтердик эсепти жана көзөмөлдөөнү автоматташтыруу системасын өнүктүрүү;

8. Университеттин финансы-экономикалык ишмердүүлүгүндө ачыктыкты камсыздоо;

9. Окуу жайдын бардык финансылык ресурстарын максималдуу экономдоого жетишүү.

## *10. Ош МУда МААЛЫМАТТАШТЫРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ*

### **10.1. Маалымдаштыруунун стратегиялык максаттары, багыттары жана негизги маселелери**

Маалыматташтыруунун стратегиялык максаты иштин бардык чөйрөлөрүндө коомдун маалыматтык керектөөлөрүн толук канааттандыруу, калктын турмуш шартын жакшыртуу, эсептөөчү техниканын, телекоммуникациялардын жана информациялык технологиялардын азыркы каражаттарын ишке киргизүүнүн негизинде коомдук өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу болуп эсептелет.

Азыркы учурда ар бир жеке адамдын да иш-аракети алардын маалыматтуулугуна, илим-билимге ээ болуусуна, маалыматты натыйжалуу пайдалануу жөдөмдүүлүгүнө көбүрөөк көз каранды болууда.

Информациялык революция биринчи планга жаңы тармакты - жаңы билимдерди чыгаруу үчүн техникалык каражаттарды, методдорду, технологияларды өндүрүүгө байланышкан информациялык индустрияны коёт.Информациялык технологиялардын, өзгөчө телекоммуникациялардын бардык түрлөрү маалыматтык индустриянын эң маанилүү курамдык бөлүктөрү болуп калууда. Азыркы информациялык технология компьютердик техника жана телекоммуникациялар каражаттары жагындагы жетишкендиктерге таянат.Информациялык коомго өтүү мезгилинде адамды көптөгөн маалыматты тез кабыл алууга жана иштеп чыгууга, алардын азыркы каражаттарды, методдорду жана иш технологияларын үйрөнүүгө даярдоо зарыл. Мындан тышкары иштин жаңы шарттары бир адамдын маалыматтуулугунун башка адамдар ээ болгон маалыматтарга көз карандылыгын туудурат. Мына ошондуктан маалыматты өз алдынча өздөштүрүү жана топтоо жетишсиздик кылат, демек жамааттык илим-билимдин негизинде чечимдер даярдалуучу жана кабыл алынуучу маалымат менен иштөөнүн технологиясын үйрөнүү керек болот. Ошол себептүү маалыматты пайдалануу боюнча адамдын белгилүү бир маданий деңгээлге жетиши керек болот. Информациялык маданият - маалымат менен максаттуу иштей билүү жана аны алуу, кайра иштетүү жана берүү үчүн компьютердик информациялык технологияны, азыркы техникалык каражаттарды жана методдорду пайдалануу. ЖОЖдор үчүн информациялык

коомдун социалдык заказы катары иштин конкреттүү бир чөйрөсүндө иштөө үчүн зарыл болгон информациялык маданият деңгээли менен студентти камсыз кылууга тийиш. Мында маалыматтык багыттагы теориялык сабактарды окуп-үйрөнүү менен катар болочок иштин базалык курамы болуп саналган информациялык технологияларга көбүрөөк убакыт жумшоо керек. Университете окутуунун сапаты иш чөйрөсүнүн типтүү милдеттерин чечүүдө базалык информациялык технологиялык чөйрөдө иштей билүүнүн калыптанган туруктуу көндүмдөрүнүн даражасы менен аныкталууга тийиш.

Ош МУда стратегиялык максатта маалыматташтыруу төмөнкүлөрдү болжолдойт:

- университеттин студенттери жана кызматкерлери үчүн ар кандай керектөөчү окуу-тарбиялык багыттагы проблемаларын чечүүсүндө зарыл болгон маалымат каалаган убакытта, каалаган жерде жеткиликтүү болушу үчүн укуктук, экономикалык, технологиялык, социалдык жана кесиптик-билим берүү шарттарын түзүүнү;
- университетте информациялык ресурстарды түзүүнү жана алардын жеткиликтүүлүгүн, анын ичинде маалыматты жана билимди сактоону, кайра иштетүүнү, кайра өзгөртүүнү жана берүүнү камсыз кылуучу аппараттык жана программалык каражаттарды, телекоммуникациялык системаларды түзүүнү.

Маалыматташтыруунун бул башкы стратегиялык максатына жетүү үчүн чечүү зарыл болгон негизги маселелер төмөнкү багыттарды камтыйт:

- маалыматташтыруу чөйрөсүндө информациялык технологиялардын өнүгүшүнүн азыркы дүйнөлүк деңгээлин эске алуу менен бирдиктүү окуу-илимий-техникалык саясатты түзүү жана жүзөгө ашыруу, информациялык-телекоммуникациялык чөйрөнү өнүктүрүүнүн стратегиясы менен тактикасын аныктоо;
- окуу жайда маалыматташтыруу процесстерин башкаруунун инфраструктурасын түзүү жана өнүктүрүү;
- университетте маалыматташтырууну өнүктүрүү максатында каржылык, инвестициялык жана инновациялык планды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- окуу жайдын аймагында интеграциялык информациялык чөйрөнүн курамында корпорациялык, тармактык жана проблемалык багытталган системалык долбоорлорду иштеп чыгуу жана информациялык коопсуздуктун шарттарын жана информацияларды коргоону түзүү;
- маалыматташтыруу тармагында адистерди даярдоо жана кайра даярдоо системасын уюштуруу (чет мамлекеттик өнөктөштөр менен бирдикте);
- компьютерлештирүү, цифралык телекоммуникациялык, информациялык технологиялар жагында инфраструктураны өнүктүрүү жана илимий-изилдөө, тажрыйбалык-конструкторлук иштерди жүргүзүү жана информациялык ресурстарды түзүү;

- окуу жайдын алкагында маалымдаштыруу тармагында эл аралык байланыштарды өнүктүрүү жана окуу жайлар аралык байланыштарды калыптандыруу;
- Ош МУнун бардык бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүн өнүктүрүү максатында негизги маалыматтар менен камсыз болуусун жогорулатуу;
- маалыматташтырууну өнүктүрүү боюнча жаңы заманбап моделдеги техникаларды сатып алуу жана анда иштөө үчүн профессордук-окутуучулук курамды үйрөтүү.

### 10.2.Университеттеги информациялык-аналитикалык камсыздоо иш-чараларын чыңдоо маселелери жана тармактары

Ош МУда информациялык-аналитикалык камсыздоо иш-чараларын чыңдоо үчүн биринчи иретте төмөнкүлөрдү аткаруу зарыл:

1. Университетин дүйнөлүк информациялар мейкиндигиндеги ордун аныктоо максатында окуу жайдын сайтындагы бардык маалыматтарды кыргыз, орус жана англис тилдеринде түзүүгө жетишүү жана факультеттердин, университеттин кээ бир башка структураларынын сайттарын түзүү;
2. Университтетин информациялык-аналитикалык борборун уюштуруу, электрондук китепкананын ресурстук мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү;
3. Ректораттын курамы ар бир семестрден кийин факультеттеги студенттер менен «Бетме-бет» жолугушууларын уюштуруу;
4. Университеттин студенттерин, кызматкерлерин окуу жайдын «Үмүт» телестудиясы жана «Нур» гезити аркылуу ОшМУдагы болуп жаткан иштер, жаңылыктар менен өз убагында тааныштырып туруу;
5. Ош МУнун бардык кызматкерлерин университеттин ички жана сырткы маалымат ресурстарын пайдалануусу үчүн аларга жекелик коддорду берүүгө жетишүү;
6. Университеттин сырттан, күндүзгү жана башка билим берүү формаларында окуган студенттерге маалымат менен камсыздоонун иштеген системасын түзүүгө жетишүү;
7. Университеттин кызматкерлеринин информациялык технологиясы багытында квалификациясын жогорулатууну камсыздоор;
8. Ата-мекендик жана чет мамлекеттик информациялык технологиялар багытындагы алдыңкы программа жаратуучу, информациялык системаларды түзүүчү компаниялар менен кызматташуунун күчөтүү;
9. ОшМУнун бирдиктүү информациялык билим берүү мейкиндигиндеги региондогу координатордук ролун көтөрүү.

## *11. МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ ӨНҮКТҮРҮҮ. ДҮЙНӨЛҮК (ЭЛ АРАЛЫК) ТИЛДЕРДИ ҮЙРӨТҮҮ*

### 11.1. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн максаттары жана милдеттери

Тил - ар бир улуттун негизги улуттук белгилеринин бири. Тил - улуттун баа жеткис зор байлыгы. Тил - улуттук руханий курал, ал улуттун мүнөзүн, өз алдынчалыгын айкындайт. Кыргыз элинин улуулугу, кылымдар

бою өзүнүн улуттук тилин сактап келгендигинде. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили жөнүндө мыйзамы бар, ошон үчүн өлкөбүздүн бардык булуң, бурчтарында мыйзам ишке ашып, аткарылышы керек. Мамлекеттик тил - кыргыз тили бардык мекеме-ишканаларында, уюмдарда, билим берүүдө, маданий массалык маалымат каражаттарында, байланыш тармактарында, илимде, мамлекеттик, өкмөттүк башкаруу органдарында, коомдук уюмдарда жана жеке менчик уюмдарда жана ишканаларда, транспортто, соода-сатык, саламаттыкты сактоо, тейлөө ишканаларында колдонулушу керек. Мамлекеттик тил - улуттардын ортосундагы байланыштын, пикир алмашуунун куралы болушу керек.

Ош МУда мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш алып баруудагы түпкү максатыбыз - ааламдашуу толкунунан биздин улуттук өзгөчөлүктөрүбүздү, биринчи кезекте байыркы тилибиздикалкалап калууга салым кошуу.

Университет Мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн төмөндөгү максаттарды коет:

1. Университеттин кызматкерлерине жана жетекчилигине мамлекеттик тилде иш алып баруусуна шарт түзүү. Иш кагаздарын толугу менен мамлекеттик тилге өткөрүү жана аны мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө коюлган талапка ылайык алып баруу;

2. Кыргыз тилинде чыгарылган окуу куралдарына, адабияттарга көбүрөөк басым жасоо жана аларды колдоого алуу. Кыргыз тилин билүү, сүйлөө ар бир Кыргызстандын жараны үчүн чоң сыймык экендигин жайылтуу;

3. Дүйнөлүк тилдерди өнүктүрүү боюнча университеттин базасында курстарды ачуу жана шарттарды түзүп берүү. Университеттеги күчтүү адистерди чакыруу;

4. Кыргыз тилиндеги адабияттар менен окуу процессин камсыздоону күчөтүү. Ал үчүн университеттин каржылоосу менен окуу куралдарын мамлекеттик тилде иштеп чыгуу;

5. Студенттерге эл аралык тилдерди (англис, орус, кытай ж.б.) үйрөнүүсүнө негизги шарттарды түзүү.

6. Техникалык, медициналык, экономикалык ж.б. дисциплиналарды окутууну мүмкүн болушунча кыргыз тилине өткөрүү.

### 11.2. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн негизги чаралары

Тил маселеси - бул коомдук карым-катнашта өзгөчө бир адепти жана сыпаалыкты талап кылган чөйрө. Бул жерде жалаң мыйзамдын, буйруктун күчүнө таянуу менен ийгиликке жетүү кыйын экенин ошол эле жыйырма жылдан ашуун тажрыйбабыз көрсөттү. Күчтөө же кыстоо жолу, айталык, сен эмне мамлекеттик тилди билбейсиң деп талап кылуу – конструктивдүү да, адамгерчиликтүү да жол эмес. Биз мойнунан байлап эмес, өз каалоосу менен, ниет кылып үйрөнүүгө өбөлгө түзө алсак гана майнап чыгат. Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн негизги структуралары болуп университеттеги «Кыргыз филологиясы жана журналистика факультети» жана Мамлекеттик тил борбору саналат. Кыргыз филилогиясы факультети жана тил борбору толук

кандуу иштеп ар бир факультет менен тыгыз байланышта болуп, семинар, тренинг, диспут, дебаттарды, тегерек столдорду, КВНдерди өткөрүп туруусу зарыл.

Ош МУнун ар бир окутуучу, ар бир студенти жаңыланууга умтулмайын, эне тилибизди барктамайын алга илгерилей албайбыз.

Жогорку окуу жайларында кесиптерге ылайыктуу окуу жана окуу-усулдук китептерди мамлекеттик тилде чыгаруу зарыл. Ал эми чет өлкөлүк студенттер үчүн Мамлекеттик тилди окутуу 1, 2-курстар менен чектелбестен, 5-курска чейин кыргыз тилин окутуп мамлекеттик сынак менен жыйынтыктоо керек. Ошондой эле, ар бир факультетте, колледждерде, кафедраларда, иш-кагаздарын кыргыз тилинде толтуруу жогорку деңгээлде жолго коюлушу зарыл.

Мамлекеттик тилибизди Ош МУда өнүктүрүүнүн негизги чаралары катары төмөнкүлөрдү саноого болот:

1. Университеттеги мамлекеттик тилди өнүктүрүү жаатын тейлеген проректордун статусун көтөрүү;

2. Ош МУда бардык документтерди мамлекеттик тилге өткөрүүнү, бардык компьютерлерге кыргыз шрифтин орнотууну камсыздоо.

3. Окуу жайда жумушчу тил кыргыз тили экендигин бекитүү;

4. Жалпысынан жумушка кабыл алганда анын мамлекеттик тилди билгенин, мамлекеттик тилде окуй алгандыгын жана өз оюн айта алганын текшерип жумушка алыш керек.

5. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча багытталган иш-чараларды иштеп чыгуу:

- гуманитардык, табигый-математикалык ж.б. окуу планынын 1-2-блогуна тиешелүү болгон сабактар боюнча керектүү окуу китептерин мамлекеттик тилде жазып чыгаруу;
- окуу процессин тейлөө толугу менен мамлекеттик тилге өтүүсүн камсыздоо;
- концепциянын ишке ашуу мөөнөтүндө негизги дисциплиналар боюнча окуу методикалык комплекстер мамлекеттик тилде даярдалып бүтүүсүнө шарт түзүү ж.б.

### 11.3. Эл аралык (дүйнөлүк) тилдерди окутууну өнүктүрүүнүн иш-чаралары

Дүйнө коомчулугунун Кыргызстанга кызыгуусу артып жатат. Биздин тышкы дүйнө менен дипломатиялык, саясий, соода-экономикалык, маданий мамилелерибиз өсө бермекчи. Демек, келечекте бизге кыргыз тили менен катар кытай, немис, араб, жапон, француз, испан тилдерин мыкты билген адистер керек болот. Бара-бара расмий деңгээлде документ алмашуулар, сүйлөшүүлөр мамлекеттик тилге которулмакчы. Жакынкы келечекте Улуттар уюмунун негизги тилдери менен кыргызча сүйлөшүүчү күн да келет. Аталган тилдерден кыргызчага, кыргызчадан ал тилдерге синхрондуу которо алган адистер, тилмечтер талап кылынары турган иш.

Эл аралык тилдерди окутуунун стратегиялык максаттары улуттар арасында дуйнөлүк мамилелерди чыңдоо, бири-бири менен байланыштуу,

ошол элдердин тарыхын, каада салтын, үрп-адатын билүү. Канча тил билсең - ошончо дил билесиң деген сөз бар эл арасында. Тил билсең илим тармагында, экономика, бизнес ж.б. тармактар менен байланышууга шарт түзүлөт.

ОшМУдагы борборлор Эл аралык мамилелерди чыңдоого салымын кошуп жатат, бирок дагы чет өлкөдөгү ЖОЖдордун окутуучулары, студенттеры менен байланышып, тажрыйба алмашууну чыңдоо, окуу, илим, инвестиция тартуу ж.б. тармактарга байланыштуу иш чараларды жолго коюу зарыл.

1. Университетте тилдерди үйрөнүү боюнча бирдиктүү борбор түзүү. Бул борбордо(борборлордо) мамлекеттик жана Эл аралык тилдер боюнча семинарларды, конференцияларды элчиликтердин өкүлдөрүн чакыруу, волонтерлор, Эл аралык фонддордун жетекчилери менен бирдикте иш-чараларды өткөрүүнү уюштуруу;

2. Интернет, CD-, DVD-дисктер, кассеталар, видеофильмдерди колдонуу менен эл аралык тилдерди окуп-үйрөнүү процессин өркүндөтүүнү жолго коюу;

3. Университетте студенттер, аспиранттар арасында семинар, тренинг, диспут, дебаттарды өткөрүү иш чараларын жандандыруу;

4. Ар бир факультеттердин студенттеринин кесиптик багытына ылайык, окуу-усулдук колдонмолорду чыгарып туруу зарыл, ж.б.

## *12. ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙГА ЧЕЙИНКИ ЖАНА ОКУУ ЖАЙДАН КИЙИНКИ ДАЯРДОО, КОШУМЧА БИЛИМ БЕРҮҮ*

### 12.1. Жогорку окуу жайга чейинки жана окуу жайдан кийинки даярдоонун (окутуунун) максаттары, милдеттери жана багыттары

Кыргызстанда бүгүнкү күндө көпчүлүк бүтүрүүчүлөр колуна аттестат же диплом алышып, билимдүү эсептелгендери менен өздөрүнчө жекече чечим кабыл алууга, олуттуу максаттарды коё билүүгө билим деңгээли жагынан жөндөмсүз. Республикадагы билим берүүнүн бардык баскычтары бири-бири менен тыгыз байланышта болуусу учурдун талабы. Ал баскычтардын ар бири толук кандуу өз милдеттерин аткарса, анда жогорку окуу жайларына орто мектептен билим деңгээли жетиштүү бүтүрүүчүлөр гана баруусу туура болот. Ошол эле учурда билим деңгээли чабалыраак мектептин бүтүрүүчүлөрү өз билимдерин колледждерден же атайын курстардан өркүндөтүп, андан жетиштүү билим алгандан кийин гана каалоосу боюнча иштегенге же ЖОЖдордо билимин улантууга мүмкүнчүлүк алуусу зарыл. Мындай системаны орното алсак, анда окутуунун сапатын бир кыйла жогорулатууга болот. Ошондуктан ЖОЖго чейинки жана жогорку окуу жайдан кийинки даярдоо учурдун талабы.

Мындай көз караштан карасак, анда окуучулар үчүн билим алуунун мектептен кийинки бир канча баскычтарын толук кандуу иштетүү боюнча жетиштүү чараларды көрүү зарылдыгы келип чыгат:

- “Мектеп – Колледж – ЖОЖ - Өндүрүш” системасын толук кандуу модернизациялоо жана аны иштетүүнүн эффективдүү ресурстары менен камсыздоо;
- ЖОЖдордо магистратура, аспирантура, докторантура аркылуу жогорку квалификациялуу адистерди даярдоону өркүндөтүү;
- Кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу системасына дистанттык окутуу технологиясын ыңгайлаштырып иштеп чыгуу жана кийирүү;
- Тармактар боюнча кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруу ж.б. учурдун талабы;
- Кошумча билим берүү, адистиктерин алмаштыруу үчүн атайын бөлүм ачылып, каалоочулар үчүн шарт түзүлүүгө тийиш, ж.б.

### 12.2. Университетте кошумча билим берүүнүн максаттары, негизги багыттары жана милдеттери

Ош МУда кошумча билим берүүнүн негизги максаты - бул кесип ээлерине жогорку кесиптик билимин андан ары жогорулатууга, жаңы тажрыйба алууга, изденүүнүн жаңы жолдорун үйрөнүүгө, кесиптик карьерасын жогорулатууга жардам берүү болуп саналат.

Болочок адистерге кошумча билим берүүнүн негизги багыттары, болуп, мисалы «Бухгалтердик эсеп, анализ жана аудит» адистигине - бухгалтерлердин Эл аралык деңгээлдеги сертификациялоосунун «Биринчи» деңгээли «CAP» жана «Экинчиси» - «CIPA» даражаларына даярдоо саналат. Ушул сыяктуу иштерди күчөтүү окуу жайдагы ар бир адистик боюнча жүргүзүлүүсү керек. Мындай багытта жүргүзүлгөн кошумча билим берүү өзгөчө кесиптик карьераны өстүрүүгө мүмкүндүк берет. Мындай кошумча билимди берүүчү жана билимин өркүндөтүү боюнча акы төлөө курстарына профессордук-окутуучулук курамды туура, сапаттуу тандоо зарыл, анткени ал курстардын ийгиликтүү иштешине шарт түзөт.

Кошумча билим берүү бардык эле тармактын кесип ээлеринин кесиптик жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө чоң өбөлгө түзөт. Азыркы күндө эмгек рыногу адистик тарабынан талапка жооп берген жана ошондой эле 2-3 кесиптик багыты бар кадрларды талап кылууда. Ал эми илим изилдөө иштерине аралашуу кесиптик карьеранын өсүшүндө негизги факторлордун бири экендиги аныкталган. Мына ошондуктан билим берүү системасынын магистратура, аспирантура жана докторантура баскычтарын университете өнүктүрүү да учурдун талабы.

Ошондой эле түштүктөгү башка жогорку окуу жайлардын окутуучуларынын билимин өркүндөтүү боюнча акы төлөп окуучу курстарын уюшуруу зарылдыгы бар.

### 12.3.Университетте корпоративдик маданиятты калыптандыруу жана өнүктүрүү

Университетте корпоративдик маданиятты өнүктүрүү үчүн төмөнкүдөй багыттагы жумуштарды аткаруу керек:

1. Университеттин илимий авторитетин жогорулатуу;

2. Ош МУнун салт санаасын сактоо;

3. Окуу жайда биргеликте өткөрүлүүчү маданий иш-чараларды өткөрүү.

Корпоративдик маданияттын ченемдери жана критерийлери болуп төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

- ЖОЖдун социалдык-ориентирдик адаптациясы;
- ЖОЖдун максат рационалдык адаптациясы;
- ЖОЖдун коммуникативдик адаптациясы.

1. ЖОЖдун социалдык-ориентирдик адаптациясы-ЖОЖ актуалдуу социалдык маселелерди чечүүгө катышат (өздөрүнүн регионунун экологиялык проблемасын чечүүгө сунуш киргизет, актуалдуу проблема боюнча корпоративдик иш-чараларды, СПИД, наркомания, алкоголизм боюнча өткөрөт, ж.б.).

2. Максаттуу регионалдык адаптация - ЖОЖ тарабынан берилген билим сапатын жана ЖОЖдун илимий жетишкендиктерин, деңгээлин аныктоочу критерий (илимий конференциялар, олимпиадалар, диссертация жактоолор).

3. ЖОЖдун коммуникативдик адаптациясы - ЖОЖдогу максаттуу группалар менен коммуникативдик байланыш. Абитуриенттер жана алардын ата-энелери, ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрү, саясий жана коомдук уюмдар.Университеттин атайын жума сайын чыгарыла турган газетасы болуп, университеттин окуу-тарбиялык, илимий-изилдөө иштери жана спорттогу жетишкендиктери ж.б. жөнүндө абитуриенттерге маалымат жетип туруусу керек. Окурмандар университеттин студенттик жана илимий турмушу менен да тааныш боло алышат. Күчтүү корпоративдик маданияттын көрсөткүчү - коммуникативдик адаптация. Бул Ош МУнун имиджин, университеттин миссиясын ийгиликтүү аткаруусун жана анын эффективдүүгүн жогорулатат.

## 13. ОШ МУНУ 2013-2018-ЖЫЛДАРЫ СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ: ИННОВАЦИЯ, ИНВЕСТИЦИЯ ЖАНА ИНТЕГРАЦИЯ

Программада Ош мамлекеттик университетин 2013-2018-жылдары өнүктүрүүнүн стратегиялык-приоритеттик багыттары катары инновациялык, инвестициялык жана интеграциялык багыттагы иштер кабыл алынып, бул багыттардагы университеттин ишмердүүлүгүнүн негизги максаттары, милдеттери жана өнүктүрүүнүн стратегиялык жана тактикалык багыттары, университетте башкаруу, окуу жана илимий-изилдөө иштерин уюштуруу жана координациялоо, кадрларды даярдоо жана билим берүүнүн сапатын өркүндөтүү, эл аралык байланышты күчөтүү, инновациялык, инвестициялык жана өндүрүштүк-чарбалык иштерди жандандыруу, Ош МУда маалымдаштырууну жогорку деңгээлге көтөрүү менен дүйнөлүк (эл аралык) интеграциялык процесске кошулуу максатындагы иш-чараларды аткаруунун матрицасы келтирилген.

Ош МУнун ректору профессор К.А.Исаковдун Россия, Туркия мамлекеттери, Кытай Эл Республикасы, Индия, АКШ жана башка Европа мамлекеттери менен болгон дипломатиялык иш-аракеттеринин натыйжасында жакынкы аралыктарда бир топ гранттар, чоң суммадагы инвестициялар алынды, инновациялык, инвестициялык жана интеграциялык багыттагы иштерди ийгиликтүү жүргүзүүгө ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

Илимдин, техниканын, IT-технологиянын дүркүрөп өсүп турган мезгилинде, өндүрүштүн багытын рыноктук экономика өзүнүн талаптары менен башкарып турган учурда, интернет технологиянын мүмкүнчүлүктөрү менен бүткүл дүйнөлүк глобалдаштыруу процесси жүрүп жаткан заманда ар бир окуу жайдын алдына өзгөчө талаптар коюулууда.

2013-2018-жылдары Ош мамлекеттик университетин өнүктүрүүнүн стратегиялык-приоритеттик багыттары катары ***инновациялык, инвестициялык жана интеграциялык*** багыттагы иштер кабыл алынды. Ош МУнун ректору профессор К.А.Исаковдун демилгеси менен 2013-2014-окуу жылы - **ИННОВАЦИЯ, ИНВЕСТИЦИЯ ЖАНА ИНТЕГРАЦИЯ** жылы деп жарыяланды.

### 1. *Инновация багытындагы иштер:*

- Жаңыча иштөө, маселелерди чечүүнүн оптималдуу жолдорун ойлоп табуу, стандарттык эмес ой-жүгүртүү, замандын агымы менен бирге алдыга кадам шилтөө;
- Окутууну жана кадрларды даярдоону компетенттүүлүк талаптарына ылайык жүргүзүү;
- Илимий-изилдөө иштерин өндүрүштүк-практикалык нукка багыттоо;
- IT-технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен рыноктук экономиканын агымына ылайык киреше алып келүүчү иштерди жасоо.

*2. Инвестиция багытындагы иштер:*

- Маселелерди чечүүдө биргеликте иштөө, бул максатта партнерлорду жана инвесторлорду табуу;
- Кадрларды рыноктук экономиканын талаптарына ылайык адистиктер жана багыттар боюнча даярдоо;
- Билим берүүнү экспорттоо жана импорттоо;
- Илимий-изилдөө иштерин гранттар, өндүрүштүк-келишимдик, проекттик иштер менен жана инвесторлор аркылуу каржылоого жетишүү.

*3. Интеграция багытындагы иштер:*

- Болон процессинин алкагында кадрларды даярдоодо ЖОЖдор жана илимий мекемелер менен кызматташтыкты ишке ашыруу;
- Студенттерди, магистранттарды, аспиранттарды жана изилдөөчүлөрдү даярдоодо мобилдүүлүктү камсыз кылуу;
- Ош МУну дүйнө жүзүнө таанытуу.

*4. Инновация багытындагы стратегиялык программа:*

- Ош МУда Болон процессинин алкагында окутуунун Европалык кредиттик системасын толугу менен киргизүү;
- Жогорку кесиптик билим берүүнүн көп баскычтуу «Бакалавр – Магистр – PhD» системасына өтүүнү камсыз кылуу;
- Университеттин автоматташтырылган «AVN» системасын толук ишке киргизүүнү камсыздоо;
- Ош МУнун китепканаларында «ИРБИС-64» автоматташтырылган системасын жүзөгө ашырууга жетишүү;
- Ош МУга сапаттын менеджмент системасын кийирүү;
- Университтетин өндүрүштүк-технологиялык паркын уюштуруу жана аны өндүрүштүк кубаттуулугу жогору болгон жаңы техникалык каражаттар менен камсыздоо;
- Ош МУнун курамына кирген бала бакча, мектептердин, колледждердин ортосунда макулдашылган жана окууну үзгүлтүксүз улантууну шарттаган түрдүү баскычтагы окуу пландарын жана программаларын кредиттик технологиянын алкагында түзүү;
- «Ош мугалимдер институту – Ош МУнун калыптанышынын алгачкы башаты» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүү;

### 5. *Инновациялык багыттагы стратегиялык программаны ишке ашыруу боюнча аткарылуучу иш-чаралардын матрицасы:*

| № | Иштин мазмуну | Аткарууга жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | 2014-2015-окуу жылында бакалавр багыты боюнча Европалык кредиттик системага өтүүнү толугу менен камсыздоо | Ректорат, факультеттер | 2015, июль |
| 2 | 2014-2015-окуу жылында магистратура боюнча Европалык кредиттик системага массалык өтүүгө жетишүү | Ректорат, факультеттер | 2015, июль |
| 3 | Автоматташтырылган «AVN» системасын Ош МУнун структуралык бөлүмдөрүнө толук ишке киргизүүнү камсыздоо | Кожобеков К., Эркебаев Т., Турдубаева Г., Тойчиева Б. | 2015, июль |
| 4 | Ош МУга сапаттын менеджмент системасын кийирүү | Исаков К.А., Алтыбаева М. | 2014 |
| 5 | Ата мекендик жана чет элдик жогорку окуу жайлар менен байланышты, студенттерди жана окутуучуларды алмаштырууну күчөтүү | Абдувалиев А., Шаимкулов О., Эркебаев Т. | |
| 6 | ОшМУнун китепканаларында «ИРБИС-64» автоматташтырылган системасын жүзөгө ашырууга жетишүү | Исаков К.А., Мамбетова С., Сопуев А. | 2013-2018 |
| 7 | ОшМУнун библиотекасын автоматташтыруу боюнча проект жазуу жана ишке ашыруу. Университеттин үлгүлүү электрондук китепканасын түзүү | Жумабаева Т., Мамбетова С. | 2013-2018 |
| 8 | Электрондук окуу китептерин түзүү боюнча мастер-класс уюштуруу жана окутуучулардын бул багыттагы билгичтиктери менен көндүмдөрүн арттыруу үчүн конкурс жарыялоо | Абдувалиев А. | 2013-2018 |
| 9 | Университтетин өндүрүштүк-технологиялык паркын уюштуруу жана аны өндүрүштүк кубаттуулугу жогору болгон жаңы техникалык каражаттар менен камсыздоо | Исаков К.А., Жумабаева Т. | 2014-2018 |
| 10 | Ар бир кафедрада - ойлоп табуу, коргоо, өз ара кызматташуу келишими, инвестиция тартуу жана «Сандан сапатка өтүү» иш чараларын жүргүзүү | Кафедра башчылары | Жыл сайын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11 | Окуу-методикалык комплекстерди өнүктүрүү. Ар бир дисциплина боюнча боюнча лекциялардын, практикалык жана лабораториялык сабактардын иштелмелеринин электрондук варианттарын түзүүгө жана аларды университеттин сайтына жайгаштырууга жетишүү | Кафедра башчылары | Жыл сайын |
| 12 | Окутуунун кредиттик технологиясына ылайык жайкы семестрди уюштуруу, академиялык айырмаларды чыгаруу, аны тапшыруу эрежелерин камтыган Жоболорду иштеп чыгуу | Кожобеков К. | 2013-2018 |
| 13 | Сырттан окуган студенттер үчүн дистанттык технологияларды жандандыруу максатында региондордо ресурстук борборлорду ачуу | Шаимкулов О. | 2013-2018 |
| 14 | Дистанттык окутуу боюнча чет элдик окуу жайлар менен байланышты күчөтүү жана эл аралык программалардын алкагында долбоорлорду даярдоо | Шаимкулов О. | 2013-2018 |
| 15 | Университетти соңку информациялык технологиялар менен жабдуу иштерин улантуу, AVN информациялык системасын колдонууну андан ары өркүндөтүү, окутуунун дистанттык формаларын интенсивдүү өнүктүрүү, Окутуунун жаңы интенсивдүү технологияларын кийирүү | Абдувалиев А., Шаимкулов О., Кожобеков К. | 2013-2018 |
| 16 | Мамлекеттик тилди окутуунун аккредитацияланган борборун, билим берүүнүн бардык баскычтарында мамлекеттик тилде окутууга түрткү берүүнүн системасын жана шарттарын түзүү | Исаков К., Шаимкулов О.А. | 2013-2018 |
| 17 | Инновациялык багыттагы илим изилдөөчүлүк долбоорлорго студенттер, жаш окумуштуулар, профессордук-окутуучулук курам арасында сынак жарыялоо, долбоорлорду топтоо, эксперттен өткөрүп каржылоо | Жумабаева Т. | 2013-2018 |
| 18 | Илим изилдөө иштеринде ойлоп табуучулук, рационализатордук, инновациялык мүнөздөгү иш аракеттерди күчөтүү, алардын натыйжасында патент алуу, патентке керектүү кагаздарды даярдоого көмөк көрсөтүү. | Жумабаева Т. | 2013-2018 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 19 | «Адис» борборунун базасында тилди билүү деңгээлин баалоонун европалык шкаласына ылайык мамлекеттик, орус жана чет тилдерин үйрөнүү курстарын уюштуруу | «Адис» борбору | 2013-2018 |
| 20 | Ар бир багыт (адистик) боюнча окуу-лабораториялык жабдуулардын абалын аныктоо жана алардын муктаждыктарын камсыздоо боюнча реалдуу чараларды көрүү | Абдувалиев А., Ормонов Ж. | 2013-2018 |
| 21 | «Ош мугалимдер институту – Ош МУнун калыптанышынын алгачкы башаты» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүү | Исаков К.А., Жумабаева Т., Кулдышева Ч. | 2014, октябрь |

***6. Инвестиция багытындагы стратегиялык программа:***

- *Ош МУ менен Туркия мамлекетинин ортосундагы биргелешкен окуу структураларын ишке киргизүү;*
- *Ош МУ менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы келишимдин негизинде түзүлгөн «Конфуций» институтунун ишмердүүлүгүн өркүндөтүү;*
- *Медицина факультетинин базасында окуу-өндүрүштүк клиниканы уюштуруу;*
- *Эл аралык билим жана илим мейкиндигиндеги жүрүп жаткан процесстерге маркетингдик изилдөөлөрдү жүргүзүү;*
- *Университеттеги билим берүүнү экспорттого жана импорттоого зарыл болгон чыныгы негиздерди жаратуу жана өнүктүрүү;*
- *Ош МУнун алдындагы магистратурада, аспирантурада жана докторантурада контракттык негизде окуган жарандардын контингентин көбөйтүү;*
- *Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясы аркылуу спонсордук каражаттарды табууну уюштуруу, корпоративдик фонддорду түзүү жана аларды иштетүүнүн жоболорун иштеп чыгуу;*
- *Ош шаарына, Ош областына, Республикага, жеке жана мамлекеттик ишканаларга керек болуучу илимий багыттар боюнча илимий-изилдөө иштерин кеңейтүү, иштелип чыккан жаңы технологияларды өндүрүшкө кийирүү, гранттык конкурстарга катышууну жандандыруу;*

### *7. Инвестиция багытындагы стратегиялык программаны ишке ашыруу боюнча аткарылуучу иш-чаралардын матрицасы:*

| № | Иштин мазмуну | Аткарууга жооптуулар | Мөөн ө-тү |
|---|---|---|---|
| 1 | Ош МУнун кампусуна «Ыйман» лицейинин имаратын курууга Туркия мамлекети менен келишимге кол коюуга жетишүү | Исаков К.А. | 2014-2018 |
| 2 | «Конфуций» институтунун материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана модернизациялоо үчүн Кытай Эл Республикасынын грантын пайдалануу | Исаков К.А. | 2014-2018 |
| 3 | Ош МУнун кампусуна Медицина факультетинин окуу-өндүрүштүк клиникасынын имаратын курууга жана керектүү окуу эмеректери менен камсыздоо үчүн инвесторлорду тартуу | Исаков К.А. | 2014-2018 |
| 4 | «Ош МУда – билимди баалоо таза жана айкын» деген девиздин алкагында USAID гранты менен «Көз карандысыз тестирлөө» борборлорун ачуу жана ишке кийирүү | Исаков К.А., Кожобеков К. | 2013-2014 |
| 5 | Индия мамлекетинин (1,0 миллион $) грантын тартуу менен Ош МУнун башкы корпусунда заманбап мультимедиалык компьютердик борбор түзүү | Исаков К.А. | 2014-2018 |
| 6 | “Тика” компаниясынын гранттык жардамы аркылуу заманбап сканер алууга жетишүү | Исаков К.А. | 2013-2014 |
| 7 | «Российско-Киргизский диалог – 2013» программасынын алкагында Россиядагы кыргызстандык ишкерлер менен инвестиция тартуу багытында иш алып баруу | Исаков К.А., Абдувалиев А., Эркебаев Т. | 2013-2018 |
| 8 | «ОшМУ – Ошко» аттуу долбоорлор сынагынын жобосун иштеп чыгуу, бекитүү, жарыялоо, каржылоо, иш аракеттеринин натыйжасын патенттөөнүү колго алуу | Исаков К.А., Жумабаева Т., Ташполотов И. | 2014-2018 |
| 9 | Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясын түзүү менен байланышты күчөтүү. Бүтүрүүчүлөр менен иш берүүчүлөрдү окуу процессин сапаттуу уюштурууга пайдаланууну күчөтүү. | Карьера борбору | 2013-2018 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10 | USAIDдин каржылоосу менен түштүк регионунда окуу процессин кредиттик технологиянын жардамында уюштуруу тажрыйбасын жайылтуучу борбор түзүү | Исаков К., Кожобеков К. | 2013-2018 |
| 11 | Билим берүүнү экспорттоо алкагында инвестицияларды тартуу. Алыскы чет өлкөлүк студенттердин санын көбөйтүү үчүн тиешелүү органдар жана уюмдар менен байланыштарды өркүндөтүү | Исаков К., Абдувалиев А. Шаимкулов О. | 2013-2018 |
| 12 | Окутуучулардын билимин өркүндөтүү курстарын уюштуруу үчүн сырткы донорлордун эсебинен каржылануучу долбоорлорду түзүү, өткөрүү | Закиров А. | 2013-2018 |
| 13 | Түштүк регионундагы медициналык, укуктук жана экономикалык багыттагы колледждердин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу үчүн ОшМУда курстарды уюштуруу боюнча долборлорду жазуу жана гранттык негизде каражат булактарын издөө | Омаралиев А., Аттокуров К., Акматова Т., Стамбаев Ө. | 2013-2018 |
| 14 | Финансы юридикалык колледждин экономикалык багыттагы адистиктери үчүн дистанттык технологияларды пайдаланууну пилоттук негизде уюштуруу боюнча долбоорлорду жазуу жана гранттык негизде каражат булактарын издөө | Акматова Т. | 2013-2018 |
| 15 | Колледждердин медициналык жана экономикалык багыттарынан бирден адистиктерди эл аралык аккредитациядан өткөрүүнү уюштуруу боюнча долбоорлорду жазуу жана гранттык негизде каражат булактарын издөө | Омаралиев А., Аттокуров К., Акматова Т., Стамбаев Ө. | 2013-2018 |
| 16 | Ош МУнун «Зирек» бала бакчасын заманбап билим берүү борборуна айландыруу максатында долбоорлорду жазуу жана гранттык негизде каражат булактарын издөө | Исаков К.А., Эркебаев Т., Аккулов А. | 2013-2018 |
| 17 | Кыргыз Республикасындагы инновациялык багыттагы жергиликтүү (Ош регионундагы, Ош шаарындагы): чарбалык субьектилердин көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган илимий изилдөөлөрдү тактап, тиешелүү структураларды кызыктыруучу жана колдоп, каржылоочу, иш аракеттерди (хоз. договор) иштеп чыгуу | Жумабаева Т., Эркебаев Т. | 2013-2018 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 18 | Ар бир структуралык бөлүмдүн жергиликтүү жана чет элдик уюмдардан, фонддордон жана башка каржылануучу, университетке түздөн түз келүүчү илимий-практикалык долбоорлорду түзүүгө жана аларды өткөрүүгө жетишиши | Жумабаева Т., Эркебаев Т. | 2013-2018 |
| 19 | Жогорку билим берүүдө кадрдык ресурстарды башкарууну жана окуу процессин уюштурууну автоматташтыруу аркылуу жаңы багытка буруу боюнча проект жазуу жана ишке ашыруу | Абдувалиев А. Эркебаев Т. | 2013-2018 |
| 20 | ОшМУда заманбап үзгүлтүксүз билим берүүнүн моделин түзүү боюнча долборлорду жазуу | Закиров А. | 2013-2018 |

### 8. *Интеграция багытындагы стратегиялык программа:*

- Ош МУну дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине алып чыгуу, жогорку билим берүү системасынын сапатын дүйнөлүк стандартка жеткирүү;
- Россия, Кытай Эл Республикасы, Туркия, Индия жана башка Европа өлкөлөрү менен билим берүү, илим-изилдөө жана маданият тармактарында кызматташууну күчөтүү;
- Шанхай кызматташтык уюмунун университеттеринин арасында билим берүү, илим изилдөө жана маданият багыттарында кызматташтыкты өркүндөтүү;
- Ош МУнун студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын, окутуучуларынын академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүү;
- Кадрларды даярдоо сапатын дүйнөлүк стандартка жакындатуу;
- Ош МУнун структуралык бөлүмдөрүн өздүк аттестациядан өткөрүү менен Ош МУнун багыттарынын программаларын Эл аралык аккредитациядан өткөрүүгө жетишүү;
- Ош МУнун бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдорунун чет өлкөлөрдө таанылышын камсыз кылуу;
- «Ош мугалимдер институту – Ош МУнун калыптанышынын алгачкы башаты» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүү;

### 9. Интеграция багытындагы стратегиялык программаны ишке ашыруу боюнча аткарылуучу иш-чаралардын матрицасы:

| № | Иштин мазмуну | Аткарууга жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Шанхай кызматташтык уюмунун университеттеринин (ШКУУ) курамына Ош МУнун мүчө болуп киришин камсыздоо | Абдувалиев А. | 2013 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | ШКУУ алкагында «Энергетика» багытын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине алып чыгуу | Абдувалиев А.<br>Айдарбеков З. | 2013 |
| 3 | «Российско-Киргизский диалог – 2013» программасынын алкагында Новосибирск мамлекеттик техникалык университети (НГТУ), Алтай мамлекеттик университети менен билим берүү, илим жана маданият багыттарында келишимдерди түзүү жана иш алып баруу | Исаков К.А.,<br>Абдувалиев А. | 2013 |
| 4 | Түркиянын “Мевлана” программасы боюнча студенттерди жана окутуучуларды алмашууну ишке ашыруу | Исаков К.,<br>Жоробеков Т. | 2013-2018 |
| 5 | КРнын ЖОЖдорунун ортосундагы студенттер жана окутуучуларды алмашууну уюштуруу максатында ЖОЖдор аралык “Ош декларациясын” кабыл алуу | Исаков К. | 2013 |
| 6 | НГТУ менен ШКУУ алкагында «IT-технология» жана математика багыты боюнча билим берүү жана илимий изилдөө изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында иш алып баруу | Абдувалиев А.<br>Асылбеков Т.,<br>Сопуев А.,<br>Аттокурова А. | 2013-2018 |
| 7 | Алтай мамлекеттик университети менен билим берүү, илим жана маданият багыттарында келишимдерди түзүү жана иш алып баруу | Абдувалиев А.<br>Момуналиев С.<br>Зулпукаров К.,<br>Кулдышева Ч. | 2013-2018 |
| 8 | Москва мамлекеттик Экономика, статистика жана информатика университети менен ШКУУ кызматташтыгынын алкагында «IT-технология» багыты боюнча кадрларды сапаттуу даярдоо жана илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында иш алып баруу | Абдувалиев А.<br>Асылбеков Т.,<br>Сопуев А.,<br>Ободоева К. | 2013-2018 |
| 9 | Новосибирск мамлекеттик агрардык университети менен ШКУУ алкагында билим берүү, илим жана маданият тармагында кызматташтыкта иштөө | Абдувалиев А.<br>Коланов О. | 2013-2018 |
| 10 | И.Раззаков атындагы Кыргыз техникалык университети менен ШКУУ кызматташтыгынын алкагында «IT-технология» багыты боюнча кадрларды сапаттуу даярдоо максатында иш алып баруу | Асылбеков Т.,<br>Сопуев А.,<br>Осмоналиев А. | 2013-2018 |
| 11 | Кытай Эл Республикасынын Үрүмчүдөгү педагогикалык институту менен келишимдерди түзүү | Исаков К.А.,<br>Абдувалиев А. | 2013-2018 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 12 | 1941-1944-жылдары Ош мугалимдер институтунун имаратында ишмердүүлүгүн уланткан Ростов мамлекеттик университети жана Ростов педагогикалык институттары менен кызматташтык түзүү иш-чарасын баштоо | Исаков К.А., Жумабаева Т., Ташполотов Ы. | 2013-2018 |
| 13 | Ош МУнун сайтын өнүктүрүү жана аны жаңы маалыматтар менен толукталуусун көзөмөлдөө. ОшМУнун кабыл алуу комиссиясынын сайтын үч тилде (кыргыз, орус, англис) түзүү | Абдувалиев А. Жумабаева Т. | 2013-2018 |
| 14 | ОшМУну көп тилдүү билим берүү моделин колдонгон жогорку окуу жайына айландыруу боюнча конкреттүү иш-чараларды жүргүзүү | Абдувалиев А. | 2013-2018 |
| 15 | Ош МУнун Медиа борборунун сайтын жаңылоо. Окуу процессине керектүү тематикалык видеотека түзүү (видео, кино, теле жана даректуу фильмдер) | Медиа борбору, Молдояров У. | 2013-2018 |
| 16 | Жогорку жана орто кесиптик билим берүүчү программаларды эл аралык көз карандысыз аккредитациядан өткөрүү боюнча ар бир факультетте, университеттик деңгээлде жумушчу топторду түзүп өздүк аттестациялоолорду жүргүзүү | Структуралар-дын жетекчилери | 2013-2018 |
| 17 | Жогорку жана орто кесиптик билим берүүчү программаларды эл аралык көз карандысыз аккредитациядан өткөрүүнүн шарттары боюнча семинарларды уюштуруу | Структуралар-дын жетекчилери | 2013-2018 |

## 14. ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН 2014-2015-ЖЫЛДАРЫ МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО ПРОГРАММАСЫ

Программада Ош мамлекеттик университетининишмердүүлүгүн 2014-2015-жылдары модернизациялоо программасы кабыл алынып, окутуу процессин уюштуруу, аны нормативдик-укуктук жана методикалык документтер менен камсыздоо, материалдык-техникалык базаны чыңдоо; бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу, иш берүүчүлөр менен байланышты күчөтүү; модернизациялоо менен илимий-изилдөө иштеринин эффективдүүлүгүн жогорулатуу; интеграция, билим берүү жана илимий-изилдөө иштери боюнча байланыштарды күчөтүү; ОшМУнун билим берүү багыттарын жана программаларын эл аралык аккредитациядан өткөрүү; тарбиялык, коомдук-массалык жана маданий-эс алуу иштери; профориентациялык иштер; ОшМУну информациялык-техникалык каражаттар менен камсыздоо; коомго кызмат кылуу багытындагы иш-чараларды аткаруу маселелери каралган.

Кыргызстанда Болон процессинин алкагында кадрларды даярдоонун үч баскычтуу системасына (бакалавриат, магистратура, PhD) өтүү процесстери жүрүп жаткан мезгилде жана окутууда кредиттик технологиялардын принциптерин колдонуу зарыл болуп жаткан учурда билим берүүнүн дүйнөлүк системасына кошулуу үчүн ЖОЖдордун ишмердүүлүгүн модернизациялоонун объективдүү себептерипайда болду.

ЖОЖдордун ишмердүүлүгүн модернизáциялоо деп бүгүнкү күндүн талабына жана шарттарына жооп бере тургандай кылып миссияны, алдыдагы максаттарды жана милдеттерди жаңылоону, ишмердүүлүкттө заманбап технологияларды жана инновацияларды колдонууну, кадрларды даярдоонун сапаттык көрсөткүчтөрүн жогорулатууну жанажаңы бийиктиктерге карай өнүгүүнү тездетүүнү айтабыз.

Башкы максат — жаңы муундагы кадрларды даярдоо, жаңы илимий-техникалык мектептерди түзүү, коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүн өнүктүрүүгө алып келген инвестициялык, инновациялык технологияларды колдонуу, билим берүүнүн дүйнөлүк интеграциялык системасына кошулуу.

Программада ишмердүүлүктүн конкреттүү участокторунда кандай багытта модернизáциялоо керек экендиги каралган.

### 1. Окутуу процессин уюштуруу, аны нормативдик-укуктук жана методикалык документтер менен камсыздоо, материалдык-техникалык базаны чыңдоо

| № | Иш-аракеттердин түрү | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Окуу пландарын компетенттүүлүк мамилеси менен модернизациялоо (бакалавр, магистратура):<br>• Болочок адис (бүтүрүүчү)ээ боло турган билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү | Бүтүрүүчү кафедралар | 2014, сентябрь |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана компетенцияларды аныктоо;<br>• Компетенциялардын алкагында дисциплиналарды тандоо жана окуу пландарын түзүү;<br>• Окуу пландарынын вариативдик бөлүгүн жана тандоо курстарын түзүүдө илимдин, техниканын жана рыноктук экономиканын талаптарын эске алуу. | | |
| 2 | Окуу дисциплиналары:<br>• Дисциплиналардын аннотацияларын жана типтүү программаларын түзүү;<br>• Дисциплиналар боюнча негизги жана кошумча адабияттарды камсыздоо. 2 студенттке 1 негизги окуу китеби (акыркы 5 жылда жарыкка чыккан) туура келиши керек;<br>• Негизги окуу китеп КРнын ББжИМнин грифи менен жарыкка чыккан болушу керек. Эгерде дисциплина боюнча мындай адабият жок болсо, анда бүтүрүүчү кафедра аны даярдашы зарыл. | Кафедралар | 2014, сентябрь<br><br>*Кафедра нын планы боюнча* |
| 3 | Жумушчу программалар жана силлабустар:<br>• Окутуунун тилине ылайык жумушчу программаларды түзүү (компетенциялар көрсөтүлүшү керек);<br>• Окутуунун тилине ылайык силлабустарды түзүү; | Кафедралар | 2014, сентябрь |
| 4 | Дисциплиналар боюнча методикалык камсыздоо:<br>• Ар бир лекциялык сабактын конспектисин (электрондук вариантын) даярдоо жана аны AVNге жайгаштыруу;<br>• Ар бир практикалык (семинардык) сабактын конспектисин (электрондук вариантын) даярдоо жана аны AVNге жайгаштыруу;<br>• Ар бир лабораториялык сабактын баяндамасын (электрондук вариантын) даярдоо жана аны AVNге жайгаштыруу. | Кафедралар | 2014-2018 |
| 5 | Учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү уюштуруу:<br>• Ар бир учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү уюштуруу үчүн тесттик тапшырмалардын банкын | Кафедралар | 2014-2018 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана варианттарын түзүү (.doc-файлын), ал эми .tf-файлын AVNге жайгаштыруу;<br>• Ар бир учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү уюштуруу үчүн баалоо системасынын критерийин иштеп чыгуу;<br>• AVN информациялык системасындагы баалоо эрежелерин тартиптештирүү. | Окуу-информация-лык департамент | |
| 6 | Студенттердин өз алдынча иштери:<br>• Ар бир учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөргө өз алдынча иштөө үчүн берилген материалдар боюнча суроолорду кийирүү;<br>• Өз алдынча иштөө үчүн берилген материалдарды өздөштүрүүнү эффективдештирүү үчүн окуу куралдарын даярдоо жана студенттерге сунуштоо | Кафедралар | 2014-2018 |
| 7 | Лабораториялык сабактарды алыстатылган режимде уюштуруу үчүн виртуалдык лабораторияларды түзүү | Кафедралар | 2014-2018 |
| 8 | Өндүрүштүк, педагогикалык жана башка практикаларды талапка ылайык уюштуруу максатында:<br>• Практиканын типтүү жана жумушчу программасын түзүү;<br>• Ишкана-мекемелер менен жаңы келишимдерди түзүү;<br>• Окуу жайдан жана ишканалардан дайындалган жетекчилердин ортосундагы байланышты жандандырып, биргеликте иш алып барышына жетишүү;<br>• Практика мезгилинде өздөштүрө турган билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жана компетенциялардын банкын түзүү жана алдардын студенттерде калыптандырылышына жетишүү;<br>• Практиканын инструктивдүү жана жыйынтыктоочу конференцияларын талапка ылайык деңгээлде уюштуруу жана пратика боюнча отчетту кабыл алууда формалдуулукка жол бербөө. | Бүтүрүүчү кафедралар | 2014-2018 |
| 9 | Окутуунун сапатын жогорулатууга алып келген окуу куралдарын, жабдыктарды жана техникалык каражаттарды алуу: | Ректорат | 2014-2018 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | • Компьютерлердин санын нормативдик талапка ылайык камсыздоо;<br>• Окуу куралдарын нормативдик талапка ылайык камсыздоо;<br>• Интерактивдүү доскалардын санын көбөйтүү;<br>• Ар бир кафедраны бирден проектор менен камсыздоо;<br>• Аудиторияларды бор менен жазыла турган кадимки сапаттуу доскалар менен камсыздоо;<br>• Окутуучулар үчүн автоматташтырылган жумушчу орундарды түзүү. | | |
| 10 | Ар бир кафедра үчүн мультимедиялык окуу аудиториясын түзүп берүү жана аны тиешелүү окуу жабдыктары менен камсыздоо | Ректорат, деканаттар | 2014-2018 |
| 11 | Окутуунун дистанттык технологияларын бакалаврларды, магистранттарды жана адистерди окутуунун бардык формаларына колдонууга жетишүү | Ректорат, деканаттар, кафедралар | 2014-2018 |
| 12 | Окутуу процессинде «AVN билим берүү порталынын» мүмкүнчүлүктөрүн кеңири пайдалануу, «AVN информациялык системасында» вэбинарларды уюштуруу менен видео онлайн сабактарын өтүү, студенттердин билимин «AVN информациялык системасы» менен толук баалоого жетишүү, окутуунун дистанттык технологиясын окутуунун бардык формаларында ишке ашыруу | Ректорат, деканаттар, кафедралар | 2014-2018 |
| 13 | Ар бир дисциплина боюнча окуу-методикалык комплекстерди даярдоо, алардын электрондук варианттарын «AVN информациялык системасы» аркылуу студенттерге жеткирүү | Деканаттар, кафедралар | 2014-2018 |
| 14 | Ар бир окутуучунун өзү окуткан дисциплина боюнча электрондук китепкананы түзүшүн талап кылуу | Деканаттар, кафедралар | 2014-2018 |

**2. Бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу, иш берүүчүлөр менен байланышты күчөтүү**

| № | Иш-аракеттердин түрү | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу максатында «Иш берүүчү - университет - студент» механизмин эффективдүү колдонуу:<br>• *Бүтүрүүчүлөрдү ишке жайгаштыруу максатында иш берүүчүлөр менен келишимдерди түзүү;*<br>• ***«Бош орундар (вакансиялар)»** жарманкесин регулярдуу түрдө уюштуруп туруу;*<br>• *Ишкана-мекемелер тарабынан бүтүрүүчүлөргө коюлуучу талаптарды билүү максатында жыл сайын **«Бүтүрүүчүлөр иш берүүчүлөрдүн көзү менен»**деген мониторингдерди уюштуруп туруу.* | Бүтүрүүчү кафедралар, деканат, карьера бөлүмү, «НУР» гезити | Жыл сайын |
| 2 | Адистиктер боюнча **«Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясын»** уюштуруу, жана алынган маалыматтарды ОшМУнун сайтына жайгаштыруу | Кафедралар, карьера бөлүмү | Жыл сайын |
| 3 | Бүтүрүүчүлөр менен кызматташуу:<br>• *Алдыңкы бүтүрүүчүлөр жөнүндөгү маалыматтарды «НУР» гезитине жарыялап туруу;*<br>• *Студенттер менен бүтүрүүчүлөрдүн жолугушууларын регулярдуу түрдө уюштуруп туруу.* | Бүтүрүүчү кафедралар, деканат, карьера бөлүмү, «НУР» гезити | Жыл сайын |
| 4 | Бүтүрүүчүлөрдү «ОшМУ 4-6 жыл бою бизди окутуп, билим берип адис кылды, эми биз ОшМУну колдоо жана анын кадыр-баркын көтөрүү үчүн иштешибиз керек» деген девиз астында тарбиялоого жетишүү. | Кафедралар, карьера бөлүмү | Жыл сайын |

**3. Модернизациялоо менен илимий-изилдөөиштерининэффективдүүлүгүн жогорулатуу**

| № | Иш-аракеттердин түрү | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Кафедралардын профилине карата илимий-изилдөө иштеринин тематикасын түзүү:<br>• Ар бир жыл үчүн илимий изилдөө иштеринин планын түзүү жана анын аткарылышында формалдуулукка жол | Кафедралар, илимий бөлүм | 2014, сентябрь |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | бербөө;<br>• Кафедралардын илимий-изилдөө иштеринин регистрациялык карталарын түзүү жана аларды бекитүү;<br>• Ар бир окутуучунун илимий изилдөө иштери менен камсыз болушун көзөмөлдөө;<br>• Илимий изилдөө иштеринин импакт-факторунун көрсөткүчүн жогорулатуу; | | |
| 2 | Кафедраларды илимий-изилдөө иштери боюнча конкурстарга катышуу жана гранттарды алууга жетишүү | Кафедралар | 2014-2018 |
| 3 | Илимий-изилдөө иштеринин эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында өндүрүштүк-технологиялык парк түзүү | Ректорат, илимий бөлүм, кафедралар | 2014-2018 |
| 4 | Ар бир кафедрада илимий-методикалык семинар уюштуруу жана алардын стабилдүү иштешин камсыз кылуу | Кафедралар | 2014-2018 |
| 5 | ОшМУнун илимий-техникалык кеңешин түзүү, анын функцияларын жана милдеттерин тактоо | Ректорат, илимий бөлүм | 2014-2018 |
| 6 | Кафедраларда илимий мектептерди түзүү, магистранттардын илимий-изилдөө иштеринин тематикаларын аныктоо | Кафедралар | 2014-2018 |
| 7 | Кафедраларда ойлоп табуу ишмердүүлүгүн баштоо, илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыгы катары патенттерди жана автордук күбөлүктөрдү алууну практикалоо | Кафедралар | 2014-2018 |
| 8 | Кафедраларда аспиранттардын жана изденүүчүлөрдүн диссертациялык иштеринин өз мөөнөтүндө жыйынтыкталышына шарт түзүү | Кафедралар | 2014-2018 |
| 9 | Студенттердин илимий-изилдөө иштерин жандандыруу, студенттердин илимий макалаларын ОшМУнун жарчысына жарыялоо | Кафедралар | 2014-2018 |
| 10 | Ар бир кафедрада илимий-изилдөө кружокторун уюштуруу | Кафедралар | 2014-2018 |
| 11 | Окутуучуларды илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыгы менен кызматтык конкурстарга жана шайлоолорго сунуштоо | Кафедралар | 2014-2018 |

**4. Интеграция, билим берүү жана илимий-изилдөө иштерибоюнча байланыштарды күчөтүү**

| № | Иш-аракеттердин түрү | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Шанхай кызматташтык уюмунун университеттеринин арасында билим берүү, илим изилдөө жана маданият багыттарында кызматташтыкты өркүндөтүү | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014-2018 |
| 2 | ОшМУнун студенттеринин, магистранттарынын, аспиранттарынын, окутуучуларынын академиялык мобилдүүлүгүн кеңейтүү | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014-2018 |
| 3 | Россия, Кытай Эл Республикасы, Туркия, Индия жана башка Европа өлкөлөрү менен билим берүү, илим-изилдөө жана маданият тармактарында кызматташууну күчөтүү | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014-2018 |
| 4 | ОшМУда окуган чет өлкөлүк студенттердин санын көбөйтүү, алар аркылуу мамлекеттер аралык байланышты күчөтүү | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014-2018 |
| 5 | ОшМУга чет өлкөдөн келип иштеген окутуучулардын жана волонтерлордун санын көбөйтүү, алар аркылуу мамлекеттер аралык байланышты күчөтүү | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014-2018 |
| 6 | «Ош мамлекеттик мугалимдер институту – ОшМУ-нун калыптанышынын алгачкы башаты» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция өткөрүү; Ростов мамлекеттик университетинин өкүлдөрүн ОшМУнун 75 жылдык юбилейине чакыруу | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014 |

**5. ОшМУнун билим берүү багыттарын жана программаларын эл аралык аккредитациядан өткөрүү**

| № | Иш-аракеттердин түрү | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | ОшМУнун структуралык бөлүмдөрүн өздүк аттестациядан өткөрүү; | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014-2018 |
| 2 | ОшМУнунбилим берүү багыттарын жана программаларын эл аралык аккредитациядан өткөрүү | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014-2018 |
| 3 | ОшМУга сапаттын кепилдигинин ички системасын кийирүү | Ректорат | 2014 |
| 4 | Студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн ОшМУдагы алган билимдерине, ык- | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014-2018 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | машыгууларына, көндүмдөрүнө жана тарбиясына болгон канааттануусун жогорулатуу | | |
| 5 | Студенттердин билимин баалоодо ачыктыкты, айкындыкты жана объективдүүлүктү камсыздоо | Ректорат, деканат, кафедралар | 2014-2018 |
| 6 | Аккредитациядан өтүп жаткан ар бир багыт жана программа боюнча жок дегенде 2ден илимий журналдарга жазылууну камсыздоо | Ректорат, ОшМУнун китепканасы | 2014-2018 |
| 7 | Бакалавр багытында жана магистратура программасында билим алуу траекториясын студенттердин өздөрү тандап алышын камсыздоо | Деканат, кафедралар | 2014-2018 |
| 8 | Окуу планынын ЖОЖ компонентиндеги жана студенттердин тандоо курстарындагы дисциплиналарды окуткан окутуучуларды студенттердин эркин тандоосуна шарт түзүп берүү | Деканат, кафедралар | 2014-2018 |

## 6. Тарбиялык, коомдук-массалык жана маданий-эсалуу иштери

| № | Иш-аракеттердин түрү | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Академиялык кеңешчилердин, эдвайзерлердин, тьюторлордун, кураторлордун статусун, милдеттерин, укутарын жана жоопкерчиликтерин тактоо | ОИД, деканаттар | 2014, сентябрь |
| 2 | Студенттердин, магистранттардын, аспиранттардын, докторанттардын эмгек шарттарын, эс алуусун жана жашоо шарттарын жакшыртуу | Ректорат, профком | 2014-2018 |
| 3 | Студенттерди мекенчилдикке жана патриоттуулукка тарбиялоо багытында иш-чараларды уюштуруу:<br>• *«Менин университетим – ОшМУ»;*<br>• *«Мекенди коргоо ыйык милдет»;*<br>• *«ЖОЖдор аралык аскер факультети – жогорку квалификациялуу офицерлерди даярдоо мектеби».* | Тарбия иштери департаменти, кураторлор | 2014-2018 |
| 4 | Студенттер арасында тарбиялык маанидеги КВН, тегерек стол, дебат жана дискуссияларды тынымсыз уюштуруп туруу | Тарбия иштери департаменти, кураторлор | 2014-2018 |
| 5 | Спорттук, маданий, чыгармачыл иш чаралар аркылуу ОшМУну даңазалоо | Тарбия иштери департаменти, | 2014-2018 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | дене тарбия кафедрасы | |
| 6 | Профессордук-окутуучулулар курамынын ден-соолугуна, дем алуусуна, жакшы жашоосуна шарт түзүп берүү | Ректорат, профком | 2014-2018 |

## 7. Профориентациялык иштер

| № | Иш-аракеттердин түрү | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Абитуриенттердин контингентинин жана кадрларды даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү: «Бала бакча – мектеп – колледж – ЖОЖ – иш берүүчү» | Ректорат, деканаттар, колледж, билим лицейи | 2014-2018 |
| 2 | Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтарынын райондорунда жана ар бир мектепте ОшМУнун координаторлорун даярдоого жетишүү | Ректорат, деканаттар, колледждер, кафедралар | 2014-2018 |
| 3 | Мектеп окуучуларынын Жалпы республикалык тестирлөө процессине активдүү катышуусуна, болочок кесипти тандоого багыттоо максатында иш чараларды уюштуруу | Ректорат, деканаттар, колледждер, кафедралар | 2014-2018 |
| 4 | Мектеп окуучуларынын Жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоо максатында окуу-методикалык колдонмолорду жазуу | Кафедралар | 2014-2018 |
| 5 | «Конфуций» институтун,«Көз карандысыз тестирлөө жана дистанттык технологиялар» борборлорун,ОшМУга алынган көптөгөн гранттарды, «Билим» жана «Ыйман» лицейлерин, «Адис» окуу борборун жана «Зирек» балдар бакчасын даңазалоо менен ОшМУга абитуриенттерди тартуу | Ректорат, деканаттар, колледждер, кафедралар | 2014-2018 |

## 8. ОшМУну информациялык-техникалык каражаттар менен камсыздоо

| № | Иш-аракеттердин түрү | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Автоматташтырылган «AVN» информациялык системасын университеттин бардык структураларына киргизүүнү камсыздоо менен электрондук башкарууга | Ректорат, структуралык бөлүмдөр | 2014-2015 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | өтүү:<br>• Электрондук китепкана жана электрондук окуу залын түзүү;<br>• Электрондук университет, электрондук деканат, электрондук кафедра түзүү;<br>• Электрондук журнал, электрондук зачеттук китепче, электрондук ведомость түзүү;<br>• Электрондук кадрлар бөлүмү, электрондук бухгалтерия түзүү;<br>• Электрондук экзамен алуу. | | |
| 2 | ОшМУнун китепканаларында «ИРБИС-64» автоматташтырылган системасын толук жүзөгө ашырууга жетишүү | ОшМУнун китепканасынын кызмат-керлери | 2014-2018 |
| 3 | Лицензиялык программаларды сатып алуу:<br>• Windows операциялык системасы;<br>• Microsoft Office пакети;<br>• Интернет маалыматтарын спутник аркылуу алып, маалыматтарды спутник аркылуу жөнөтүү ыкмасына өтүү;<br>• Лицензиялык антивирустук программаларды алуу | Ректорат | 2014-2018 |
| 4 | Университеттин окуу корпустарынын территорияларында жана студенттик жатаканаларда эркин (акысыз) WiFi-интернет зоналарын түзүү | Ректорат, ТКӨБ | 2014-2018 |
| 5 | IPокуу телевидение тармагын түзүү | Ректорат, ТКӨБ | 2014-2018 |
| 6 | AVN системасынын мүмкүнчүлүгүн жана даярдыгын күчөтүү “кластерлөө”,<br>(Сервер HP / DL380 G7 / 2 / Xeon / E5606 / 2,13 GHz / 32 Gb / Smart Array P410i / Zero Memory / 0,1, 1+ 0 / 8 diskless SFF / No optical drive / 2 x 460W Gold),<br>- 2 даана | Ректорат, ТКӨБ | 2014-2018 |
| 7 | Информациялык байланышууда заманбап транспорттук тармакка өтүүчү аппараттар менен камсыздоо (аппараттык мультиплексорлор, багыттагычтар, медиконвертерлер ж.б.), тармактык ылдамдыкты 1000 Гбит/сек-10000 Гбит/сек жогорулатуу | Ректорат, ТКӨБ | 2014-2018 |
| 8 | Рефлектометр була-оптикалык тестер (OFTM -5612),<br>- 1даана | Ректорат, ТКӨБ | 2014-2018 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9 | Булуттук технологияны өздөштүрүү, серверлерди жана алардын системалары менен камсыздоо | Ректорат, ТКӨБ | 2014-2018 |
| 10 | Окуу корпустарды сенсордук информациялык терминалдар менен камсыздоо | Ректорат, ТКӨБ | 2014-2018 |
| 11 | Универсалдык студенттик электрондук карточкага өтүүнүн пилоттук вариантын өздөштүрүү | Ректорат, ТКӨБ | 2014-2018 |

## 9. Коомго кызмат кылуу

| № | Иш-аракеттердин түрү | Жооптуулар | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | Информациялык ачыктыкка жана айкындуулукка жетишүү менен коомдо ОшМУнун авторитетин жогорулатууга жетишүү | Ректорат, факультеттер, кафедралар, колледждер | 2014-2018 |
| 2 | Кыргызстандын социалдык, маданий, илимий, техникалык, экономикалык жанакоомдук турмуштун башка чөйрөлөрүн өнүктүрүүдө салым кошуу | ОшМУнун ар бир окутуучусу | 2014-2018 |
| 3 | Илимий-изилдөө иштерин практикалык нукка буруу, Ош шаарына, мамлекетке, коомго пайда алып келе турган иштерди аткарууга жетишүү | ОшМУнун ар бир окутуучусу | 2014-2018 |
| 4 | Ар бир окутуучудан, кызматкерден, аспиранттан, магистранттардан жана студенттерден төмөнкү үч талапты аткаруусун мотивдештирүү:<br>• Окуу процессине коюлган талаптарды аткаруу;<br>• Илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү;<br>• Коомго кызмат кылууга салым кошуу | ОшМУнун ар бир окутуучусу, кызматкери, аспиранты, магистранты жана студенттери | 2014-2018 |

## 15.ОШМУНУ ЖАКЫНКЫ 5 ЖЫЛ АРАЛЫГЫНДА ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА РЕКТОРДУН РЕАЛДУУ ПРОГРАММАСЫ, 2015-ЖЫЛ

### 1. ОшМУ-ийгиликтүүлүктүн жолунда

ОшМУ –бай тарыхы, коомдогу омоктуу орду менен өлкөбүздүн адам ресурсунун, интеллектуалдык жана профессионалдык потенциалынын өнүгүшүнө эбегейсиз салым кошуп келе жаткан университет.

Азыр университетте 76 багыт боюнча 28 600 студент билим алышат. Бүгүн ОшМУда 27 мамлекеттен келген 1908 чет өлкөлүк студенттер билим алышат. **ОшМУ -билим берүү экспортун** жасап жаткан ийгиликтүү университеттердин бири.

Бүгүн ОшМУда 18 факультет, 3 билим берүү институту, 1 илим изилдөө институту, 4 колледж, 3 лицей, 1 бала бакча, аспирантура жана ординатура, магистратура жана PhD доктарантура бөлүмдөрү, 25 окуу корпусу, 8 жатакана, 2 медициналык клиника, 7 клиникалык база, чет өлкөлүк окутуучулар үчүн мейманкана, эс алуу борборлору, Ысык-Көлдө пансионаты, студенттик профилакториясы, 10дон ашык спорттук комплексттери, 20дан ашуун китепканасы, электрондук китепканалар, 30дан ашуун окуу залдары бар. Мындан тышкары “Салтанат” фольклордук ансамбли, “Үмүт” фольклордук тобу, “Жаштык” эстрадалык ансамбли, дизайнердик жана модельердик агенство, үйлөмө аспаптар ансамбли, “Жигер” адабий клубу, “Үмүт” телестудиясы, “Нур” гезити жана ондогон студенттик клубдар иштейт.

ОшМУ – түзүлгөндөн бери өлкөбүздөгү стабилдүүлүктүн, туруктуулуктун камсыз болушуна эбегейсиз кызмат кылып келүүдө.

### 2. Өнүгүүгө өбөлгө жаратуучу негиздер:

- ОшМУ-тамыры терең жайылган, өзүнүн бай тарыхы, салттуу билим берүү жолу, көп жылдар бою топтолгон интеллектуалдык, профессионалдык, илимий-педагогикалык потенциалы бар абройлуу окуу жай.
- Өзүнүн даярдаган адистеринин, бүтүрүүчүлөрүнүн сапаттык деңгээли университеттин, мамлекеттин, элдин, коомдун алдындагы беделин арттырып, позитивдүү коомдук пикир жаратып турат.
- Акыркы жылдары университеттеги ар тараптуу, тез темптеги өнүгүү коомдо, эл аралык деңгээлде ишенимдерди жаратты.
- Инновациялык, инвистициялык, интеграциялык аракеттер, билим берүүнү автоматташтыруу, университетти башкарууну демократиялаштыруу университеттин имиджин көтөрдү.
- Университеттин инфраструктурасы өркүндөп баратат жана сапаттуу билим берүүгө ыңгайлашууда.

- ОшМУ мезгилдин демин учурунда сезген жана замандын талаптарына тез ыңгайлашкан, жаңылыкты, жакшылыкты ийкемдүү кабыл алган университет.
- Жогоруда белгилеген салттуу тажрыйба, жоопкерчилик, муундардын эриш-аркак ынтымактуу мамилеси, илимий интеллектуалдык потенциал, билим берүүнүн инфраструктурасы өз ара биримдикке келип, жамаатыбыздын ар бирине дем-күч, шык берип, акыркы жылдардагы ийгиликтер келечекке оптимизм менен кароого ички ишенимин жаратууда. Ар бир окутуучу чыгармачылык менен демилгелүү иштөөгө өттү.
- Ар бир окутуучуда умтулуу, изденүү, өз ишине жоопкерчиликтүү мамиле кылуу аракеттери күчтүү болууда. Бул өнүгүүгө карата болгон жакшы жышаан, өбөлгө деп айтсак болот.

### 3. Ынтымактуу жамааттын ырыскысы түгөнбөйт

**Ийгилик башаты-ынтымак.** Жамаатыбызда өз ара сый урматтын, түшүнүшүүнүн, адамгерчиликтүү мамилелердин, иштөө үчүн жагымдуу маанайдын туруктуу болушу бизге абадай зарыл.

Жамаатта **улууга-урмат, кичүүгө-ызаат** көрсөтүлүшү керек. Ар бир окутуучу жана студент коомдогу жоопкерчилигин туура түшүнүп, бири-бирине бир туугандык мамиле жасап, мугалим - билим берүүгө бүткүл күчүн жумшаса, студент- билим алууга ынтызар болуусу кажет.

**“Ачууга алдыруу-алсыздык”, “Эки адам чатакташса, акылдуусу күнөлүү”**-деген нуска кептерди ар бирибиз көкүрөкө сактап, бири-бирибизге жакшы сөз айтып, туура ишти колдоп, кубаттасак, ийгиликтерибизге кубансак, ар бир адамдын жакшы жагын көрө билсек, эмгегин туура, калыс, адилет бааласак, окутуучуларыбыздын ишке карата жоопкерчилиги жогорулайт, билимдин сапаты артат.

Кээ бир пенделик сезимдерден бийик турууга, бири-бирибизге жасалма тоскоолдуктарды жаратпай, бир максатта алдыга кадам таштасак, өнүгүүбүзгө мындан ары да жол ачыла берет.

Мен жамаатын ынтымагын, биримдигин чыңдоого бүткүл күчүмдү, акыл-эсимди, билимимди жумшаймын.

### 4. Университеттин ишмердүүлүгүнө киргизилүүчү принциптер

- **Патриотизм.** Жамааттагы ар бир адам ассистенттен ректорго чейин университеттин атаандаштыкка чыдамдуу болуусуна, университеттин имиджин бекемдөөгө, өлкөбүздүн социалдык-экономикалык, маданий-руханий өнүгүүсүнө салым кошууга, сапаттуу билим берүүсүнө күрөшүүсү керек.

- **Университеттин ишмердүүлүгүндөгү ачык-айкындуулук**. Бардык стратегиялык чечимдер окутуучулук жамаатка, студенттерге, коомчулукка ачык айкын жетиш керек жана талкууга алынышы керек.
- **Жамааттык катышуу**.Башкаруу структуралары менен эмгек жамаатынын жана студенттердин ортосунда үзгүлтүксүз карым-катыш университеттин туруктуу өнүгүүсү үчүн маанилүү механизм болушу керек.
- **Социалдык багыт.** Жамааттын натыйжалуу жана жогорку сапатта стабилдүү иштөөсү үчүн максималдуу шарттарды жаратуу.
- **Өз ара карым-катыш**. Университет билим берүү программаларын жана илим изилдөө программаларын турмушка ашыруу үчүн өндүрүш-мекеме ишканалары менен биргелешип иштөөсү керек.
- **Пландаштыруунун ийкемдүүлүгү.** Жаңы тармактарды өздөштүрүүгө ийкемдүү жана оперативдүү болууга тийишпиз.
- **Системалуулук.** Бардык структуралардын биргелешип иштөөсүн координациялашыбыз керек.

### 5. “Билим оошот, акыл жугушат”, же өнүгүүнүн10+10+10+10=САПАТмодели

ОшМУ дүйнөлүк университеттер менен үзгүлтүксүз алакада болушу керек. Университет өз казанында өзү кайнай бербей, өзүнүн абасын улам тазалап, жаңылантып жана жакшылыктын желаргысын кабыл алып турушу зарыл. Мындайча айтканда, бирөөдөн ийгиликтүү демилгени үйрөнүп, өздөштүрүшүбүз керек.

Азыр биз ийгиликтүү университеттин моделин түзүүнүн үстүндө, ийгиликтүүлүктүн рецебин издөөнүн жолунда баратабыз.

Улуттук баалуулуктарыбызды, нарк дөөлөттөрүбүздү унутпай, заманбап ой жүгүртүп, студенттерге сөз эркиндигин, ой жүгүртүү эркиндигин бердик. Эми тандоо эркиндигине жол ачып жатабыз.

Быйылкы жылы университетте өнүгүүнүн **10+10+10+10=САПАТ** моделин түзүүнү алдыга койдук. Бизде чет элдик студенттердин катышы сөзсүз түрдө **10 пайыздан** кем болбошу керек (азыркы учурда 14,4 % түзөт). Жалпы студенттерибиздин **10 пайызы** башка алдыңкы өлкөлөрдөгү өнөктөш университеттерден **академиялык алмашуу программалары** менен барып, окуп келиши керек (азыр бул көрсөткүч бизде 4 % жакын). Окутуучулук-профессордук жамааттын **10 пайызы** чет элдик окуу жайлардан чакыртылып алынган **алдыңкы адистер, профессорлор болууга тийиш**. Ошол эле учурда өзүбүздүн окутуучуларыбыздын **10 пайызы** башка алдыңкы өлкөлөрдөгү өнүккөн окуу жайларга барып, кесиптик билим деңгээлин көтөрүп, тажрыйба топтоп келиши абзел.

Ушул моделдин негизинде студенттерибиз менен студенттерибиз **алмашып**, окутуучулар менен окутуучулар **алмашып,** дүйнөлүк билим берүүгө **камыр-жумур** аралашат. Мындайча айтканда,**билим оошот, акыл**

**жугушат,** биз ушул процесс менен өнүгүүнү жолго коёбуз. Башкалардын жакшысы болсо алабыз, өзүбүздүн позитивди башкаларга көрсөтөбүз, кемчилигибиз болсо арылабыз. Бул дегендик, алдыңкы технология, тажрыйба, үйрөнүү жана үйрөтүү дегендин айкалышуусун түшүндүрөт. Ошондо бир ажайып билим берүүнүн сапаты келип чыгат. Университетке жаңы дем, жаңы ой, жаңы мазмун, жаңы дух берип, жаңы демилгелерди жана саамалыктарды жаратып, жаңы деңгээлге көтөрүлөбүз.

Бул багытта чет өлкөлүк бир топ университеттер менен академиялык мобилдүүлүк алкагында келишимдерди түзүп, акыркы үч жылда **750дөн** ашуун ОшМУнун студенттери жана магистранттары алыскы чет өлкөлөрдөн **академиялык мобилдүүлүк** боюнча барып, билим алып келишсе, профессорлорубуздун жана окутуучуларыбыздын ичинен **280ден** ашуун кызматкерлер алыскы чет өлкөлөрдөн академиялык мобилдүүлүк боюнча стажировкалардан өтүп келишти. Алыскы **чет өлкөлөрдөн келишип** Ош мамлекеттик университетинен **1904** студент күндүзгү бөлүмдө билим алышууда. ОшМУ бүгүн **билим экспортун** өнүктүрүп жаткан Кыргызстандагы **эң алдынкы университет** болуп таанылды.

Билим экспортун дагы да өркүндөтөбүз. ОшМУну өнүктүрүүгө жумшалуучу каражатты билим экспорту гана бере алат.

Бардык факультеттерде билим экспортун өнүктүрүүгө, алыскы, жакынкы чет өлкөлөрдөн студенттердин келүүсүнө, алардын коопсуздугун, сапаттуу билим алуусуна жол ачабыз.

## 6. Ички академиялык мобилдүүлүктү чыңдаган "Ошдекларациясын" реалдуу ишке ашыруу

2015-жылдын 21-майында өлкөбүздө солгундап калган республикалык жогорку окуу жайлардын ички мобилдүүлүгүн өркүндөтүү үчүн **7 университет- К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, Талас мамлекеттик университети, С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Баткен мамлекеттик университети, Ош мамлекеттик университети, Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун ректорлору университеттер аралык ички академиялык мобилдүүлүктү чыңдаган "Ош декларациясына" кол койдук.** Бул декларация университеттер аралык педагогикалык тажрыйба алмашуу, студенттерди алмашып билим берүү, жаш окумуштууларды башка ЖОЖдун өрнөктүү профессорлорунун сабактарына катыштыруу, профессорлорду бири-бирине алмашуу менен конференция, симпозиумдарды, **онлайн-лекция, видео-конференцияларды** уюштуруу сыяктуу ички академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү, биргелешип эл аралык ири долбоорлорду ишке ашырууга, илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө кеңири жол ачат.

Кыргызстандын ичинде жаштарыбыз бири-бири менен достугун, билимин, кесиптик жана интеллектуалдык кызматташтыгын чыңдайт.

Биз муну реалдуу өнүктүрүүгө аракеттенип, ишке киргизебиз.

## 7. Университет үчүн эмгектенип жаткандарга дем-күч берүү. Мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу.

ОшМУнун ректору катары менин бүгүнкү философиям – инсанга: адамдын мүмкүнчүлүктөрүн ачууга, жөндөм-шыгын реализациялоого, адамдардын көңүлүн көтөрүүгө, иштөө үчүн жана жашоо үчүн дем-шык берүүгө арналган десем жаңылышпайм. Ар бир адамдын жакшы жактарын көрүүгө, анын жакшылыгын өнүктүрүүгө, жаңыча ой жүгүртүп иштөөсүнө, көз карашын заман менен тең жарыша алып жүрүүсүнө багытталган десем аша чаппасам керек. Окутуучу менен студенттин дараметин көтөрүүгө, жылуу сөз аркылуу алардын ортосундагы адамгерчилик мамилени өрчүтүүгө арналган. Ар бир адамга калыс, тегиз жакшы мамиле кылууга аракеттенип жатабыз. Ким жардамга муктаж болсо, колдоо көрсөтүүгө аракеттенебиз. Ким жаңы демилге менен келсе, анын оюн кубаттап келебиз. Илим жасаймын деген, билим берүүнүн сапатын көтөрөм деген инсандарга жашыл жарык берип келебиз.

Университетти түптөгөн ардагер агай-эжейлерибиздин кимиси болбосун алардын илимий педагогикалык маарекелерин өткөрүүгө, конференцияларын уюштурууга, жан дүйнөсүн кубантууга эч нерсе аяган жокпуз. Алардын кеңештерин угуп, айткан акыл насааттарына, калыс сөздөрүнө өтө муктажбыз. Ардагерлерибиз да өсүп-өнүгүүбүзгө туура сөзүн айтып, колдоо көрсөтүп келе жатышат. **Ардагерлерибиз-университетибиздин куту.**

Университетибизде орто муун болсо өзүнүн тажрыйбаларын, илим, билимин, топтолгон профессионалдык-интеллектуалдык дараметин университетибизден аяшкан жок. Алар жамаатыбыздын оорун колдон, жеңилин жерден алып келе жатышат. **Орто муун-окуу жайыбыздын жүзү.**

Өзгөчө чыгармачылык менен жаңыча иштөөгө, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүгө далалаттанган жаштарыбыздын бар экендиги жана алардын демилгелер менен чыгып жаткандыгы бизди кубандырат. Алардын демилгелерине дем бергенге, саамалыктарын колдогонго аракет кылабыз. **Жаштарыбыз-университетибиздин келечеги.**

**Ардагерлер-орто муун-жаштар муундар ортосундагы байланышты бекем кармайбыз**. Биз ар бир окутуучунун билимин өркүндөтүүгө, иштеп жаткан жеринде заманбап шарт жаратканга, илимий изилдөө иштерин жүргүзүүсүнө максималдуу ыңгайлуулуктарды түзүүгө аракеттенебиз.

Эми шаар бийлиги менен сүйлөшүп, үйгө муктаждарга ипотекалык негизде турак жай салганга, алардын жашоо шартын жакшыртканга, көңүл бөлөбүз.

Жакынкы беш жылда жете турган чоң амбициялык максатыбыз бар. Ал максатыбыз – 77 жылда топтогон илимий, руханий, педагогикалык потенциалыбызды толук аракетке келтирип, Борбордук Азиядагы эң мыкты 5 университеттин катарына кирүү.

**8. “Кампустук карта” коопсуздукту бекемдейт**

Дүйнөдө, региондо адамдардын коопсуздугу эң башкы орунга чыгып жатканда дүйнөлүк университеттерде колдонулуп жаткан “Кампустук карта” долбоору университеттеги коопсуздук чараларын күчөтөт жана бекемдейт. Ошондуктан Ош мамлекеттик университетинде “Демир Банктын” колдоосу менен университеттин бардык окуу корпустарына, жатаканаларына “Кампустук карта” долбоорун киргизип жатабыз. Университетте иштеген окутуучуга жана кызматкерге, билим алган студенттерге кампустук карта берилет. Университеттин баардык окуу корпустарына кирүүчү жана чыгуучу жерлерге коопсуздук турникеттери коюлат.

• **Кампустук карта студенттер үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү берет:**

1) Университеттин аймагына кирүүгө мүмкүнчүлүк берет;
2) Студенттик билеттин кызматын аткарат;
3) Китепканаларда окурмандык билеттин ролун аткарат;
4) Электрондук зачёттук китепче кызматын аткарат;
5) Университеттин интернет түйүндөрүнө кошулууга жана компьютердик кызматтарын колдонууга уруксат берет;
6) Студенттик ашканада төлөмдөрдү накталай эмес эсептешүүдө жардамы тийет;
7) Студент үчүн университеттин аймагында эң негизги жеке идентификациялык документ катары кызмат кылат;
8) Университеттин электрондук башкаруусун түзүүгө жол ачат жана мындан башка мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтсе болот.

• **Кампустук карта окутуучу жана кызматкерлер үчүн төмөндөгүдөй мүмкүнчүлүктөрдү берет:**

1) Университеттин аймагына кирүүгө;
2) Университеттин аймагында жүргөн убактыларын тактоого;
3) Университеттин бардык кызматтарынан пайдаланууга;
4) Айлык акыларын которууга;
5) Окутуучу жана кызматкер жөнүндө жеке идентификациялык маалыматтардын базасын түзүүгө;
6) Коммуналдык төлөмдөрдү төлөөгө;
7) Уюлдук байланышты толуктоого;
8) Керектүү буюмдарды сатып алууга;
9) Университеттин аймагындагы унаа токтоочу жайлардан пайдаланууга кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

Азыркы заманбап университеттерде кампустук карта университеттин жашоосунун эң негизги бөлүгүнө айланган. Бул долбоордун эң негизги

максаты-университеттин аймагындагы коопсуздукту сактоого, окутуучулардын,кызматкерлердин жана студенттердин коопсуздугун камсыз кылууга багытталган. Ошондой эле ар бир окутуучунун, кызматкердин жана студенттин учурдагы натыйжалуу иштөөсүн көзөмөлдөөчү функцияга ээ. Финансылык которууларды иш жүзүнө ашыруучу, ар бир окутуучу, кызматкер жана студент жөнүндө жеке идентификациялык маалымат базасын түзүүгө шарт түзгөн, университеттин башкаруу жана аткаруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейткен долбоор болуп саналат.

## 9. Стратегиялык багыттар

1. Окуу процессин башкарууну, **автоматташтырууну** улантабыз жана сапаттык жактан өркүндөтөбүз.

2. Университеттин бардык ишмердүүлүгүн **демократиялаштырууну** күчөтөбүз. Ар бир жетекчи, окутуучу, студент коомдун таразасына түшөт. Жакшы жагы колдоого алынат.

Декан, кафедра башчысы, профессор, доцент, улук окутуучу, окутуучу шайлануучу кызмат орундарында жамааттын тандоосуна кеңири жол ачабыз.

3. Билим берүүнү **интернационалдаштырабыз**.

Мамлекеттик тилде, расмий тилде дагы бир эл аралык тилде 3 тилде билим берүүнү калыптандырабыз жана өркүндөтөбүз.

“Кыргыз тест” программасын турмушка ашыруу үстүндө иштейбиз.

Ошондо гана биздин студенттер, окутуучулар дүйнөнүн каалаган университетине барып келип турат.

Билимдин сапатын арттырабыз.

4. Билим берүү системасын **автономдоштурууга** жол ачабыз.

Ар бир факультет, ар бир кафедра, ар бир адистик компетентциянын негизинде окуу программасын түзүүгө, мыйзамдарга каршы келбеген, заманбап керектүү жоболорду кабыл алууга, жаңы кырдаалдагы пайда болгон тоскоолдуктарды алып салуучу эрежелерди Окумуштуулар Кеңешинде бекитип берүүгө аракеттенебиз.

5. Университеттин ар бир окутуучусун, кызматкерлеринин иштөөсү үчүн **шарттарды** максималдуу жакшыртабыз.

6. Университеттин тейлөө структураларын ректоратты, бухгалтерия, кадрлар бөлүмү, деканаттарды, кафедраларды бюрократиялык мамилени жок кылабыз жана мамиле маданиятын жогорулатабыз. (Студенттердин алардын ата-энелеринин, кызматкерлердин, окутуучулардын мыйзамдуу талаптарын тоскоолдуксуз маданияттуу аткаруусун калыптандырабыз)

7. Коррупциялык схемаларды **демонтаждоону** улантабыз. Университетти таза окуу жай экендигин, аурасын жакшы, бедели бийик экендигин коомчулукка далилдешибиз керек.

***10.Аккредитация***

2016-жылдын 1-сентябрынан баштап, Кыргызстандын бардык окуу жайларындагы адистиктерди эл аралык, көз карандысыз аккредитациядан өтүүсү керек.

Аккредитацияга биз университеттин ишмердүүлүгүнө зарыл болгон аракеттерди эл аралык, көз карандысыз аккредитациядан өткөрүүгө даярдообуз керек. Ал үчүн эл аралык аккредитациянын критерийлерине, талаптарына ылайык даярдыктарды көрүүбүз керек.

**11.Илимий иштер багытында**

- Ар бир факультетке тийешелүү багыттар боюнча илимий-өндүрүштүк, окуу-өндүрүштүк базаларды түзүү;
- Университеттин эң мыкты илимий жетишкендиктеринин Алтын фондун түзүү;
- Университетеги көрүнүктүү илимпоздордун илимий ишмердүүлүгүнө, өмүр жолуна арналган “Өмүрү өрнөк инсандар” сериясын чыгаруу;
- Бир жылда бир жолу университеттин илимпоздорунун тандалма илимий макалаларынын, эмгектеринин токтомун чыгаруу;
- “ОшМУнун жарчысын” РИНЦКЕ киргизүү;
- Эл аралык публикацияларга артыкчылык берүү;
- Патенттерди, ойлоп табууларды ишке ашырууга басым жасоо;
- Илимди коммерциализациялоого багыт алуу;
- Илимий долбоорлордон киреше табуу;
- Илимий мектептерди колдоо;
- Багыттар боюнча технопарктарды түзүү;
- Эл аралык илимий долбоорлорго кирүү;
- “Жаш илимпоздор” мектебин түзүү;
- Студенттик илимди жандандыруу;

**12.ОшМУда билим берүүнүн сапатын көтөрүү багытында**

1. Айрым бакалавриат жана магистратура программалардын эл аралык деңгээлде таанылган агенттиктердин аккредитациясынан өтүүгө даярдоо жана аккредитацияга (сертификатка) ээ болуу.
2. Авторитеттүү эл аралык рейтингдик агенттиктердин (рейтинг OSEECA, THE, QS GER, эксперт РА ж.б.) рейтингине катышуу.

3. Чет элдик ЖОЖдор менен биргелешкен программаларды (кош дипломдуу) түзүү. (Бул дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялануунун реалдуу жолу жана ал ОшМУнун улуттук эле эмес, региондо (ЦА) же эл аралык аренада рейтингин жогорулатат).

4. Бакалавриат жана магистратура программалары боюнча окутууга компетенттүүлүк мамиленин негизинде лекциялык, практикалык (семинардык), лабораториялык сабактарды анализдөөнүн жаңы схемасын иштеп чыгуу жана аны пайдалануу аркылуу окуп-үйрөнүүнүн жана окутуунун натыйжаларынын сапатын жогорулатуу.

5. Сабактарга өз ара катышууну чыныгы тажрыйба алмашуу статусуна жеткирүү. Алдыңкы тажрыйбаны жайылтуунун жаңы механизмдерин ишке кийирүү (видео сабактар, вебиналар, теле сабактар ж.б.).

6. “Мыкты лектор”, “Мыкты окутуучу”, конкурстарынын критерийлерин компотенттүүлүк негизинде аныктоо аркылуу аталган конкурстардын жоболорун кайра иштеп чыгуу.

7. Материалдык стимулдаштырууну даректүү (адрестүү) бөлүштүрүү үчүн окутуучуларды ички аттестациялоонун жобосун бакалавриат жана магистратура баскычтарына ылайыкташтырып иштеп чыгуу.

8. Ар бир сессиянын аягында окуп-үйрөнүгөн курстардын сапаты жөнүндө студенттерден онлайн сурамжылоо жүргүзүү.

9. Билимдин сапатына мониторингди жаңы механизмдер менен жүргүзүү.

**ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ӨНҮГҮҮ БАГЫТЫНДА**

1. **DATACENTER** маалымат алмашуучу жана сактоочу кластердик серверлерден турган каананы түзүү. Университетте учурда электрондук маалыматтар базасы, электрондук китептери, ж.б. документтердин көлөмү кескин өсүп бара жатат, ошондуктан зарылчылык бар.

**2. БУЛУТТУК ТЕХНОЛОГИЯ. (“Облачный технология”).**

- Интернет аркылуу дүйнөнүн кайсы бурчунда болбосун мугалимдер, студенттер ОшМУнун серверлери аркылуу ыкчам маалымат алмашуу менен эсептерди жүргүзө алат. Андан сырткары колдонуп жүргөн FLASH, CD, DVD, ж.б. дисктердин пайдалануунун кажети жок. Маалыматтар атайын ОшМУнун DATACENTERинде бөлүнгөн ячейкада сакталат.

Эскертүү: ОшМУда тест режимде 1 жылдан бери сактоо системасы булуттук технология иштеп келе жатат. (http:cloud.oshsu.kg) Азыркы учурда Кыргызстандагы билим системасында колдонула элек.

**3.TELECET (IPTV).** Телевизор жана компьютердик техникалар пайдалануу менен видео тармакты түзүү:

1. Ар бир адистик боюнча окутуучу видеосабактарды иштеп чыгуу менен каалаган убакта ОшМУнун локалдык тармагын пайдалануу менен же ИНТЕРНЕТ аркылуу сабактарды окууга мүмкүнчүлүк алат
2. Түз эфирди тейлейт
3. ж.б. коомдук жумуштар үчүн.

**4. ТАРМАКТЫК ТРАНСПОРТТУК ТЕХНОЛОГИЯ**
Телекоммуникациялык аппаратар менен ОшМУнун локалдык тармагын жабдуу менен санарифтик технологиянын дагы бир тепкичине жогорулатабыз. Учурдагы тармактык протоколдорду башкаруу менен эффективдүүлүгүн жогорулатабыз.

**1. ТЕХНОПАРКТАРДЫ ТҮЗҮҮ.** Техникалардын комплекси-илимий изилдөөдө билим булактарын терең үйрөнүүдө жана инновациялык технологияны ишке ашыруучу тармак (медицина, биология,химия, программалоо, энергетика, телекоммуникация, ж.б.).

**2. ЭЛЕКТРОНДУК УНИВЕРСИТЕТ.** Дүйнөдө кеңири жайылтылган MOODLE-окууну башкаруунун сайттагы системасы (Modular, Object-oriented Dynamic Learning Enviroment) окшогон системаларды киргизүү.WEB-онлайн динамикалык окуу сайтын түзүүчү программа.

**3. ПРОФЕССИОНАЛДЫК ПРОГРАММИСТИК ГРУППА ТҮЗҮҮ** Ар бир ЖОЖ өзүнүн түзүлгөнүнө жараша компьютердик программаларды иштеп чыгуу зарылчылыгы бар.

Мобилдик техникаларга ОшМУнун окуу программасына ылайык программаларды иштеп чыгуу менен, студенттер менен байланышты күчөтүү. Планшет, Notebook, телефон ж.б. техникаларга өзүн окутуучу акылдуу программаларды, системаларды иштеп чыгуу зарыл. Муну менен пайдаланууну көзөмөлдөп мониторинг жасай алабыз.

**13.Билим берүүнү өркүндөтүү багытында**

- Эл аралык билим берүүнүн алдынкы жетишкендиктерин окуу процессине киргизүү үзгүлтүксүз жүргүзүү;
- Жаңы типтеги адистерди даярдоо үчүн кардарлардын талаптарына ылайык компотенциялардын жыйындысын түзүү;
- Рынок шартында жаңыдан пайда болгон керектүү адистердиктерди ачуу;
- Окуу программаларын түзүүдө жумуш берүүчүлөр менен бекем байланыш түзүү, алардын пикирин эске алуу;
- Университетте  вертуалдык лабораторияларды түзүү;

**14.Спортту өнүктүрүү багытында**

- Студенттик кампустагы спорттук жана концерттик залды куруу;
- Бардык спорт камлекстерде заманбап талаптарга ылайык жасалгалоо;
- Физкультура сабагынын сапатын жогорулатуу;
- Спорттук инвентарларды жаңы технологиялар аркылуу толуктоо;
- Спорттук секциялардын ишин жандандыруу;
- Университеттин курама командаларына максималдуу шарттарды түзүү;
- Университеттин бассейинин куруу;
- Университетте профессионалдык клубтарды түзүү;
- Талантту спортсмен студенттерге, машыктыруучуларга колдоо көрсөтүү;

## 16. ОШМУНУН БИЛИМ БЕРҮҮНҮ ИНТЕРНАЦИОНАЛДАШТЫРУУ ЖАНА АКАДЕМИЯЛЫК МОБИЛДҮҮЛҮКТҮ ӨНҮКТҮРҮҮ БОЮНЧА 2022-ЖЫЛГА ЧЕЙИНКИ СТРАТЕГИЯСЫ

### НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР ЖАНА ТЕРМИНДЕР

**Академиялык мобилдүүлүк** – бул студенттердин (магистранттардын) же окутуучулардын жана изденүүчүлөрдүн билим алуу үчүн же илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү (анын ичинде окуу жана өндүрүштүк практикаларды өтөө) үчүн аныкталган бир академиялык мезгилге (семестр же окуу жылы) башка жогорку окуу жайына (өлкөнүн ичиндеги же чет өлкөдөгү), өздөштүргөн билим берүү программаларын кредиттер түрүндө өзүнүн ЖОЖунда же башка ЖОЖдо окуусун улантуу үчүн милдеттүү түрдө эсепке алуу (таануу) менен, орун которуу болуп саналат.

**Академиялык таануу (Академическое признание)** – бул чет элдик же башка ата-мекендик билим берүү мекемеси тарабынан берилген билим берүү программасын толук же бир бөлүгүн окуп бүткөндүгү, тиешелүү экзамендерди тапшыргандыгы, академиялык даража ыйгарылгандыгы ж. б. жөнүндөгү документти билим берүү мекемеси тарабынан документтин ээси документти тааныган окуу жайда окуусун аяктоого же кийинки баскычка улантууга мүмкүндүк бере турган таануу болуп саналат.

**Академиялык мобилдүүлүктүн түрлөрү:** индивидуалдык, тайпалык (коллективдик), ички (өлкөнүнү ичинде), сырткы (эл аралык), кирүүчү (эл аралык), кыска мөөнөттүк, узак мөөнөттүк, горизонталдык (кабыл алуучу ЖОЖдо чектелген мезгил (семестр, окуу жылы) ичи окуп келүү), вертикалдык (кабыл алуучу ЖОЖдо даража алуу үчүн толук окуп келүү), тескери мобилдүүлүк (чет өлкөлүк жарандардын билим алуу жана илим-изилдөө максатында өз өлкөсүнө которулуусу) жана түз мобилдүүлүк (студенттердин, окутуучулардын жана изденүүчүлөрдүн өз өлкөсүнөн чет өлкөгө карай которулуусу) академиялык мобилдүүлүктөрү.

**ECTS**(European Credit Transfer and Accumulating System) – бул кредиттерди которуунун жана топтоонун Европалык системасы.

**Дипломго Европалык тиркеме**(Diploma supplement) – бул квалификация же даража ыйгарылгандыгын аныктоочу расмий документке кошумча тиркеме болуп саналат. Ал Европалык комиссия, Европа Кеңеши жана ЮНЕСКО тарабынан иштелип чыккан моделге негизделет.

## *1. КИРИШҮҮ*

Академиялык мобилдүүлүк Болон процессинин эң негизги принциптеринин бири болуп саналат жана Кыргыз Республикасынын 2011-2020-жылдарга билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясында, Болон системасынын негизги принциптеринин бири болгон Академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү максаттуу индикаторлордун бири катары аныкталган.

Интернационалдыштыруу жана академиялык мобилдүүлүктүн СТРАТЕГИЯСЫ университетти дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоочу жана студенттердин, окутуучулардын мобилдүүлүгүн камсыздоочу маанилүү курал болуп саналат.

## *2.*Ош мамлекеттик университеттинин интернационалдыштыруу жана академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары, максаттары жана милдеттери

**МАКСАТЫ: университетти дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо, билим берүүнүн сапатын, жеткиликтүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу**

| | **МИЛДЕТТЕР** | **ЖЫЙЫНТЫКТАР** |
|---|---|---|
| **1** | Академиялык мобилдүүлүктү методикалык-нормативдик жактан камсыздоону жана уюштуруу механизмдерин учурдагы талапка шайкеш келтирүү | Академиялык мобилдүүлүктүн конкреттүү формасын аныктоочу нормативдик актыларды иштеп чыгуу: Жайкы мектептер жөнүндө Жобо, Алмашуу программалары жөнүндө Жобо,Биргелешкен билим берүү программаларын ишке ашыруу жөнүндө Жобо, Виртуалдык академиялык мобилдүүлүк жөнүндө Жобо |
| **2** | Университеттин бюджетинен мобилдүүлүк жана эл аралык өнүгүүгө жеке (атайын) каражаттардан бөлүү | Мобилдүүлүк жана эл аралык өнүгүүнү университеттин бюджетинен каржылоону жыл сайын 5% көбөйтүү |
| **3** | Сырткы мобилдүүлүктүн сапатын камсыздоо | 1. Горизонталдык мобилдүүлүк боюнча чет өлкөлөргө чыгуучулардын контингентинин өсүшү:<br>• -студенттердин – 10 % (жылына)<br>• -магистранттардын - 5 % (жылына)<br>• -докторантардын - 3 % (жылына)<br>2. Вертикалдык мобилдүүлүк боюнча чет |

| | | |
|---|---|---|
| | | өлкөлөргө чыгуучулардын контингентинин өсүшү:<br>• -студенттердин – 5 % (жылына)<br>• -магистранттардын - 3 % (жылына)<br>• -докторантардын - 3 % (жылына)<br>3. Чет өлкөлөргө илимий жана кесиптик такшалмаларга чыккан профессордук-окутуучулук курамдын өсүшү 5% (жылына). |
| **4** | Кирүү мобилдүүлүгүнүн сапатын камсыздоо | 1. Чет өлкөлүк студенттердин контингентинин өсүшү10% (жылына).<br>2. Чет өлкөлүк магистранттардын, доктоpанттардын жана башка окумуштуулардын контингентинин өсүшү10% (жылына).<br>3. Чет өлкөлүк окутуучулардын санынын өсүшү 5 % (жылына). |
| **5** | Көп тилдүү билим берүү принциптерин ишке ашыруу<br>(Полиязычное обучение) | 1. Англис тилин эркин сүйлөгөн студенттердин контингентинин өсүшү 10% (жылына).<br>2. Англис тилин эркин сүйлөгөн профессордук-окутуучулук курамдын өсүшү5 % (жылына).<br>3. Чет тилдеринде билим берүү программаларын ишке ашыруу жана алардын санын 2020-жылга 17ге жеткизүү. |
| **6** | Билим берүүнүн экспорту | 1. Чет өлкөлүк жарандагы студенттердин контингентинин өсүшү 10% (жылына). |
| **7** | Чет өлкөлүк ЖОЖдор менен ОшМУнун түз өнөктөштүк байланыштарын түрдүү формада кеңейтүү:сырткы жана кирүүмобилдүүлүгү, такшалма (стажировка), илим изилдөө иштери жана долбоорлор, квалификациясын өркүндөтүү ж.б. | 1. Кош дипломдуу билим берүү программаларын ишке ашыруу жана алардын санын 2020-жылгачейин 3кө жеткизүү.<br>2. Интеграцияланган билим берүү программалары жана академиялык алмашуулар боюнча кадрларды даярдоо жөнүндөгү Меморандумдарды 2020-жылга чейин 3 ЖОЖ менен түзүүгө жетишүү. |

**3. Интернационалдыштыруу жана Академиялык мобилдүүлүк Стратегиясынын максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу боюнча иш чаралар**

| | |
|---|---|
| **1.** | Эл аралык илим-изилдөө мейкиндигине кирүү үчүн чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргеликте илим-изилдөө программаларын ишке ашырууга катышуу |
| **2.** | Академиялык мобилдүүлүктү эффективдүү өнүктүрүү үчүн чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргеликте билим берүү программаларын ишке ашыруу жана иштеп чыгуу.<br>Мобилдүүлүктүн ESTC кредиттерин таануу, дипломго Тиркеме, кесиптик квалификацияларды, академиялык даражаларды таануу жана мурунку (формалдык, формалдык эмес) окууларын таануу инструменттерин ишке ашыруу үчүн көп деңгээлдүү модулдук билим берүү программаларын Дублиндик дескрипторлоруна ылайык даярдоо жана иштеп чыгуу. |
| **3.** | Ата-мекендик ЖОЖдор арасында академиялык мобилдүүлүктүн негизинде студенттердин окуп келген дисциплиналарын, модулдардын билим берүү чөйрөсүндө өз ара таануу боюнча кызматташтыкты өнүктүрүү. |
| **4.** | Мобилдүүлүктү ченөөчү максаттык индикаторлодун университеттин структуралык бөлүмдөрүнүн деңгээлиндеги системасын иштеп чыгуу. |
| **5.** | Мобилдүүлүктү камсыздоочу көп деңгээлдүү атайын маалыматтык тармакты өнүктүрүү (веб-сайт, маалыматтык семинарлар). |
| **6.** | Гранттарды издөө жана жарыялоону, студенттерге жана профессордук-окутуучулук курамга гранттарга өтүнүчтөрдү (заявка) даярдоого жардам көрсөтүүнү өнүктүрүү. |

***4. 2022-ЖЫЛГА КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР***

1. Университеттин студенттеринин жалпы контингентинен 20% мобилдүү болот.
2. Академиялык мобилдүүлүктүн университеттик деңгээлде нормативдик, методологиялык, илимий-методикалык калыптанган базасы.
3. Университет эл аралык илим-изилдөө зонасына интеграцияланат.
4. Студенттерди, профессордук-окутуучулук курамды жана кызматкерлерди чет тилдери боюнча сапатту даядоо – бул эл аралык кызматташуу программаларына катышуу үчүн тилди өздөштүрүүнүн адекваттуу деңгээлине жетүүгө мүмкүндүк берет.
5. Университеттин мобилдүүлүктү баалоочу ички системасы калыптанган.
6. Академиялык мобилдүүлүк программаларын маалыматтык камсыздоонун өнүккөн системасы.
7. Университеттин билим берүү кызматын импорт-экспортоого ориентирленген модели калыптанган.

## Ош мамлекеттик университетинде коррупциянын алдын алуу жана системдүү коррупцияны демонтаждоо боюнча 2016-2017-жылдары жасала турган жумуштардын деталдуу ПЛАНЫ

| № | Иштин мазмуну | мөөнөтү | Жооптуу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Билим берүүнүн сапатын, коррупциянын алдын алуу/күрөшүү маселелерин камтыган түрдүү деңгээлдеги анонимдүү анкетирлөө методологиясын (студент окутуучу ж-дө, коллега – коллега, завкафедра – окутуучу) иштеп чыгуу | февраль | ББСД<br>ОИД<br>Декандар/<br>Директорлор | |
| | “Окутуучу студенттин көзү менен” деген аталыштагы анонимдүү он-лайн анкетирлөөнү өткөрүү | февраль | ОИД<br>ББСД<br>Декандар/<br>Директорлор | |
| | ОшМУнун окуу корпустарына, мамлекетик экзамендер өткөрүлө турган аудиторияларына видеокамераларды орнотуу | Февраль 2017 | Жаңы технологиялар жана дистанттык окутуу департаменти<br>ОИД | |
| | Акыркы үч жыл аралыгында ОшМУда Мамлекеттик Аттестацияны кабыл алуу үчүн түзүлгөн комиссиянын төрага/төрайымдары жана мүчөлөрүнүн маалымат базасын түзүү | Март 2017 | ОИД | |
| | Перспективада МАКтын курамына мүчө болуучуларды маалымат базасына киргизүү регламенти жөнүндө атайын документ иштеп чыгуу | Март 2017 | ОИД<br>ББСД | |
| | МАКтын курамдарына декандарды, кафедра башчыларын, административдик башкаруу персоналын, жождун жетекчилигин киргизүү практикасынан кетүү, алардын ордун иш берүүчүлөр менен толуктоо боюнча жана МАКтын мүчөлөрүн тамактандыруу учун студенттерден акча топтоону кескин түрдө токтотуу үчүн көзөмөлдү күчөтүү | МАКтардын графигине ылайык | Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча комиссия<br>ОИД<br>Студенттик Омбудсмен | |
| | Факультет/колледждерде МАКтын процедурасын видеого тартууну жана ал материалдарды сактоону уюштуруу | Графикке жараша – май/июнь | ОИД<br>Декандар/<br>Директорлор | |
| 2 | ОшМУнун сайтына коррупцияга каршы жүргүзүлүүчү пландарды, басылмаларды, колдонмолорду, анкеталарды камтыган атайын **модулду** жайгаштыруу; | Декабрь 2016 | ОИД | |
| | Илимий изилдөө иштерин даярдоо жана студент менен илимий жетекчинин ортосундагы иш-аракеттерди | 2017-жылдын апрель айына чейин | Илимий иштер боюнча проректор | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | регламенттөөчү ички Жобону иштеп чыгуу | | Илим жана Аспирантура бөлүмү | |
| | Бакалавриат үчүн «Илимий изилдөөлөрдүн негизи», магистратура үчүн «илимий изилдөөлөрдүн методдору» деген аталыштагы милдеттуу семинарларды иштеп чыгууга арналган тегерек стол/талкууларды уюштуруу жана аталган курстарды окуу процессине киргизүү | Жаңы 2017-2018-окуу жылынын башталышына чейин | Илимий иштер боюнча проректор, магистратура департаменти | |
| | Студенттердин изилдөө иштерин (реферат, курстук иштер, дипломдор үчүн) **плагиатка** текшерүү үчүн атайын электрондук көзөмөл системаларын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | Март-апрель 2017 | ОИД Жаңы технологиялар жана дистанттык окутуу департаменти | |
| | Акыркы беш жылдын ичиндеги корголгон дипломдук (квалификациялык) жумуштардын аталыштарын камтыган базаны түзүү | Апрель 2017 | ОИД | |
| | Практиканын бардык түрлөрүн өткөрүүдө коррупциялык тобокелчиликтерди азайтуу үчүн багытталган иш-чараларды иштеп чыгуу жана аткаруу | Март 2017 - жыл ичинде | Педагогика жана Психология борбору | |
| | Бюджеттик каражаттарды оптималдаштыруу жана ресурстарды үнөмдүү колдонуу үчүн бирин бири кайталаган структуралык бөлүмдөрдү жана ашыкча штаттарды кыскартуу механизмдерин иштеп чыгуу | Жыл ичинде | ОшМУнун өнүктүрүү жана эл аралык байланыштар боюнча проректору Пландоо-экономикалык бөлүм | |
| | Билим берүүнүн сапатын башкаруу боюнча алдыңкы өлкөлөрдүн тажрыйбасына негизделген комплекстүү программаны иштеп чыгуу | Жыл ичинде | ББСД ОИД | |
| | Бүтүрүүчүлөрдүн ассоциациясын түзүү, алар менен ырааттуу иш алып баруу үчүн Карьера борборунун ишин активдештирүү | Жыл ичинде | ББСД | |
| | Окутуучуларды кабыл алуу процедурасын жакшыртуу үчүн кафедра башчылары тарабынан жумушка алынуучу окутуучуларга жана иштеп жаткан ПО курамга ар бир окуу жылы ичинде коюлуучу талаптар боюнча критерийлерди иштеп чыгуу | Январь 2017 | Деканаттар Кафедра башчылары | |
| | Окутуучуларды аттестациядан өткөрүү боюнча Университеттин Жобосуна толуктоолорду киргизүү | Февраль 2017 | Кадрлар башкармалыгы Юрист | |
| | Административдик кызмат орундарына | Өзгөртүүлөрд | Кадрлар | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | кадрларды тандоо маселесинде Өкмөттүн токтомдору, Жоболор, министрликтин буйруктарына киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен ички документтерге өзгөртүүлөрдү киргизүү | үн болуусуна ылайык | башкармалыгы Юрист | |
| | Окутуучуларды Чет өлкөлүк стажировкаларга тандап алууда/жөнөтүүдө ачыктыкты жана обүективдүүлүктү камсыз кылуу үчүн тандоо процедураларынын так регламентин иштеп чыгып сайтка жайгаштыруу | Февраль 2017 | Эл аралык байланыштар бөлүмү | |
| | Студенттердин катышуусун жана жетишүүсүн эсепке алуу үчүн, иштеп жаткан электрондук башкаруу системасындагы (AVN) электрондук текшерүү функциясын ишке киргизүү | Жыл ичинде | ОИД | |
| | Планда каралган иш-чаралардын аткарылуусун ЖМКларда чагылдырыруу иштерин жүргүзүү | Жыл ичинде | Пресс-катчы | |
| | Коопсуздук маселелерин жана студенттердин катышуу/жетишүүсүн эсепке алуу максатында университеттин окуу корпустарында жана жатаканаларында Турникеттерди орнотуу | Биринчи этап Февраль 2017 андан кийин графикке ылайык | Жаңы технологиялар жана дистанттык окутуу департаменти | |
| | Университеттин жалпы окуу корпустарында жана жатаканаларында көзөмөлдү күчөтүү, маалымат коопсуздугун камсыздоо, "булуттук" технологияларга үчүн DATACENTERди түзүү | Февраль 2017 | Жаңы технологиялар жана дистанттык окутуу департаменти | |
| | Бюрократиялык жана коррупциялык элементтерди минимизация жасоо үчүн электрондук документ жүргүзүүнү киргизүү (EDOC AVN). | Жыл ичинде | ОИД Кадрлар башкармалыгы | |
| | ***ОшМУнун факультет, колледжеринде "Ректор жана студенттик акыйкатчы үчүн" кат байланыш кутучаларын уюштуруу*** | Февралдан баштап | Студенттик акыйкатчы, АЧД | Бардык окуу имараттарында |
| | ***"Ректорго кат" ректор менен студенттердин, жамааттын электрондук байланышын түзүү үчүн атайын ректордун электрондук дарегин ачуу жана аны жамаатка жайылтуу*** | Февралдан баштап | Ректордун жардамчысы | |
| | ***Сессия мезгилдеринде "Ишеним телефондорун" уюштуруу жана аны студенттерге кабарлоо*** | Сессия учурунда | Студенттик акыйкатчы | |
| | ***Сессия мезгилдеринде "Таза сессия үчүн!" аттуу коррупцияга каршы күрөшүү коомдук*** | Сессия учурунда | Ректор | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ***комиссиясын жана штаб түзүү*** | | | |
| | Паракорчулуктун алдын алуу боюнча аналитикалык борбор түзүү жана анкеталарды, сурамжылоолорду, мониторингдерди уюштуруу | Сессия учурунда | Студенттик акыйкатчы | Бардык структурала рда |
| | ***Укук коргоо органдарынын студенттер жана профессордук-окутуучулук курам менен профилактикалык жолугушууларын өткөрүү*** | Сессия алдында | Профсоюз уюмдары | Бардык структурала рда |
| ИЛИМ БАГЫТЫНДА | | | | |
| | Изденүүчүлөр жана аспиранттар тарабынан университеттеги диссертациялык кеңештерге, аспирантура жана илим бөлүмүнө, же болбосо, тиешелүү кафедраларга спонсордук жардам көрсөтүүгө жол берилбестигин камсыз кылуу. | | Илимий иштер боюнча проректор | |
| | Изденүүчүлөр жана аспиранттардын темалары бекитилгендиги жөнүндөгү буйруктарды, алардын аспирантурадагы окуу процесси менен байланышкан маалыматтарды университеттин сайтына жайгаштыруу. | Жыл бою | Илим жана аспирантура бөлүмү | |
| | "Илимий изилдөөлөрдүн усулдары" аттуу кыска мөөнүттүү курстун программасын иштеп чыгуу. Ал курстун талкуусун жетекчи илимпоздордун катышуусу менен изденүүчүлөр жана аспиранттарга тегерек стол, семинар, "жайкы мектеп" ж.б.у.с. иш чаралар аркылуу уюштуруу. | май | Илим жана аспирантура бөлүмү | |
| | Университет окумуштууларынын дүйнөнүн башка өлкөлөрүнүн окумуштуулары менен илимий пикирлерди, идеяларды алмашууларын жандандыруу, илимий эмгектеринин натыйжаларынын эффектүүлүгүн анализдөө жана баалоо максатында алардын илимий электрондук библиотекага (РИНЦке) катталуусун ишке ашыруу. | Жыл бою | Илим жана аспирантура бөлүмү, декандын(директордун) илимий иштер боюнча орун басарлары | |
| | Университеттин "ОшМУ жарчысы" журналынын толук электрондук версиясын OshSU.kg жана eLIBRARY.RU (РИНЦ) сайттарына жайгаштыруу. | Жыл бою | | |
| | Ош мамлекеттик университетинин алдында ачылган бардык диссертациялык кеңештердин ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык комиссиянын диссертацияларды коргоодогу коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын тороо менен байланышкан буйруктарынын жана башка нормативдик көрсөтмөлөрүнүн так аткарылышын көзөмөлгө алуу | Жыл бою | Илимий иштер боюнча проректор | |

## Ош мамлекеттик университетинин Гимни

***Сөзү:*** ***А. Барпиевдики***
***Музыкасы:*** ***К.Жумабаев жана И. Кебековдуку***

Кыргыз жери - элдин улуу дастаны,
Нурга бөлөп, бейпил, ачык асманы,
Ата журттун ак батасы төгүлүп,
Акыл бешик ордосу бол, Ош шаары.

***Кайырма:***

*Куту сенсиң, университет, кыргыздын,*
*Ырыс, бакыт уул кызыңа тургуздуң,*
*Жарык чачып, жылдыз болуп жайнаган,*
*Жаштыгысың жалындаган турмуштун.*

Баары сенде: өнөр, турмуш сырлары,
Бийик сезим, билим, сүйүү, ыр дагы.
Илим көчү кылымдарды карытып,
Окумуштуу көктө Чолпон таңдагы.

***Кайырма:***

*Куту сенсиң, университет, кыргыздын,*
*Ырыс, бакыт уул-кызыңа тургуздуң,*
*Жарык чачып, жылдыз болуп жайнаган,*
*Жаштыгысың жалындаган турмуштун.*

Мезгил өтөт убакытты камчылап.
Университет жанып турган шам чырак.
Чырпыктарың чынар окшоп жетилип,
Кучак жайып гүлдөп өскүн жаркырап.

***Кайырма:***

*Куту сенсиң, университет, кыргыздын,*
*Ырыс, бакыт уул-кызыңа тургуздуң,*
*Жарык чачып, жылдыз болуп жайнаган,*
*Жаштыгысың жалындаган.*